**ЖУРНАЛ 2004-ЖЫЛЫ
НЕГИЗДЕЛГЕН**

**ЖУРНАЛ ОСНОВАН
В 2004 ГОДУ**

**ISSN 1694-8106**
**Индекс 77366**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН**

# КАБАРЛАРЫ

# ИЗВЕСТИЯ

**КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ**

**№ 3 (67)**

**Бишкек – 2025**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Жылына 3 саны басылып чыгарылат**

**Негиздөөчүсү: Кыргыз билим берүү академиясы**

**Башкы редактору**
**Мамытов А.М.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын академиги

**Башкы редактордун орун басары**
**Дюшеева Н.К.** – педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Жооптуу катчы**
**Дербишова Н.А.**

**Редакторлор: Карамолдоева С.К., Дуйшо кызы М.**

**Редколлегия мүчөлөрү:**

| | |
|---|---|
| **Байгазиев С.О.** | **филология илимдеринин доктору, профессор, КББАнын академиги** |
| **Добаев К.Д.** | **КББАнын мүчө-корреспонденти педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Рысбаев С.К.** | **КББАнын мүчө-корреспонденти педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Син Е.Е.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Асипова Н.А.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Калдыбаев С.К.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Муратов А.Ж.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Мааткеримов Н.О.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Мамбетакунов У.Э.** | **педагогика илимдеринин доктору, профессор** |
| **Токтомаметов А.Д.** | **педагогика илимдеринин кандидаты** |
| **Иманкулов М.К.** | **педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** |
| **Ниязова А.М.** | **педагогика илимдеринин кандидаты** |
| **Коңурбаев Т.А.** | **психология илимдеринин кандидаты** |

Редакциянын дареги: Бишкек ш., Эркиндик гүлбагы, 25

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Периодичность: 3 выпуска в год**
**Учредитель: Кыргызская академия образования**

**Главный редактор**
**Мамытов А.М.** – доктор педагогических наук, профессор, академик КАО

**Заместитель главного редактора**
**Дюшеева Н.К.** – доктор педагогических наук, профессор

**Ответственный секретарь**
**Дербишова Н.А.**

**Редакторы: Карамолдоева С.К., Дуйшо кызы М.**

**Редколлегия:**

| | |
|---|---|
| **Байгазиев С.О.** | **доктор филологических наук, профессор, академик КАО** |
| **Добаев К.Д.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Рысбаев С.К.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Син Е.Е.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Асипова Н.А.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Калдыбаев С.К.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Муратов А.Ж.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мааткеримов Н.О.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мамбетакунов У.Э.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Токтомаметов А.Д.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Иманкулов М.К.** | **кандидат педагогических наук, доцент** |
| **Ниязова А.М.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Коңурбаев Т.А.** | **кандидат психологических наук** |

Адрес редакции: г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 25

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ

## ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ

## EDUCATION AND INNOVATION

***Абакир Мамытов,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: abakir.mamytov@mail.ru***

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАКСАТЫ, МОДЕЛИ ЖАНА МАЗМУНУНУН ЭВОЛЮЦИЯСЫ: ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК ЖАНА ИЛИМИЙ-АНАЛИТИКАЛЫК СЕРЕП

***Абакир Мамытов,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: abakir.mamytov@mail.ru***

# ЭВОЛЮЦИЯ ЦЕЛЕЙ, МОДЕЛИ И СОДЕРЖАНИЯ ШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ: НОРМАТИВНО-ПРАВОВОЙ И НАУЧНО-АНАЛИТИЧЕСКИЙ ОБЗОР

***Abakir Mamytov,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: abakir.mamytov@mail.ru***

# EVOLUTION OF THE GOALS, MODEL AND CONTENT OF SCHOOL EDUCATION IN KYRGYZSTAN: A REGULATORY AND SCIENTIFIC-ANALYTICAL REVIEW

***Аннотация:*** *Бул макалада эгемен Кыргызстандагы мектептик билим берүүнүн 30 жылдан ашык убакыттагы максаттык, моделдик жана мазмундук өзгөрүүлөрүнүн эволюциясы талдоого алынат. Конституциянын 1993–2021-жылдардагы редакцияларынын нормалары, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдын үч муунунун укуктук-методологиялык өзгөчөлүктөрү, 6 жаштан окутуу маселеси, он эки жылдык билим берүүгө өтүүнүн ички жана сырткы өбөлгөлөрү, компетенттүүлүк мамиле жана функционалдык сабаттуулуктун мектептик билим берүүнүн жаңы мазмунун аныктоодогу ролу системалуу изилденет. Жыйынтыгында, билим берүүнүн өнүгүүсүнө дүйнөлүк тенденциялар, ЮНЕСКОнун классификациялары, PISA эл аралык баалоо программасы, улуттук идеологиялык документтер олуттуу таасир эткени тастыкталды.*

***Аннотация:*** *В статье проводится анализ эволюции целей, модели и содержания школьного образования Кыргызстана за более чем тридцатилетний период независимости. Исследуются нормы Конституции в редакциях 1993–2021 годов, три поколения Закона «Об образовании», вопросы начала обучения с шести лет, внутренние и внешние предпосылки перехода на двенадцатилетнее обучение, роль компетентностного подхода и функциональной грамотности в формировании обновленного содержания образования. Результаты исследования подтверждают значительное влияние мировых образовательных тенденций, классификаций ЮНЕСКО, международной программы PISA и национальных идеологических документов на развитие школьного образования в Кыргызстане.*

***Annotation:*** *This article analyzes the evolution of the goals, model, and content of school education in the Kyrgyz Republic over more than thirty years of independence. It examines the constitutional norms in their 1993–2021 editions, the three generations of the Law "On Education," the issue of starting school at the age of six, internal and external prerequisites for transitioning to a 12-year education system, and the role of the competency-based approach and functional literacy in shaping the updated curriculum. The findings confirm that global educational trends, UNESCO classifications, the PISA international assessment program, and national ideological documents have significantly influenced the development of school education in Kyrgyzstan.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мектеп билим берүү, билим берүү реформасы, укуктук анализ, компетенттүүлүк мамиле, функционалдык сабаттуулук, он эки жылдык билим берүү.*

***Ключевые слова:*** *школьное образование, образовательная реформа, нормативно-правовой анализ, компетентностный подход, функциональная грамотность, двенадцатилетнее образование.*

***Key words:*** *school education, educational reform, legal analysis, competency-based approach, functional literacy, twelve-year education.*

**Киришүү.** Билим берүүгө багыт берүүчү жетектөөчү идеялар бийликтин мыйзам чыгаруучу бутагы тарабынан кабыл алынат. Алар мыйзамдык актылардын эки негизги категориясына таандык: 1) Конституция жана мыйзамдар; 2) Президенттин Жарлыктары, Министрлер Кабинетинин токтомдору жана тескемелери. Изилдөөлөр бул документтер мектептик билим берүүнүн максатын, моделин жана мазмунун түзүүдө чечүүчү ролду ойной турганын көрсөттү. Мектептик билим берүүдө компетенттүүлүк мамиле жана функционалдык сабаттуулук мектеп билиминин мазмунун иштеп чыгууда маанилүү методологиялык негиз катары таанылды.

**Методология.** Изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду: ченемдик-укуктук актыларды талдоо; адабий булактарды салыштыруу жана жалпылоо; моделдик жана мазмундук өзгөрүүлөрдү системдүү анализдөө; тарыхый-логикалык реконструкциялоо. **Объект** – эгемендик жылдарында кабыл алынган билим берүү тармагындагы ченемдик-укуктук актылар, **предмет** – мектептик билим берүүдөгү максаттык, моделдик жана мазмундук өнүгүш динамикасы.

**Натыйжалар жана талдоо.** Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясында (1993-жыл, 5-май) билим берүүгө тийиштүү бир катар максаттык жана укуктук нормалар каралган. Эгемендик жылдары Конституция 6 ирет өзгөргөнү (1994, 1996, 1998, 2003, 2007, 2010-жж.), алар мамлекеттик башкаруу формасына жана бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарына карата киргизилгени белгилүү. Соңку Конституция да (2021-жыл, 5-май) мамлекеттик башкаруу формасын өзгөртүү, ошону менен бирге билим берүүдөгү максаттык жана укуктук нормаларды заман чакырыктарына шайкеш келтирүү миссиясын аткарды.

Алгачкы Конституцияда билим берүү маселелери ар бир жарандын билим алууга, жалпы негизги билим милдеттүү, аны ар бир адам мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда акысыз алууга укуктуу экендиги белгиленген. Ошондой эле мамлекет ар бир

жаранды мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен тартып негизги билим берүүгө чейин мамлекеттик тилди жана эки эларалык чет тилди окутуп-үйрөтүүгө шарттарды түзөөрү, ар бир жаран акысыз, ошондой эле акы төлөп билим алууга укуктуу экендиги (32-берене) каралган. Совет доорундагы Конституциялык нормалардан айырмаланып билим берүүдө мамлекеттик тилди окутуу жана акы төлөп билим алуу нормалары алгачкы ирет киргизилген [1].

Соңку Конституцияда жогоруда белгиленген нормалар такталган жана төмөндөгү тартипте тариздελген: «ар бир адам билим алууга укуктуу»; «негизги жалпы билим алууга милдеттүү»; «ар бир адам мамлекеттик билим берүү уюмдарында мектепке чейинки, жалпы негизги, орто жалпы жана баштапкы кесиптик билимди акысыз алууга укуктуу»; «мамлекет мектепке чейинки билим берүүдөн баштап орто жалпы билим берүү уюмдарына чейин ар бир жарандын мамлекеттик, расмий жана башка бир чет тилди окуп-үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзөт»; «мамлекет мамлекеттик, муниципалдык, жеке менчик жана башка формадагы окуу жайларын өнүктүрүү үчүн бирдей шарттарды түзөт», – деген нормаларды камтыды (46-берене). Жаңы нормалардын курамын «кесиптик билимди акысыз алуу укугу», «окуу жайлардын менчик формаларын (мамлекеттик, муниципалдык, жеке менчик жана башка) так көрсөтүү», «мектепке чейинки билим алууга олуттуу көңүл буруу» түзөт. Ошондой эле мамлекеттин «ар бир адамдын билим алуу укугуна кепилдик кылуусу», «менчиктин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында билим берүүнүн бардык түрлөрүн жана формаларын колдоору», «ар бир окуучуга, окутуунун сапатына жана педагогикалык кызматкерлердин статусун жогорулатууга камкордук көрөөрү», «мамлекеттик билим берүү уюмдарынын ишин каржылоосу жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылаары» (22-берене) да баса белгиленген [2].

Конституциялык нормалар эреже катары тармактык мыйзам тарабынан өркүндөтүлөт жана аларды ишке ашыруу жолдору тастыкталат. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы эгемендик жылдары үч ирет жаңыланды (1992, 2003 жана 2023-жж.). Жаңы муундагы мыйзамдарды кабыл алуу аралыктары ар кандай багыттагы өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен коштолуп жатты. Биздин аналитикалык сереп алардын жалпы саны отузга жеткенин, сегизи 2012-чи, жыйырма экиси 2020-жылдарга карата киргизилгенин тастыктады [3, 6 бет]. Башкача айтканда, тармактык мыйзамдын талаптарын мезгил чакырыктарына шайкеш келтирүү аракети тынымсыз көрүлүп турду.

Алгачкы мыйзамдын мектептик билим берүүнүн өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы зор. Мыйзамга карата адистик жана коомдук пикир оң болгонун да белгилөө зарыл. Анткени, мыйзамдагы идеялар, совет доорундагы көз караштан айырмаланып, олуттуу өзгөрүүлөрдү демилгелөөгө жана ишке ашырууга мүмкүндүк берген укуктук базаны постсоветтик өлкөлөрдүн арасында алгачкылардан болуп түптөгөн. Алардын негизгилери билим берүү мекемелеринин окутуу, тарбия берүү, ишмердүүлүк багыттары жана менчик формалары ар түрдүү болоору, таланттуу окуучуларды тандоо жана чыгармачылык менен өнүгүшүнө шарт түзүү ж.б.у.с. нормалар экендигин баса көрсөтүү зарыл.

Бирок, алгачкы мыйзамга мүнөздүү бир катар кемчиликтер да орун алган. Аны мыйзамдын мазмундук белгилерин так аныктаган, аларды чечмелөөдө жана ишке ашырууда адистик олуттуу роль ойногон «негизги терминдер жана түшүнүктөр беренеси өз алдынча каралбаганы бышыктайт. Логикалык көз караштан алганда негизги терминдердин жана түшүнүктөрдүн илимий жактан такталып турушу кадересе көрүнүш. Аны КМШ өлкөлөрүнүн мыйзам чыгаруу тажрыйбасы, 1999-жылы Парламенттер аралык ассамблея сунуштаган «Билим берүү жөнүндө моделдик мыйзам» [4], 2012-жылы «Гуманитардык кызматташтык боюнча мамлекеттер аралык фонд» (МФГС) иштеп чыккан «Көз карандысыз мамлекеттерге мүчө

мамлекеттердин билим берүү тармагындагы макулдашылган терминдердин жана аныктамалардын сөздүгү» [5] тастыктайт. Жалпылап айтканда эгемендик жылдардагы мектептик билим берүүнүн максаттык, моделдик жана мазмундук өсүп-өнүгүшү белгилүү бир деңгээлде жогоруда белгиленген жагдайлар менен тыгыз байланышта болду.

Алгачкы мыйзамга кайрылып мектептик билим берүү түшүнүгү кеңири колдонулганын, улуттук билим берүү системасынын негизги звеносу катары таанылганын, моделдик өңүттө үч баскычтан турганын белгилейбиз. Алар башталгыч (1-4-класс), негизги (5-9-класс) жана орто билим берүү (10-11-класс) баскычтары эле [6]. Аталган моделдик белгилер узак жылдар бою колдонулду жана соңку мезгилдеги мектеп билимин 12 жылдык билим берүүгө трансформациялоо программасы кабыл алынгандан кийин өзгөртүлдү [7].

Мыйзамдык көз караште мурда колдонулуп келген «мектептик билим берүү баскычы» түшүнүгү «деңгээл» түшүнүгү менен алмаштырылды жана билим алуу мөөнөттөрү олуттуу өзгөртүлдү. Мурдагы тажрыйбадан айырмаланып башталгыч билим берүү 1-6-чы, негизги билим берүү – 7-9-чу жана орто билим берүү 10-12-класстарда орун алмакчы болду. Ар бир деңгээлдин максаты так аныкталды жана анын акыркы деңгээли профилдик окутуу багытын карманаары киргизилди [8].

Алгачкы мыйзамдагы максаттык маселеге кайрылып анын жалпы жонунан аныкталганын (коомдун талаптарын жана инсандын калыптанышын эске алуу менен окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырат), ошол эле мезгилде ар бир баскычка карата такталбаганын байкоого болот. Максаттык багыттагы үч түшүнүк (билим, билгичтик жана көндүм) негизинен советтик педагогика илиминде түптөлгөнүн жана билим берүүнүн мазмундук багытын аныктоодо методологиялык роль ойногонун да четке кагууга болбойт. Орун алган тенденция узак жылдар бою орун алды жана 2014-жылдары өзгөрүүгө дуушар болду. Анын өзөгүн күтүлүүчү натыйжага карата негизги басымды жасоо, мектеп бүтүрүүчүсүнүн компетенттүүлүгүн калыптандыруу идеясы түздү жана мамлекеттик билим берүү стандартын жаңылоо менен коштолду [9].

Мындай жаңылануунун себеби дүйнөлүк тажрыйбада мектеп билиминин натыйжалуулугу салыштырма изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянары менен түшүндүрүлөт. Бул өңүттө PISA (Programme for International Student Assessment) аталыштагы 15 жаштагы окуучулардын билимдеги жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасы (2000) маанилүү роль ойнойт. 3 жылда бир ирет жүргүзүлүүчү салыштырма изилдөөлөрдүн жыйынтыктары өлкө жетекчилерине тийиштүү саясий чечим кабыл алууга мүмкүндүк берет. Мындай жагдай XXI кылымдын башында КМШ өлкөлөрүнүн арасында алгачкылардан болуп Кыргызстанда орун алды. Биздин окуучулар эки ирет PISA изилдөөлөрүнө катышып (2006;2009), тилекке каршы, экөөндө тең акыркы орунду ээлешти. Ага байланыштуу, мектеп билиминин мазмунун олуттуу реформалоо, жаңы муундагы билим берүү стандартын, окуу программаларын жана окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу чечими кабыл алынды [10]. Билим берүү процессин күтүлүүчү натыйжага багыттап уюштуруу, билим алуучулардын окуу жетишкендиктерин объективдүү баалоо инструментарийлерин иштеп чыгуу жана көз карандысыз баалоо институттарын кеңири жайылтуу менен коштолду.

Мазмундук маселеге кайрылып анын тартипке келтирүү чарасы көрүлгөнүн белгилейбиз. Мыйзамдык деңгээлде «мамлекеттик билим берүү стандарты» түшүнүгү киргизилгенин (1992), анын мааниси өтө жогору болгондугун тастыктайбыз. Анткени, билим берүү мекемелерине берилген эркиндик (окутуу, тарбия берүү, ишмердүүлүк багыттары, менчик формалары боюнча ар түрдүү болуу укугу) бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээли эквиваленттүү экендигин тастыктоо зарылдыгын курчутту, ар түрдүү типтеги

жана түрдөгү окуу жайлардан берилген документтерди расмий таануу маселесин алдыңкы позицияга чыгарды.

Соңку мезгилдеги адистик жана жалпы коомчулуктун бүйүрүн кызыткан маселе мектеп билимин 12 жылдык билим берүүгө трансформациялоо маселеси болду. Мындай өзгөртүүлөрдүн өбөлгөлөрү катары бир катар олуттуу жагдайлардын эске алынганын белгилейбиз. Орчундуу сырткы өбөлгөлөр катары төмөндөгүлөр таанылды: дүйнө жүзүндө 156 өлкөдө 12 жылдык мектептик билим берүү модели колдонулат; мектеп билиминин натыйжалуулугун аныктаган PISA изилдөөлөрүнүн тыянактарына караганда алдыңкы 30 орунду ээлеген өлкөлөрдө 12 жылдык билим берүү ишке ашырылат; 12 жылдык билим берүүгө окуучулар 6 жаштан баштап тартылат, бирок билим берүүнүн модели ар түрдүү болот жана жалпы натыйжага ар кандай таасир тийгизет; XXI кылымдын алгачкы жылдарына мүнөздүү Европа өлкөлөрүнүн мектеп билиминдеги лидерлик позициясы 2015-жылдардан баштап Чыгыш өлкөлөрүнө өтүү тенденциясы орун алып келет; батыш өлкөлөрүнөн айырмаланып чыгыш өлкөлөрүндөгү билим берүүнүн миссиясы жана мазмуну күтүлүүчү натыйжага карата айырмаланат; күтүлүүчү натыйжалардын борборунда коомдук маанилүү баалуулуктар турат [11].

Аталган өбөлгөлөрдүн экөөсүнө кайрылып төмөндөгү тенденцияларга токтолобуз. Биринчиден, билим берүүгө окуучуларды 6 жаштан тартуу дүйнөлүк масштабда кеңири жайылган, бирок конкреттүү жаш курагы ар түрдүү. Мисалы, мектепте милдеттүү окууну баштоо курагы Венгрияда 3, Нидерланды, Австралияда 5, дээрлик көпчүлүк өлкөлөрдө 7 жашка чейин кездешет. Кыргыз Республикасынын башкы педиатрынын көз карашына таянып өлкөбүздүн балдары социалдык, психологиялык жана физиологиялык жактан даяр жана биринчи класска 6 жаштан баштап кабыл алса болот деген тыянакка келдик. Моделдик ар түрдүүлүктүн таасири соңку чейрек кылымда 12 жылдык билим берүүгө өткөн өлкөлөрдүн мисалында тастыкталды (табл.). Негизги чечим 6+3+3=12 модели ынанымдуу деген маалыматка негизделди.

*11 жылдык билим берүүдөн 12 жылдык билим берүүгө өткөн өлкөлөрдүн PISA-2022 изилдөөлөрүндөгү рейтингдик көрсөткүчтөрү*

*1-таблица.*

| № | Өлкө | Модель | PISA-2022 изилдөөсүндө ээлеген деңгээли |
|---|---|---|---|
| 1 | Польша | 6+3+3/4=12/13 | Жогору |
| 2 | Грузия | 6+3+3=12 | Төмөн (60-орун) |
| 3 | Монголия | 5+4+3=12 | Төмөн |
| 4 | Филиппин | 6+4+2=12 | Төмөн |
| 5 | Турция | 4+4+4=12 | Орто (38-орун) |
| 6 | Онтарио, Канада | 6+6=12 | Жогору |

Экинчиден, билим берүүнүн миссиясы жана мазмуну күтүлүүчү натыйжаларга карата аныкталышы, күтүлүүчү натыйжалардын борборунда коомдук маанилүү баалуулуктардын туруу тенденциясы олуттуу роль ойноду. Мындай чечимге соңку мезгилге мүнөздүү орун алган ички өбөлгөлөрдүн таасири чоң болду. Алардын негизгиси катары Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу аталыштагы доктринасын [12] жана 2021-2026-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында «Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү» Концепциясын [13] белгилейбиз.

Моделдик жана мазмундук жаңыланууда оңойго турган жок. Алардын ченемдик-укуктук актыларда кандай өңүттө каралганына кайрылып төмөндөгүлөрдү белгилейбиз.

**Биринчиден,** эгемендик жылдары тармактык мыйзам үч ирет жаңыланды. Аны 1-чи муундагы мыйзамдын 2-чи жана 3-чү муундагы мыйзамдар менен жаңылоодо Кыргызстандын ыкчамдыгы далилдейт. Эгерде 2-чи муундагы мыйзамды кабыл алууга Россия Федерациясы 20 (2012), Беларуссия, Казакстан 15 (2007) жыл убакыт аралыгында даяр болушса, Кыргызстан 11 жылда жетишти (2003) жана башка КМШ өлкөлөрүнөн айырмаланып 3-чү муундагы мыйзамды да кабыл алды (2023).

**Экинчиден,** Кыргызстандагы 2003-жылы кабыл алынган мыйзамдын концептуалдык өзөгүн ЮНЕСКО сунуштаган билим берүүнүн эл аралык стандарттык классификациясы (МСКО-1996), коомдун жашоосундагы рыноктук мамилелердин тереңдеши, дүйнөлүк билим берүү аймагынын чакырыктары, улуттук билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү аймагына жуурулуштуруу ж.б.у.с. тенденциялар түздү. Ал эми 2023-жылы кабыл алынган мыйзамда билим берүү тармагындагы мамилелерди Кыргыз Республикасынын жаңыдан кабыл алган Конституциясынын талаптарын жетекчиликке алуу менен жөнгө салуу, билим берүүнү ведомстволук башкарууга негизделген бир нече мыйзамдардын ордуна бир мыйзамга топтоштуруп-бирдиктештирүү, буга чейин орун алып келген укуктук коллизияларды жоюу жана заманбап чакырык-тенденцияларды жетекчиликке алуу максатында ишке ашырылды.

**Үчүнчүдөн,** мектеп билимине окуучуларды 6 жаштан тартуу маселесине кайрылып билим алууга эрте жаштан тартуу дүйнөлүк масштабда негизинен кеңири жайылганын, бирок окуучунун конкреттүү жаш курагына карата анын ар түрдүү экендигине жогоруда токтолдук. Тийиштүү чечимди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын башкы педиатры Ш. Сулаймановдун [14] «кыргыз балдарынын социалдык, психологиялык жана физиологиялык даярдыгын, ошондой эле дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен биринчи класска 6 жаштан баштап кабыл алса болот», – деген пикири эске алынды. Илимий изилдөөлөргө кайрылып профессор Н.А. Асипованын «Окутуу жана өнүгүү» аттуу монографиясында [15, 47-бет] төмөндөгүдөй маалымат орун алаарын да белгилейбиз. «Акыркы 75-100 жылдын ичинде жаңы төрөлгөн баланын салмагы 2,0-4,7 кг түзүп, орточо эсеп менен 7% га жогорулайт, салмактын өсүү темпи 100-300 граммды түзөт. Ал эми жаңы төрөлгөн баланын бою мурдагы доорго салыштырмалуу 1% чоңураак (500 граммга чейин), баланын салмагынын эки эсе өсүшү 5-6 айлыгында эмес, 4-4,5 айлыгында байкалганы да тастыкталган. Ошол эле учурда 5,5 жаштагы баланын салмагы жана бою 1980-жылдагы 7 жаштагы бала ээ болгон салмакка ээ болгон. Демек, балдар биринчи класска социалдык жактан бир топ жеткиликтүү өнүккөн абалда келишет, – деген тыянак негизделген.

Мыйзамдык актыларга кайрылып 1-чи муундагы мыйзамда «балдарды мектепте окутуу ата-энелердин жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн каалоосуна жараша, эреже катары, 7 жаштан кечиктирилбестен башталышы милдеттүү» (16-берене) деп белгиленсе, 2-чи муундагы мыйзамда тийиштүү норма бир аз өзгөртүүгө дуушар болуп окутууну 6-7 жаштан баштоого уруксат берген (16-берене). Ошол эле мезгилде, 2-чи муундагы мыйзамда мектеп билиминин баскычтары, окутуу мөөнөттөрү жана мамлекет кепилдик кылган шарттары так аныкталып [16] башталгыч билим берүү 1-4-чү, негизги билим берүү 5-9-чу, жалпы орто билим берүү 10-11-класстарда ишке ашат деп белгиленген.

Мамлекет жарандардын мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде акысыз жалпы орто билим алуу укугун ишке ашырууну камсыз кылаары так көрсөтүлгөн. Мектептик билим берүү инсандын коомдогу активдүү ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү болгон өзүнүн баскычтарына

ылайык келген билимди, билгичтикти, практикалык көндүмдөрдү жана өнүгүүнү камсыз кылат жана кесипке жана квалификацияга ээ болуу үчүн база болуп кызмат кылаары белгиленген. Мектепте билим алуунун башталышын бир аз төмөндөтүү менен бирге ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес болуу талабы коюлган. Аталган талаптар мурдагы билим берүү мыйзамына караганда бир топ прогрессивдүү идеяларга негизделген деп баалоого татыктуу.

3-чү муундагы мыйзамга кайрылып балдарды мектепке тартуу тартиби өзгөргөнүн, б.а. окуучунун жаш курагын аныктоо укугу Министрлер Кабинетине жүктөлгөнүн көрөбүз. Тактап айтканда, мыйзамда «Балдарды мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмуна кабыл алуу Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте жүзөгө ашырылат», – деген жаңы норма киргизилген (8-глава, 4-пункт). Ошол эле учурда, мектеп билиминдеги «билим берүү баскычы» (ступень образования) түшүнүгү «билим берүү деңгээли» (уровень образования) түшүнүгү менен алмаштырылган. Мындай өзгөртүү структуралык түзүмдөрдүн санын ЮНЕСКО сунуштаган классификациянын талаптарына (МСКО-2011) дал келтирүү аракети деп баалоого татыктуу. Бирок, алардын аталыштары, биздин оюбузча, тийиштүү окшоштукка жеткирилген эмес. Мисалы, эл аралык классификацияда биринчи деңгээл «башталгыч билим», экинчи деңгээл – «орто билим берүүнүн биринчи этабы», үчүнчү деңгээл – «орто билим берүүнүн экинчи этабы» деп аталат. Ал эми биздин мыйзамда «башталгыч жалпы» (биринчи деңгээл), «негизги жалпы» (экинчи деңгээл) жана «орто жалпы билим берүү» (үчүнчү деңгээл) аталыштары колдонулган.

Мектептик билим берүүнүн максатына кайрылып 2-чи муундагы мыйзамда анын билим берүүнүн биринчи баскычына карата так аныкталганын, ал эми экинчи жана үчүнчү баскычтарына карата толук кандуу жана так маалыматтын каралбаганын белгилейбиз. Биринчи баскычта (башталгыч жалпы билим берүүдө) баланын инсандыгын калыптандыруу, анын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, окуп жаткан тилде бекем эсептөө, окуу жана жазуу көндүмдөрүн, ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилдерде баарлашуу көндүмдөрүн түзүү максатын көздөөрү көрсөтүлгөн. Ал эми калган баскычтарга карата (негизги жана орто жалпы билим берүүдө) тийиштүү шарттарды камсыз кылууга басым жасалган. Натыйжада, мыйзамдык норма катары экинчи баскычты бүтүргөн окуучулар үчүнчү баскычта акысыз окууну улантуу мүмкүнчүлүгү да каралган. Эгерде окууну улантууну каалабаган учурда окуучу кесиптик башталгыч же кесиптик орто билим берүү уюмдарынан билим алууга милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн. Ага байланыштуу, экинчи баскычтагы мектеп билими башталгыч жана орто кесиптик билим алууга, ал эми үчүнчү баскычтагы мектеп билими жогорку кесиптик билим алууга зарыл болгон фундаменталдык теориялык даярдыкты, инсандын жалпы маданиятын калыптандырууну жана окуп жаткандардын таламдары жана жөндөмдөрү боюнча профилдик терендетилген даярдоону камсыз кылаары белгиленген. Белгилүү бир деңгээлде жогоруда белгиленген жоболорду мектеп билиминин экинчи жана үчүнчү баскычтары көздөгөн максатты мүнөздөйт деген бүтүм чыгарууга негиз болот.

Ал эми үчүнчү муундагы мыйзамда мектеп билимин максаты тыкыр тактоолор менен коштолгон. Башталгыч жалпы билим берүү баланын өздүгүн, функционалдык сабаттуулугун, мамлекеттик жана расмий тилдерде баарлашуу көндүмдөрүн калыптандырууга (8-глава, 5-пункт), негизги жалпы билим берүү билим алуучунун функционалдык сабаттуулугун, окуу-таанып-билүү ишинде заманбап компетенцияларын, маданий-нарктык багыттарын жана өз алдынча билим алууга умтулуусун калыптандырууга багытталаары (6-пункт), ал эми орто жалпы билим берүү жалпы билим берүүнүн жыйынтыктоочу баскычы болуп саналаары жана алган көндүмдөрүн күнүмдүк турмушта

пайдаланууга, адистештирилген жөндөмдөрүн, билим алуучунун кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө, профилдик билим берүүгө, андан ары кесиптик өсүүсүн жана карьера тандоосун калыптандырууга багытталаары (7-пункт) баса көрсөтүлгөн. Башка сөз менен айтканда мыйзамдык максаттык талаптар мектеп билим берүүсү күтүлүүчү натыйжага карата багыт алышы, методологиялык өзөгү катары таанылган компетенттүүлүк мамиленин кеңири жайылышы жана алардын ар бир деңгээлге карата такталышы менен коштолгон.

Эгемендикке ээ болгон жылдардагы мектеп билиминин моделдик өнүгүү компонентине кайрылып анын совет доорунда калыптанган үлгүсү узак жылдар бою дээрлик сакталып келгенин байкайбыз, ал эми билим берүүнүн мөөнөтүнө кайрылып тарыхый өңүттө бул көрсөткүч эки ирет өзгөргөнүн тастыктайбыз. Биринчи ирет 10 жылдык билим берүүдөн 11 жылдык билим берүүгө өтүү эгемендикке ээ болгон алгачкы жылдары орун алса (1996-ж.), 11 жылдык билим берүүдөн 12 жылдык билим берүүгө өтүү демилгеси 2024-жылы демилгеленине күбө болобуз.

Албетте, мындай демилгени ишке ашыруу узак убакытты талап кылаары белгилүү, анткени мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын, ар бир предметтин предметтик стандартын жана окуу программаларын иштеп чыгуу, алардын негизинде жаңы муундагы окуу-методикалык куралдарды жазуу, илимий-методикалык экспертиза жүргүзүү, апробациялоо, андан соң массалык тираж менен басып чыгаруу жана мектептерди камсыз кылуу түйшүктүү жумуш экени талашсыз. Андан да олуттуусу жаңыдан иштелип чыккан мектеп билиминин мазмунун жана методикасын өздөштүрүү менен байланышкан мугалимдердин адистик даярдыгын жакшыртуу, квалификациясын жогорулатуу, ар бир предметке карата кайра даярдоодон өткөрүү жана жаңы формациядагы жогорку билимдүү педагогикалык кадрларды даярдоону жогорку окуу жайлардын шартында жолго коюу көйгөйлөрү күн тартибине коюлду.

Мектеп билимин алууга 6 жаштан баштап тартуу шарты ири шаарларда олуттуу көйгөй жаратканын да белгилөө зарыл. Өзгөчө, Бишкек жана Ош шаарларында мектептик билим берүү уюмдарынын жетишсиздиги, СанПиндин (Санитарные правила и нормы) окуучуларды класстарга жайгаштыруу талабын аткаруу, окуучуларды эки-үч смена менен окутуу тажрыйбасын чектөө, шаардагы автомашина тыгындарынын өсүшү менен байланышкан көйгөйлөр оор болуп коомчулуктун жана бийлик бутактарынын бүйүрүн кызытып турду. 12 жылдык билим берүүгө өтүү демилгесин Жогорку Кеңештин бир катар депутаттары байма бай сындап турушту. Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү чечүү жаңы чечимдерди кабыл алуу менен коштолду.

Окуу-методикалык комплекстерди басып чыгаруу жана мектептерге өз убагында жеткирүү маселесин каржылоо алгачкы ирет мамлекет тарабынан колго алынды жана окуучуларга бекер берилмекчи болду. Мектеп билимине тартууда «Наристе» программасы боюнча тарбияланган балдар 2-чи, тийиштүү даярдыгы жоктору 1-чи класска кабыл алынмай болду. Ата-энелеринин туруктуу жашаган дарегине карата билим берүү уюмдары сунушталды жана аларды каттоо санариптик ыкма менен жүргүзүлдү. Бул кадам ири шаарлардагы автомобиль тыгындарын чектөө аракети катары сунушталды. Натыйжада, мурдагы жылдары мектеп билимин алууга 140-150 миң окуучу тартылып келсе, быйылкы жылы 1-2-класстарда окуган окуучулардын саны 227 миңге жетти. Бирок, окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгууда, басууда жана мектептерге жеткирүүдө, окуучуларды класстарга жайгаштырууда бир катар олуттуу кечигүүлөр жана көйгөйлөр орун алып келгенин, түзүлгөн кырдаал акырындык менен жоюла баштаганын да тастыктайбыз.

Мектеп билиминин мазмунуна кайрылып анын методологиялык өзөгүн төмөндөгү күтүлүүчү натыйжалардын курамы аныктаганын тастыктайбыз. Күтүлүүчү натыйжалардын борборунда негизги баалуулуктар,

кийинки катмарларында компетенттүүлүктөрдүн жана аларга негизделген функционалдык сабаттуулуктардын, ал эми мектептик билим берүүнүн жалпыланган жыйынтыгы катары – окуучунун инсан катары калыптанышы орун алганын байкоого болот. Мектеп билиминин миссиясы окуу жайдын бүтүрүүчүсү өз алдынча чечим кабыл алууга жараган, жоопкерчиликтүү, ийкемдүү, ачык, эмгекчил жана чыгармачыл болгону маанилүү деп табылды

Изилдөөнүн жыйынтыктары глобалдык билим берүү реформаларынын тенденциялары менен салыштырылып, Кыргызстандын моделдик өзгөчөлүктөрү дүйнөлүк практика контекстинде бааланат. 12 жылдык билим берүү, компетенттүүлүккө негизделген стандарттар жана мектеп түзүмүн жаңылоо маселелери талдоонун өзөгүн түзөт.

**Корутунду**. Кыргызстандагы мектептик билим берүүнүн максаттык, моделдик жана мазмундук компоненттери акыркы 30 жылда бир нече этаптык реформаларды баштан кечирип, ченемдик-укуктук актылар аркылуу жаңыртылып турганы аныкталды. Билим берүүнүн 12 жылдык моделине өтүү – дүйнөлүк тенденциялар, демографиялык өзгөрүүлөр, экономикалык жана социалдык факторлордун таасиринен келип чыккан мыйзам ченемдүү кадам экендиги тастыкталды.

***Адабияттар:***


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 1993. 5-май. [Электрондук ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/1/edition/989125/kg
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021. 5-май. [Электрондук ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/kg.
3. Мамытов, А. Основные понятия закона Кыргызской Республики «Об образовании» в контексте законов государств-участников СНГ. А. Мамытов. – Бишкек, 2022. – 64 с.
4. Постановление Межпарламентской Ассамблеи государств-участников Содружества Независимых Государств «О модельном законе «Об образовании» от 3 апреля 1999 года № 13-8 [Электронный ресурс]: https://eccis.org/page/7782/modelnyj-zakon-ob-obrazovanii
5. Словарь согласованных терминов и определений в области образования государств-участников Содружества Независимых Государств / под научной редакций д.т.н., профессора Н.А. Селезновой. – М.: НИТУ «МИСиС», 2012. –244 с.
6. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. 1992-жылдын 16-декабры № 1074-XII.
7. Программа по трансформации системы образования Кыргызской Республики «Алтын Казык» (2025, февраль 25). Распоряжение Кабинета Министров Кыргызской Республики: [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/44-153/edition/28275/ru.
8. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. 2023-жылдын 11-августу № 179. [Электрондук ресурс]: https://edu.gov.kg/organizations/8/pages/286/
9. Государственный образовательный стандарт среднего общего образования, утвержденный постановлением Правительства Кыргызской Республики 2014 году от 21 июля № 403.
10. Мамытов, А. Концептуальные идеи обновления ступеней и содержания школьного образования в Кыргызской Республике // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2017. – № 3 (43). – С. 3-13.
11. Концепции перехода на двенадцатилетнее школьное образование (2024, октябрь 30). Постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики: [Электронный ресурс]: https://edu.gov.kg/posts/3614/
12. Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» унгужолу (2024, 18-декабрь). Кыргыз Республикасынын

Президентинин Жарлыгы: [Электрондук ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/kg

13. Кыргыз жараны – жарандардын өзүн-өзү таануусун өнүктүрүү Концепциясы (2020, 13 ноябрь). Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы: [Электрондук ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/430346/edition/1253187/kg
14. Сулайманов, Ш. К вопросу о начале школьного обучения с 6 лет. [Электронный ресурс]. https: //mnenie.akipress.org/unews/un_post:42286
15. Асипова, Н.А. Окутуу жана өнүгүү. Практикага багытталган монография. – Б.: 2024. – 230 б.
16. Закон Кыргызской Республики «Об образовании» от 11 августа 2023 года № 179. [Электронный ресурс]. https://cbd.minjust.gov.kg/4-3419/edition/1273902/ru

***Козубаева Бурул Увайдуллаевна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкери,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: burulkozubaeva@gmail.com***

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮДӨГҮ АДАМ ЖАНА КООМ ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

***Козубаева Бурул Увайдуллаевна,***
***старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: burulkozubaeva@gmail.com***

# КОНЦЕПЦИЯ ПРЕДМЕТА «ЧЕЛОВЕК И ОБЩЕСТВА» ПРИ ПЕРЕХОДЕ НА 12-ЛЕТНЕЕ ОБРАЗОВАНИЕ

***Kozubayeva Burul Uvaidullayevna,***
***Senior Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: burulkozubaeva@gmail.com***

# THE CONCEPT OF THE SUBJECT «MAN AND SOCIETY» IN THE TRANSITION TO 12-YEAR EDUCATION

***Аннотация:*** *Макалада Адам жана коом предметинин концепциясында, мазмунунда кандай өзгөрүүлөр болгондугу, мазмундук багыттардагы толуктоолор жана предметтик компетенттүүлүктөрдөгү жаңылануулар жөнүндө сөз болмокчу. Предметтин жаңы мазмунун түзүүдө дидактикалык принциптердин сакталышынын жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуунун маанилүүлүгү тууралуу алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларга негизделип анализ жүргүзүлөт.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются изменения, произошедшие в концепции и содержании предмета «Человек и общество», а также дополнения в содержательных линиях и обновления в предметных компетентностях. Анализ проводится на основе передового педагогического опыта, подчёркивая важность соблюдения дидактических принципов и учета возрастных особенностей учащихся при формировании нового содержания предмета.*

***Annotation:*** *The article aims to examine the changes that have taken place in the concept and content of the subject "Human and Society," the additions made to the content lines, and the updates introduced to the subject competencies. The analysis is carried out based on advanced pedagogical practices, emphasizing the importance of adhering to didactic principles and considering students' age characteristics in the development of the new subject content.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Адам жана коом предметинин концепциясы, методологиясы, мазмундук багыттар, социалдык көндүмдөр, предметтик компетенттүүлүктөр.*

***Ключевые слова:*** *Концепция и предмет «Человек и общество», методология, содержательные линии, социальные навыки, предметные компетентции.*

***Key words:*** *The concept of the subject "Human and Society", content lines, social skills, subject competencies.*

**Киришүү.** Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүүгө өтүү коомдук кызыкчылыктарды жана эл аралык билим берүү мейкиндигиндеги талаптарды эске алуу менен жүргүзүлүүдө. Бул мамлекеттин билим берүү чөйрөсүндө «Эл аралык билим берүү мейкиндигинде интеграцияланган жана таанылган улуттук мектептин билим берүү системасын түзүү, глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген, улуттун социалдык-маданий мурасынын сакталышын жана өнүгүшүн камсыз кылган сапаттуу билим берүүгө коомдун муктаждыктарын канааттандыруу максатын» [6] көздөй тургандыгын белгилейт.

Билим берүү чөйрөсүндөгү реформалардын бардыгы коомдук талапты окуучулардын жана ата-энелердин кызыкчылыктарын эске алуу менен билим жана тарбия берүүгө багытталган. Заманбап коомдун талаптарына ылайык окуучу глобалдашуу жана интеграциялануу процессинде социалдык көндүмдөргө ээ болуу керек. Бул Кыргыз Республикасында Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкүдөй белгиленген: «мекенчилдикти, жалпы жарандык аң-сезимди, өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугу үчүн жоопкерчиликти, улуттук адеп-ахлактык негиздерге таянган адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, боорукердик сыяктуу сапаттарды калыптандырууга өбөлгө түзүүчү тарбиялык жана социалдык-гуманитардык дараметин күчөтүү» [5].

Жогоруда белгиленген мамлекеттик деңгээлде кам көрүү Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагында, айрыкча Адам жана коом предметинин мектептик билим берүү системасында окутуу актуалдуу экендигин белгилейт. Предметти окутуунун актуалдуулугу төмөнкү шарттар менен тастыкталат [4]:

- Кыргыз жаранын калыптандыруу. Адам жана коом предмети боюнча окуу программасы окуучулардын жарандык укуктарын жана милдеттерин түшүнүү, укуктун негиздерин жана саясий процесстерди билүү, коомдук жашоого катышуу жана акыл-эстүү чечимдерди кабыл алуу сыяктуу жарандык сабаттуулугун калыптандырууга өбөлгө түзөт;
- социалдык көндүмдөр жана көп түрдүүлүктү кабыл алуу. Адам жана коом предмети окуучулардын баарлашуу, кызматташуу, маданий, диний, тилдик айырмачылыктарды урматтоо жана аларга толеранттуулук менен мамиле кылуу сыяктуу социалдык көндүмдөрүн өркүндөтөт. Бул көндүмдөр көп улуттуу жана көп маданияттуу коомдо өзгөчө мааниге ээ;
- коомдук процесстерди түшүнүү жана катышуу. Адам жана коом предмети окуучуларга социалдык стратификация, миграция, экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр сыяктуу коомдук процесстерди жана кубулуштарды изилдөөгө, талдоого жана алардын адамдардын жашоосуна тийгизген таасирин жакшыраак түшүнүүгө, коопсуздук көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондой эле, «ар бир мамлекет үчүн анык бекемдигин жана стабилдүүлүгүн сактап туруу үчүн улуттук сыймык, этноценризм жана этномаданий биримдүүлүк керек» [3]. Бул келечекте билимдүү, сабаттуу жана маданияттуу Кыргыз жаранын калыптандырууга өбөлгө түзмөкчү.

Демек, Адам жана коом предмети окуучулардын жарандык жана социалдык компетенттүүлүгүн калыптандырууда, аларды заманбап коомго жана глобалдык дүйнөгө активдүү катышууга даярдоодо негизги

ролду ойнойт. Бирок, аталган компетенттүүлүктөрдү теориялык билим менен гана калыптандыруу мүмкүн эмес. Предметти окутуу процессинде практикалык ишмердүүлүккө басым жасоо маанилүү.

Мына ушул жагдайлар макаланын **максаты** иретинде аныкталып, расмий ченемдик-укуктук актыларды, Адам жана коом предметинин окуу нормативдик ченемдерин анализдөө, баалоо жана жалпылоо **методдорун** колдонуу менен коштолду.


**Негизги мазмун.** Адам жана коом предмети мамлекеттүүлүктүн негизин түзүүчү предмет болуп саналат. Анткени, Адам жана коом предмети интеграцияланган предмет катары – саясий, социалдык, экономикалык, экологиялык, маданий жана маалыматтык чөйрөлөрдөгү глобалдык өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды чагылдырып, окуучуларда жарандык иденттүүлүктү, финансылык сабаттуулукту жана медиасабаттуулукту, жашыл көндүмдөрдү калыптандырууга басым жасайт. Бул «бирдей илимий билимдерге негизделген предметтер аралык байланыштарды түзүү, мугалимге окуу материалын жана мазмунду кайталоодон четтеп, убакытты үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берген – горизонталдык интеграцияга» [7] негизделет.

Адам жана коом предметинин максаты – мектеп окуучуларына өзүнүн укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин туура түшүнүп, жарандык ролун аткарууга үйрөтүү менен туруктуу жана коопсуз өнүгүү үчүн да зарыл болгон социалдык, экономикалык жана укуктук билимдерди берүүгө, улуттук баалуулуктардын негизинде окуучулардын жарандык иденттүүлүгүн, Кыргызстанга болгон сый-урматын жана активдүү жарандык позициясын калыптандыруу [1].

Окутуунун билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттары менен дал келүүчүлүктө төмөнкү милдеттер ишке ашырылат:

1. Таанып-билүүчүлүк;
2. Жүрүм-турумдук;
3. Баалуулук.

*Предметтин методологиясы төмөнкү ыкмаларга таянат [1]:*



Предметтин окуу материалдары төрт мазмундук багыттарга бөлүнгөн [1]:

Социалдашуу – коомдо кабыл алынган нормаларды, эрежелерди, баалуулуктарды жана маданиятты өздөштүрүү аркылуу адамдын коомго интеграциялануу жана инсан катары калыптануу процессин камтыйт.

Улуттук нарк жана баалуулуктар – коомдук тажрыйбанын негизинде улуттук маданиятка шайкеш келген социалдык аң-сезимди калыптандырууга багытталган адамдын жүрүм-турумун, өз ара мамилесин жана дүйнө таанымын жөнгө салуучу туруктуу руханий жана моралдык баалуулуктардын системасын камтыйт.

Адамдын укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги – адамдын табигый ажырагыс укуктарын, эркиндиктерин таануу жана коргоо, аларды турмушта колдоно билүү, Кыргыз жараны катары коом алдындагы милдеттерди жана жоопкерчиликтерди түшүнүү, укуктук маданиятты жана жарандык аң-сезимди калыптандырууга багытталган мазмундук багыт.

Туруктуу өнүгүү жана коопсуздук – адамзаттын жашоосу үчүн коопсуз жана туруктуу шарттарды түзүү максатында жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого, экономикалык өсүштү, социалдык адилеттүүлүктү жана коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү мазмундук багыт.

*Мазмундук багыттар өз ара төмөнкүдөй тематикалык бөлүмдөргө бөлүнөт [2]:*




Предметтин максаты, милдеттери, методологиялык өзгөчөлүктөрүнөн жана мазмундук багыттарынан келип чыгып, төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөр тандалды [1]:

1. Өзүн-өзү жана социалдык чөйрөнү таанып-билүү компетенттүүлүгү – окуучунун ар түрдүү социалдык топторго өзүнүн уникалдуулугун жана өзгөчөлүгүн жоготпостон адаптациялануусу, коомдо кабыл алынган

жүрүм-турумга болгон мотивацияны көрсөтүү аркылуу көп түрдүүлүктү урматтоо жана башка адамдар, жамааттар жана мамлекет менен ошол эле мезгилде медиа мейкиндикте конструктивдүү өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырат.

2. Жарандык-укуктук компетенттүүлүк – окуучунун коомдо Кыргыз жараны катары өз укуктарын жана милдеттерин билүү, укуктук нормаларды түшүнүү, анализдөө жана сыйлоо, коомдук иш-чараларга активдүү катышуу, укукка негизделген чечимдерди кабыл алуу жана өз аракети үчүн жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

3. Финансылык-экономикалык компетенттүүлүк – окуучунун жеке кирешелерди жана чыгымдарды түшүнүүсү жана туура башкаруусу, финансылык чечимдерди жоопкерчилик менен кабыл алуусу жана экономикалык процесстерге аң-сезимдүү катышуусу аркылуу финансылык коопсуздукту камсыздоо менен жашыл көндүмдөрдү жана финансылык сабаттуулукту калыптандырат.

Предметтик компетенттүүлүктөр [1] негизги компетенттүүлүктөр [5] менен бирге айкалышып калыптанат. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы окуучулардын практикалык ишмердүүлүктө жеке, жуптарда жана топтордо деңгээлдик тапшырмаларды аткаруу аркылуу таанып-билүү; талдоо, талкуулоо, жеке жана жалпы чечимге келүү аркылуу коммуникативдик жөндөмдөрүн калыптандыруу; өзүнүн жана башкалардын сезимин, эмоцияларын билүү, жөнгө салуу аркылуу эмпатиялык көндүмдөрүн өнүктүрүү; маалыматты туура колдонуу жана башкаруу ыкмаларын коопсуз өздөштүрүү жолдору менен ишке ашат.

**Корутунду.** Жүргүзүлгөн талдоо Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында социалдык-гуманитардык билим берүүнүн, айрыкча Адам жана коом предметинин мааниси кескин жогорулап жаткандыгын тастыктайт. Заманбап коомдогу глобалдашуу, интеграция жана көп түрдүүлүк процесстери окуучулардан жарандык аң-сезимди, социалдык жоопкерчиликти, укуктук жана экономикалык сабаттуулукту, ошондой эле туруктуу өнүгүү багытындагы ой-жөндөмдү талап кылууда. Бул талаптар билим берүү мазмунунун жөн гана теориялык билим берүүдөн практикалык багыттагы компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга өтүшүн шарттайт.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, Адам жана коом предмети интеграцияланган мүнөзгө ээ болуп, социалдык, укуктук, экономикалык, маданий жана экологиялык багыттардагы билимдерди бирдиктүү система катары камтыйт. Предметтин мазмундук багыттары: социалдашуу; улуттук нарк жана баалуулуктар; адам укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги; туруктуу өнүгүү жана коопсуздук – окуучунун инсандык, жарандык жана социалдык калыптануусуна комплекстүү таасир этет. Бул мазмундук багыттар предметтин ички логикасын жана уланмалуулугун камсыз кылуу менен бирге, окуучуларды коомдук турмушка активдүү катышууга даярдайт.

Макалада аныкталган предметтик компетенттүүлүктөр: өзүн-өзү жана социалдык чөйрөнү таанып-билүү, жарандык-укуктук жана финансылык-экономикалык компетенттүүлүктөр – окуучулардын практикалык ишмердүүлүгүндө жалпы билим берүүнүн негизги компетенттүүлүктөрү менен айкалышта калыптанат.

**Киришүү.** Мектеп окуучуларынын кесиптик өзүн-өзү аныктоо көйгөйү учурдагы педагогикалык изилдөөлөрдө борбордук орунду ээлейт, анткени дал ушул мектепте окуу этабында кесиптик бирдейликтин/иденттүүлүктүн негиздери түптөлөт, жашоо пландары аныкталат, келечектеги билимдин жана эмгек ишмердүүлүгүнүн багыттары калыптанат. Социалдык-экономикалык реалдуулуктун ылдам темпте өзгөрүү шарттарында, жаңы кесиптердин пайда болушунда, ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүнө жана инсандын мобилдүүлүгүнө талаптардын өсүшүндө окуучуга кесиптик траекторияны аң-сезимдүү тандоо бир кыйла татаалдыкты жаратып жатат.

Кесиптердин популярдуулугу өлкөдөгү социалдык-экономикалык өсүүгө байланыштуу болот. Андыктан Кыргызстанда курулуш, соода, кызмат көрсөтүү тармактарындагы кесиптерге суроо-талап бир аз жогорулап жаткандыгы байкалат. Бирок бул тармактарда дагы да чет элдик адистер тартылып жатат, толугу менен улуттук адистер ээлеген жок. Демек, квалификациясы азыркы талаптарга төп келген жумушчу жана кызматчы кадрларды даярдоодо азыркы учурдагы эмгек рыногунун талаптарын эске алуу керек.

Кесипке багыт берүү ишинин мазмуну өлкөнүн социалдык, экономикалык, маданий өнүгүүсүнө көмөктөшүүчү адистиктерге ориентациялоону түзүү керек. Албетте, ошону менен катар, XXI кылымда пайда болуп жаткан жана жоголуп бараткан кесиптерди эске алуу менен уюштуруу зарыл. Негизинен маалыматтык-коммуникациялык технологиялык, IT-технологиялык ж.б. кесиптерге багыт берүүнү перспектива катары алуу абзел. Кесипке багыт берүү ишинин өзөгү – бул ар бир окуучунун кесиптик өзүн-өзү таануусу.

Өлкөбүздө мектеп окуучуларына кесипке багыт берүүдө Кыргызстандын окумуштуу-педагогдору Ш. Алиев, А. Алимбеков, И.Б. Бекбоев, Д.Б. Бабаев, Э.М. Мамбетакунов, А. Мамытов, Г.А. Зикирова, К.Т. Мамасадыкова, А.А. Таштемирова, М.К. Жороева, Ш.Ж. Курманкулов ж.б. орчундуу салым кошушкан. Алсак, Ш. Алиев башталгыч класс мугалими, И.Б. Бекбоев математика мугалими, Д.Б. Бабаев физика мугалими, А. Мамытов дене тарбия мугалими адистигине багыт берүү боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Ал эми Г.А. Зикирова, К.Т. Мамасадыкова, А.А. Таштемирова инженердик адистиктерге кесиптик багыт берүүнүн теориялык жана практикалык механизмдерин карашкан. М.К. Жороева, Ш.Ж. Курманкулов колледждерде кесипке багыт берүү маселелерине көңүл бурушкан. Кыргыз окумуштуу-педагогдорунун илимий-педагогикалык изилдөөлөрү мектептеги кесипке багыт берүү ишинин өз денгээлинде эместигин далилдеп турат. Анткени кесипке багыт берүү иши мектепте аякташы керек. Ал эми кесиптик окуу жайда студент жалпы орто билимине таянып, тандап алган адистиги боюнча билим алуу менен алектениши абзел.

Азыркы коом жаш муунга *аныксыздыкта багыт ала билгичтикти*, өз мүмкүнчүлүктөрүн анализдөөнү, универсалдуу компетенцияларга ээ болууну жана үзгүлтүксүз окууга даярдыкты сурап жатат. Бул кесиптик өзүн-өзү таанууну XX кылымдагы классикалык моделге караганда дагы да татаалдатып, аны көп денгээлдүү абалга туш кылды.

Илимий адабият кесиптик өзүн-өзү аныктоонун маңызын түшүнүүгө кеңири спектрдеги мамилелерди демонстрациялап жатат. Биринчи жагынан, ал инсандын мотивдерин жана ориентациясын калыптандыруунун психикалык процесси катары карайт (Л.С. Выготский, С.Л. Рубинштейн). Экинчи жагынан, кесиптик бирдейликти түптөө процесси катары карайт (Д. Сьюпер, Э. Фримен). Изилдөөнүн үчүнчү тилкеси көңүлдү кесипти тандоонун социалдык-маданий шарттalышына бурат (П. Бурдьё, Б. Гершунский).

Илимий иштердин молдугуна карабастан, «Кесиптик өзүн-өзү таануу» түшүнүгүн аныктоодо биримдик жок. Бул педагогдордун, психологдордун жана ата-энелердин практикада кесиптик багыт берүү иш-аракетин оордотот.

**Макаланын максаты** – мектеп окуучуларынын кесиптик өзүн-өзү таануусунун илимий аныктамаларына салыштырма анализ жүргүзүү, анын маңызы боюнча мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүү жана заманбап илимий моделдеринин классификациясын сунуштоо.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Макаланын теориялык-методологиялык негизин төмөнкү мамилелер түзөт:

1. *Маданий-тарыхий мамиле (Л.С. Выготский):* өзүн-өзү аныктоо маданий нормаларды өздөштүрүү процессинде, кадырбарктуу улуу адамдар менен мамилелешүү жана социалдык практикага сүңгүү [3].

2. *Субъекттик мамиле (С.Л. Рубинштейн):* кесиптик тандоо – инсандын активдүүлүгүнүн жана өз алдынчалыгынын, анын өз жашоо жолун салуу жөндөмүнүн көрүнүшү [4].

3. *Кесиптик калыптануу теориясы (Е.А. Климов, Д. Сьюпер):* кесиптик өнүгүү кесиптер дүйнөсүн изилдөөнү, кесиптик ниеттердин жана кесиптик бирдейликтин / иденттүүлүктүн калыптануусун камтыган этаптардын удаалаштыгы катары каралат [1, 5].

4. *Компетенттүүлүк мамиле:* өзүн-өзү аныктоо рефлексия, пландаштыруу, сынчыл

ойлом, коммуникативдүүлүк сыяктуу универсалдуу компетенциялардын калыптанышын талап кылат.

**Изилдөө методдору**: теориялык анализ, салыштырма-тарыхий метод, илимий булактарды контент-талдоо, структуралык-функционалдык анализ.

***1. «Кесиптик өзүн-өзү таануу» түшүнүгүнүн теориялык негиздери.*** Кесиптик өзүн-өзү таануу салттык түрдө инсандын ички мүнөздөмөлөрүнүн жана өнүгүшүнүн сырткы шарттарынын өз ара аракеттеринин жыйынтыгы катары сыпатталат. Ал өз кызыгууларын, жөндөмдөрүн, баалуулуктарын талдоону, кесиптик ниеттеринин калыптанышын жана билим алуу траекторияларын тандоону ичине камтыйт.

Мектеп окуучулары үчүн бул процесс бир катар спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ:

- ата-энелерден жана мугалимдерден көз карандылыктын жогорулугу;
- практикалык кесиптик иш-аракет тажрыйбасынын чектелүүлүгү;
- социалдык тармактардын жана санариптик контенттин таасири;
- сырткы мотивациянын басымдуулугу;
- тандоону эрте жасоо зарылдыгы (7-, 9- жана 10-класстан кийин).

Кесиптик өзүн-өзү аныктоо бүгүнкү күндө кесипти бир жолку тандоо актысы катары эмес, кесиптик иденттүүлүктү калыптандыруунун узак мөөнөттүү, өмүр бою улануучу процесс катары каралып жаткандыгын баса белгилөө маанилүү.

Окумуштуулар (Д. Сьюпер [5], М. Савикас [5], С.Н. Чистякова [7]) кесиптик өзүн-өзү аныктоонун/таануунун төмөндөгү компоненттерин бөлүп көрсөтүшөт:

*1. Когнитивдик компонент:* кесиптер, талаптар, билим алуу маршруттары жөнүндө билимдер.

*2. Мотивациялык компонент:* кызыгуулар, ыкташуулар, баалуулуктар, ниеттенүүлөр.

*3. Эмоционалдык-эрктик компонент:* ишенимдүүлүк, жетүү мотиви, тандоого даярдык.

*4. Жүрүм-турум компоненти:* кесиптик иш-аракетке аралашуу, долбоорлордо, ийримдерге катышуу активдүүлүгү.

*5. Социалдык компонент:* үй-бүлөнүн, мектептин, классташтардын, медианын, туугандардын, аяш ата, аяш энелердин таасири.

Мектеп жашында маалыматтык-мотивациялык баланс өзгөчө маанилүү, анткени көпчүлүк учурда бала маалыматка ээ болот же болбойт, же ички мотивация жетишпейт, же экөө тең тартыш болот. Ошондуктан, «мыкты врач, инженер, бизнесмен, дыйкан, алдыңкы фермер, жаңычыл (новатор) адамдар, малчы, тикмечи ж.б. кесип ээлери жөнүндө маалымат берүү, электрондук билим берүүчү ресурстарды, мультимедия ыкмаларын колдонуу менен келечекте керектүү кесиптер жөнүндө маалымат берүү, мазмундуу материалдарды көрсөтүү, социалдык өзгөртүүчү аракет, өндүрүш жана ишкана менен тааныштыруу» зарыл [8, 112].

***2. Жетектөөчү авторлордун аныктамаларынын салыштырма анализи.***

*2.1. Е.А. Климов* кесиптик өзүн-өзү аныктоону/таанууну кесипти аң-сезимдүү тандоону камсыздоочу психологиялык жана социалдык процесстердин интеграциясы катары карайт. Ал кесиптик калыптануунун этаптуулугун белгилейт: баланын оюнунан эмгек рыногуна чыгуусуна чейин [1].

Е.А. Климов боюнча, кесиптик өзүн-өзү аныктоо/таануу төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- кесиптер дүйнөсүндө ориентация;
- өзүнүн жеке мүмкүнчүлүктөрүн өз алдынча баалоо;
- эмгектин талаптарын түшүнүү.

Анын мамилеси атамекендик кесиптик багыт берүүдө база болуп эсептелет.

*2.2. А.Г. Пряжников* кесиптик өзүн-өзү таанууну/аныктоону баарынан мурда инсандык маңызды издөө катары карайт, мында кесип тандоо адамдын жашоодогу баалуулуктары жана дүйнө таанымы менен байланышта болушу керек [2].

Түйүндүү элементтер:

- маанинин калыптанышы;
- жеке миссияны түшүнүү;
- өзүн-өзү өнүктүрүүгө даярдык.

Мамиле терең гумандуу, инсандык өнүгүүгө багытталган.

*2.3. Л.С. Выготский боюнча* кесиптик өзүн-өзү таануу/аныктоо социалдык нормаларды интериоризациялоо аркылуу, баланы улуулардын эмгек ишмердүүлүгүнө аралаштыруу аркылуу өнүгөт [3].

Кесип тандоо – маданий жактан ортомчулук кылынган процесс, мында социалдык чөйрө жана окутуу чечүүчү ролду ойнойт.

*2.4. С.Л. Рубинштейн* өзүн-өзү аныктоону/таанууну субъективдик акт катары, ал эми кесиптик өзүн-өзү таанууну – инсандын өз алдынчалыгынын конкреттүү формасы катары карайт [4].

Кесип тандоо – бул эрктин, жоопкерчиликтин жана өзүн-өзү башкаруунун актысы.

*2.5. Д. Сьюпер* кесиптик өнүгүүнүн эң таасирлүү теорияларынын бирин, кесиптик иденттүүлүктү/бирдейликти калыптандыруунун беш стадиясын сыпаттоо менен сунуштаган [5].

Мектептеги жаш-курак төмөндөгү стадияларга туура келет:

- өсүү (кызыгуулардын калыптанышы);
- изилдөө (кесиптерге аралашып көрүү, маалымат издөө).

Сьюпердин түйүндүү идеясы – кесиптик өзүн-өзү аныктоо Мен-концепция процессинин бөлүгү.

***3. Болгон мамилелердин критикалык анализи.*** Ар бир мамиленин баалуулугуна карабай, бир катар чектөөлөр орун алат:

1. Е.А. Климовдун мамилеси туруктуу эмгек рыногунун шарттарында эффективдүү, бирок кесиптердин заманбап динамикасын начар чагылдырат.
2. А.Г. Пряжников инсандык маңызга басым жасайт, бирок тандоо көндүмдөрүн калыптандыруу механизмдерин жетишерлик сыпаттай албайт.
3. Л.С. Выготский социалдашууну белгилейт, бирок анын теориясы кесиптик аспектини өзүнчө бөлүп көрсөтпөйт.
4. С.Л. Рубинштейн тандоонун субъективдүүлүгүн ачып көрсөтөт, бирок билим алуу механизмдерин сыпаттабайт.
5. Д. Сьюпер универсалдуу курактык моделди көрсөтүүдө кросс-маданий айырмачылыкты жана заманбап санариптик реалдуулукту эске албайт.

***4. Мектеп окуучуларынын кесиптик өзүн-өзү аныктоо моделдеринин классификациясы.*** Классификацияны заманбап тенденцияларды кошуп, кеңейтебиз.

4.1. Классикалык моделдер:

1. Когнитивдик-маалыматтык модель мектеп окуучусуна кесиптер жөнүндө мүмкүн болушунча көп маалымат берүүгө негизделет. Кемчилдиги – баалуулук-мотивациялык курамды эске албагандыгы.
2. Мотивациялык-баалуулук модели окуучунун кызыгууларында, муктаждыктарында / керектөөлөрүндө, мүдөөлөрүндө курулат. Көйгөй – өспүрүм куракта туруктуу баалуулуктарды аныктоонун татаалдыгы.
3. Социалдык-маданий моделде үй-бүлөнүн, мектептин, курдаштардын таасирине басым жасалат. Кемчилдиги – ички тандоонун эмес, сырткы басымдын ыктымалдыгы.

4.2. Заманбап моделдер:

4. Компетенттүүлүк модели универсалдуу көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө негизделген: сынчыл ойлом; коммуникация; убакытты башкаруу; өзүн-өзү башкаруу. Башкы артыкчылык – келечектеги өзгөрүүлөргө ийкемдүүлүк.
5. Кесиптик өзүн-өзү аныктоонун санариптик модели, моделдин жаңы тиби, ал онлайн-ресурстарга, санариптик кесиптик багыттоого, виртуалдык стажировкаларга жана онлайн-тестирлөөлөргө негизделген. Кемчилдиги: санариптик көз карандылык жана тандоонун үстүртөн болуп калуу тобокелдиги.
6. Долбоордук-ишмердүүлүк модели, мектеп окуучуларынын реалдуу долбоорлорго жана практикага тартылышын көздөйт. Кесиптик тажрыйба берип, жумшак көндүмдөрдү калыптандырат.
7. Интегративдик модель (бир кыйла заманбап) когнитивдик, мотивациялык, социалдык жана санариптик элементтерди бириктирет. Барып турган адекваттуу заманбап билим берүү чөйрөсү болуп эсептелет.

Түшүнүктүн автордук аныктамасы. Такталган, кеңейтилген аныктама: Мектеп окуучуларынын өзүн-өзү кесиптик таануусу – бул окуучунун кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, баалуулуктарды жана жашоодогу пландарды ойлонуусун, кесиптер жөнүндөгү маалыматтарды өздөштүрүүсүн, кесиптик иш-аракетке аралашуу тажрыйбасын алуусуг, өз алдынча тандоо үчүн зарыл өнүгүү компетенцияларына ээ болуусун жана социалдык-экономикалык аныксыздык шарттарында жеке билим жана кесиптик траекторияларды түзүүнү камтыган, кесиптик иденттүүлүгүн/бирдейлигин калыптандыруучу үзгүлтүксүз, динамикалуу жана көп түрдүү компоненттүү процесс.

**Корутунду.** Өткөрүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, окуучулардын өзүн-өзү кесиптик таануусу, инсандык факторлордун өз ара аракетин, окутуу чөйрөсүн жана социалдык-маданий контекстин чагылдыруучу, татаал жана көп аспектилүү феномен болуп эсептелет. Колдо болгон илимий мамилелердин анализи алардын бири дагы ар тараптуу камтылган, заманбап шарттардагы татаалдыкты толук чагылдырган аныктаманы бербестигин тактады.

Кесиптик өзүн-өзү аныктоонун моделдерине жүргүзүлгөн классификация илимий элестөөлөрдүн маалыматтык жана мотивациялык моделдерден баштап ийкемдүү, интегративдик, санариптикке карай эволюциясын демонстрациялайт.

Сунушталып жаткан автордук аныктама кесиптик өзүн-өзү аныктоонун комплекстүү мүнөзүн жана түрдүү мамилелерди бирдиктүү теориялык конструкцияга бириктирүүгө умтулууну чагылдырат.

Алынган жыйынтыктар кесипке багыт берүү программаларын, педагогикалык коштоо моделдерин, тез өзгөрүп турган дүйнөдө мектеп окуучуларын кесиптик социалдаштыруу стратегияларын түзүү үчүн негиз болушу мүмкүн.

***Адабияттар:***

1. Климов Е.А. Психология профессионального самоопределения. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – 304 с.
2. Пряжников А.Г. Профессиональное и личностное самоопределение. – М.: Академия, 2012. – 256 с.
3. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. – М.: Смысл, 2004. – 512 с.
4. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. – СПб.: Питер, 2009. – 712 с.
5. Super D.E. The Psychology of Careers. – New York: Harper & Row, 1957. – 362 p.
6. Кудрявцев В.Т. Развитие профессионального сознания школьников. – М.: Просвещение, 1988. – 144 с.
7. Чистякова С.Н. Профессиональное самоопределение молодежи. – М.: Педагогика, 2005. – 192 с.
8. Жумабаева Г.А. Адептик, руханий тарбия боюнча ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу / Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2024. – № 2 (63). – С. 106-113.
9. Зикирова Г.А., Мамасадыкова К.Т., Таштемирова А.А., Применение метода аналогии в процессе профориентационного обучения курсу математики для инженерных специальностей // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024 – №5. – С. 264-268.
10. Жороева М.К., Курманкулов Ш.Ж., Структура (модель) мероприятий по профориентационному обучению физике в колледжах // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – №2. – С. 305-309.

***Рецензиялаган:***

***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

*УДК 81-13 (575.2) (04)*

***Шабданова Гүлмира Оңолкановна,***
***доценттин м.а.,***
***К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Сейиткaзиева Тумар Махмутовна,***
***методист,***
***К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

## Ч. АЙТМАТОВДУН «ЖАМИЙЛА» ПОВЕСТИНДЕ СӨЗДӨРДҮН ОБРАЗ ТҮЗҮҮ ФУНКЦИЯСЫНА АНАЛИЗ ЖҮРГҮЗҮҮ

***Шабданова Гульмира Онолкановна,***
***и.о. доцент,***
***Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Сейиткaзиева Тумар Махмутовна,***
***методист,***
***Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## АНАЛИЗ ФУНКЦИИ СОЗДАНИЯ С ПОМОЩЬЮ СЛОВ В ПОВЕСТИ Ч. АЙТМАТОВА «ЖАМИЙЛА»

***Shabdanova Gulmira Onolkanovna,***
***Acting Associate Professor,***
***K. Karasaev Bishkek State University,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Seyitkaziyeva Tumar Makhmutovna,***
***Methodologist,***
***K. Karasaev Bishkek State University,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

## ANALYSIS OF THE FUNCTION OF WORD-BASED IMAGERY IN CHINGHIZ AITMATOV'S NOVELLA «JAMILA»

***Аннотация**: Бул илимий макалада Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде сөздөрдүн образ түзүү функциясына анализ жүргүзүү менен жазуучунун образдарды түзүүдөгү ыкмаларын ачып берүү жана талдоо каралат. Ошондой эле, окурмандын жан дүйнөсүн калыптандырууда көркөм чыгармадагы образдардын мааниси зор экендиги белгиленет. Башкача айтканда, макалада көркөм чыгармадагы сөздөрдүн образ түзүү функциясын ишке ашыруучу негизги каражаттарды талдоого алуу маселеси көрсөтүлөт. Көркөм чыгарманын образдуу мазмунун ишке ашыруучу негизги каражаттарын талдоого алуу маселеси мисалдар менен таасын келтирилген.*

***Аннотация:** В данной научной статье анализируется функция словообразования образов героев в повести Ч. Айтматова «Жамиля» и через анализ образов выявляются приемы письма и создания образа автора. Известно также, что образы в произведении играют значительную роль в формировании внутреннюю душу читателя. Иными словами, в статье представлен анализ основных средств реализации образной образующей функции слова в художественном произведении. Анализ основных средств реализации образного содержания художественного произведения проиллюстрирован примерами.*

***Annotation:** This scientific article analyzes the function of word formation of images of heroes in the story of Ch. Aitmatov "Zhamilya" and through the analysis of images reveals the techniques of writing and creation of images of the author. It is also known that images in the work play a significant role in the formation of the inner soul of the reader. In other words, the article presents an analysis of the main means of implementing the image-forming function of a word in a work of art. The analysis of the main means of implementing the figurative content of a work of art is illustrated by examples.*

***Түйүндүү сөздөр:** таанып билүү, өзөк, шайкештик, эзелки, жагдай, заманбап, нукура, жан дүйнө, кайталангыс, зергер жазуучу.*

***Ключевые слова:** познание, ядро, гармония, древний, ситуация, современный, подлинный, душа, уникальный, мастер слова.*

***Key words:** knowledge, core, harmony, ancient, situation, modern, authentic, soul, unique, master of words.*

**Киришүү.** Жазуучулук кесипке адеп киришкенде эле, бул өнөрдүн түп маанисин түшүнө баштагандан тартып, адамды таанып билүү анын жашоо машакатынын максаты элине, «Канткенде адам улуу адам болот?» деген суроого жооп табуу Айтматовдун чыгармачылык өзөгүн түзө баштайт. Бул суроого бардык тараптан жеткиликтүү, принципиалдуу жооп берүү керек. Ал жооп мезгилдин, доордун өнүгүш даражасына жана интеллектисине толук шайкеш келиши зарыл. Ч. Айтматов бул маселени сүйүү темасынан жана адабияттын эзелки, түбөлүктүү темасынан баштап ачкан. Оюбузду далилдөө максатында белгилүү жазуучубуз Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинин айрым материалдарына анализ жүргүзүп көрөлү. Бул макалада, тактап айтканда, «Жамийла» повестинде сөздөрдүн образ түзүү функциясына анализ жүргүзүүдө токтолобуз.

**Изилдөөнүн максаты.** Көркөм образдарды окутуу текстти талдоодон башталат. Көркөм текстти талдоону окутуунун максаттары окутуунун мазмуну менен тыгыз байланышта болуп, ошолорго негизделет. Ошондуктан Ч. Айтматовдун чыгармаларын талдоо көп кыйынчылыктарды алып келбейт. Ч. Айтматовдун чыгармалары мазмуну боюнча да, формасы боюнча да башка чыгармалардан айырмаланып турат. Тактап айтканда, макаланын максаты – милдеттерине көркөм чыгармадагы сөздөрдүн образ түзүү функциясын ишке ашыруудагы негизги каражатты талдоого алуу иши турат.

**Изилдөөнүн методдору**. Илимий булактардан алынган материалдардын негизинде Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде сөздөрдүн образ түзүү функциясына

анализ жүргүзүү менен образдарды түзүүдөгү ыкмаларын ачып берүү, талдоо жүргүзүү.

**Негизги мазмуну.** Бүгүнкү күндө коомдук, заманбап технологиялардын күн санап өнүгүшү ар бир инсандын көңүлүн буруп келери талашсыз. Мындан улам, коомчулуктун табити көркөм адабияттан, тарыхтан, искусстводон алыстап, руханий жан дүйнөнүн жардылыгы коомдун үмүттүү келечегине терс таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан баланын жан дүйнөсүн калыптандырууда адабият сабагы, көркөм чыгармалар маанилүү роль ойнойт.

Повестти анализ кылуудан мурда, чыгарманын кыскача мазмунуна кайрылалы.

Чыгармадагы ар бир образды, окуяны, чөйрөнү Сейиттин көзү менен көрүп, баш каарман Жамийланы тааныйбыз. Сейит повестте үй-бүлөсүн тааныштырып жатып апасын «Кичине апам, – аны айылдагылар иштерман деп коюшат, карапайым сонун киши да. Бригаттар менен жаакташпай, бар деген жагына жүрүп, берки жаш келиндер менен тең катары арык да чаап, суу да сугарып, кетмен колунан түшпөйт» деген сөздөрүнүн аркасынан анын келини Жамийланы кудай билип берген бейм, ал дагы жумушка кайраттуу, мыкты келин, бирок мүнөзү башкачараак».

Жамийланы алгач ушул түшүндүрмөлөр менен тааныйбыз. Жамийла Бакайырлык жылкычынын кызы. Ал Садыкты бир кыз куумай оюнунда жеңип алат. Садык ардангынан Жамийланы ала качып кетет. Айылда алардын бири-бирин сүйө тургандыгын сүрөттөгөн түшүндүрмөлөр да бар. Окуянын жүрүшүндө биздин түшүнүгүбүз боюнча, бул үй-бүлө махабаттан курулган үй-бүлө эмес. Үйлөнгөндөрүнө төрт ай болгондо согуш башталып, Садык аскерге кетиптир. Жамийла – ата-энесинин жалгыз кызы болгондуктан бала кезинде эле ат минип, эркек мүнөз болуп чоңоюптур. Жамийланын мүнөзүндө адилеттикке умтулуу, өз оюн ачык айтуу жана салтка сокур баш ийбөө сыяктуу сапаттар басымдуулук кылат.

Жамийла – жашоону сүйгөн, шайыр жүргөн кыз. Кылган иштери ошол учурдагы үрп-адатка туура келбесе да шаңкылдап күлүп көңүлдүү жүрөт, ырдайт, эки кайненесине да сыйынан жазбай жаркылдап турат. Азыркы учурда мунун бардыгы кадыресе көрүнүш. Бирок ошол учурдагы каада-салт азыркы учурда кадимкидей көрүнүш болсо, ошол учурда жат көрүнүш болгон. Мисалы, башка кыз-келиндер үнчукпай баштарын жерге салып жүрчү жерден Жамийла адилетсиздикке чыдабай болгонун болгондой айтып, күлүп, чуркап, ырдап жүрүшү салтты бекем кармагандарга жат, жагымсыз көрүнүш болгон. Ал тургай жактырбай ушак-айың айтып турушчу.

Чыгармада Садык өтө пассивдүү каарман. Аны тастыктаган дагы бир нерсе Садыктын согуштан жазган каттары. Эгерде Садык жаңы үйлөнгөн жарын чын эле сүйсө, каада-салттын таасиринен чыгып, каттын аягында салам жолдогондун ордуна дагы башкачараак кылып жазмак деген ой келет. Бул каттар Жамийланын психологиясынын өзгөрүшүнө алып келет. Ар бир келген катты Сейит окугандан кийин өзү да бир сыйра окуп чыгат. Мүмкүн күйөөсүнүн башка нерсе да жазганынан үмүт кылчудур. Мындан жаш келиндин сүйүү, көңүл буруу жана өзгөчө мамиле күтүүсүн сезе алабыз. Жамийла бул үй-бүлө өзү үчүн кандай мааниге ээ экени окуянын аягында «... Мени сүйбөйт эле, каттардын аягында гана кыска салам жолдоп койчу. Эми өзүн дагы, анын кечиккен сүйүүсүн да каалабайм» деген сөздөрү менен Садыкты сүйбөй турганын өзүнө жана Даниярга ачык айтат. Бул сөздөр экөөнүн ортосунда сүйүү болбогондугунун далили. Жамийла Даниярды алгач көргөндө шылдыңдайт, теңине албайт. Бирок бирге иштеп бири-бирин дагы жакшы тааный башташат. Бул жакындык ыр ырдап, обон созуу менен башталат. Сүйүү учкундары ушул обондордон тутанган деп да айтсак болот. Көп сүйлөбөгөн, түнт Данияр ушул обон созгонунун натыйжасында Жамийла таптакыр башка адамга айланат. Жамийланын оор тамашасына карабастан, ага таарынбай ырдап берет. Данияrдын мукам, коңур үнү бар. Анын ырдаган ырлары уккулуктуу, ыргактуу. Анын ырларында сөздөр жок сыяктуу. Бирок,

үнүндө сөздүн кереги жок сыяктуу, адамдын жан дүйнөсүн балкыта турган чоң күч бардай.

Чыгармада Жамийла менен Даниярдын сүйүүсү качан башталганы белгисиз. Бирок Жамийланын Даниярга болгон сүйүүсү оор кап тамашасынан кийин башталат. Буга чейинки мамиледе Жамийланын Даниярга болгон мамилеси жокко эсе. Бул пикирибизди төмөндөгүдөй сөздөр менен далилдесек болот. Жамийла менен Данияр биринчи жолу бирге иштеп баштаган күнү жолугушту. Ошол күнү Жамийланын Даниярга болгон мамилесин Сейит мындай сүрөттөп берет:

«Данияр жаныбызда жүрсө Жамийла аны кишиби, көлөкөбү дебей такыр эле көзүнө да илген жок, сүйлөшсө мени менен сүйлөшүп, бизден калышпай, нары-бери шамдагайлана аттарды чегип жатты». Экинчиден, ... Ал аны биринчи жолу көргөнсүп, ар дайым ушинтип карайт. Бирок Жамийла муну оюна да алчу эмес. Биз бирге кошулуп иштегенден баштап, ал экөөнүн ортосундагы мамиле ушул. Жамийла кээде тамаша үчүн тигиге үстөмдүк менен күлө сүйлөсө, кээде анын бары-жогун такыр эле унутуп калган өңдүү эчтеке дебейт, карап да койбойт». Жамийланын ушул мамилелери менен анын Даниярды оор кап тамашасына чейин ашык болуусу турмак, теңине алган деле жок.

Изилдөөбүздүн андан аркы бөлүгүндө жазуучунун образ түзүү функциясына мисалдар менен анализ жүргүзүүгө аракеттенсек.

«Ч. Айтматовдун чыгармаларын тереңдетип, инсандык мыкты сапаттарды окупүйрөнүүнүн технологияларын түзүп, жаңы методдор аркылуу сабак өтүү менен булардын адамкерчилик сапаттарын калыптандыруу азыркы күндүн негизги милдети болууга тийиш» [1, 73].

Демек, жалпы элге таандык формаларды, функционалдык чектелген диалектиге, нормага сөздөрдүн формалары, сөздөр, синтаксисттик конструкциялар адабий тилде колдонулушуна карата ар түрдүү стилдик түшүнүккө алып келет.

Стилдик маани эки түргө бөлүнөт:

1. функционалдык
2. экспрессивдик.

Бул түрлөр айтылуучу ойдун көркөмдүүлүгүнө жараша кездешет. Тактап айтканда, көркөм чыгарманын стили эстетикалык функциянын биринде турат. Образ түзүү функциясына анализ жүргүзүү менен талдап окуу учурунда «Жамийла» повестинин төмөнкү деталдарына көңүл бурсак:

«Жамийла, менин алтын Жамийлам, сен кеткенде башыңды бийик көтөрүп, кылчайбай, тайманбай, кең талаа менен кеткенсиң...

Азыр да ошондойсуңбу, азыр да жол баскандан тажабайсыңбы? Же чарчаган күндөрүң болобу, жаным Жамийла? Же өз күндөрүң болобу жаным, Жамийла?» [2, 92].

Мында автор тилдик каражаттардан: каратма сөздөрдү, Жамийла, менин алтын Жамийлам, жаным Жамийла, гүлүм Жамийла. Ал эми тубаса байламтаны (же) бөлүкчөнү (да) синтаксисттик каражат катары бир өңчөй мүчөлөрдү (кылчайбай, тайманбай) колдонуп, аларды бир татаал бүтүндүккө бириктирди. Колдонулган төрт каратма сөздүн үчөө: «Менин алтын Жамийлам, жаным Жамийла, гүлүм Жамийла» өз алдынча турганда эле табиятынан экспрессияга ээ. Бирок алар сүйлөмдө аткарган функциясы боюнча айырмаланат.

Алсак, биринчи сүйлөмдө «Жамийла, менин алтын, Жамийлам» жогорку эмоционалдуу мааниге кайталоо аркылуу жетип, сүйлөмдүн башынан орун алып, сүйгөн адамына кайрылуу маанисинде колдонулду. Ал эми үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдө: «Жаным Жамийла, гүлүм Жамийла» өңдүү каратма сөздөр сүйлөмдүн аягынан оруп алып, кайрылуу-сураныч, жалыныч маанисинде колдонулду. Ушул каратма сөздөр контекстте Жамийла менен Сейиттин мамилесин туюндурууда жандуу семантикалык жүктү аркалап, жогорку чыңалуудагыдай эмоционалдуулукту да билдирип турат.

Ал эми биринчи сүйлөмдөгү «кылчайбай, тайманбай» кең талаа менен өз бактысын таап кетти. Экинчиден, контекстте Жамийланын образын түзүү функциясын аткарып турат, үчүнчүдөн сүйлөм тизмегинде бир өңчөй мүчөнүн милдетин аткарып, катар орун-

тартипте жайгашып, сүйлөмдүн интонациясына да таасирин тийгизип турат.

Көркөм адабий стилдин табияты жөнүндө профессор А.И. Эфимовдун көз карашы мындайча берилген: «Көркөм адабий стилдин башка стилдерден эң негизги сапаттык айырмасы, анын экспрессивдүүлүгү, образдуулугу жана эстетикалык функция аткарышы» эсептелинет.

«Жамийла» повестиндеги дал ошол экспрессивдүүлүктү жана кайталангыс эстетикалык функцияны аткарып турган элементтердин бири – анын лирикалуулугу.

Повестте лирикалуулук чыгармадагы лексико-семантикалык катмардан түзүлгөн синтаксисттик конструкциялардын комбинацияларынан өзгөчө байкалат.

Демек, жазуучунун стили жөнүндөгү маселе чоң мааниге ээ. Ошондуктан, Ч. Айтматовдун сүйлөм куруу чеберчилигиндеги индивидуалдуу көркөм сөз стили жоктон бар болгон жок. Ал эки маданияттын ширөөсүнөн бүткөн оргиналдуу стиль.

Эгерде биз «Жамийла» повестин металлдан куюлган монумент деп эсептесек, анда анын материалы «зергер-жазуучу» тарабынан «кыргыз фольклору», «кыргыз адабияты» жана «орус адабияты» деген материалдардан алынып, эритилип, жуурулушуп, туруктуу, оригиналдуу жана индивидуалдуу жаңы сапаттык эстетикалык касиетке ээ болуп, куюлган документ болоор эле. Анын составындагы тигил же бул «металды» бөлүп көрсөтүүгө болбой калган сыяктуу туюлат. Тактап айтканда, Айтматовдук стилдик булактарды бөлүп көрсөтүү өтө татаал.

Жазуучу башка адабий чыгармалардан нукура адабий стилдик эле тажрыйба албастан, стилдик лингвистикалык таасир алат.

«Жамийла» повестинин материалында жазуучунун баяндоо ыкмасына жогоруда көрсөтүлгөндөй жалпы элдик тилдин жана оозеки чыгармачылыктын стилинин арсеналынан башка, традициялуу орус классикалык адабиятынын стили да таасир тийгизген деп айтууга негиз бар. Мисалы, А.П. Чеховдун чыгармаларында бир сүйлөмдүн составында үч бир өңчөй мүчө катышкан конструкция мүнөздүү. Мындай ыкма «Жамийла» повестинде да бул өңдүү бир өңчөй мүчө катышкан сүйлөмдөр аз эмес. Мисалы келтирсек: «… жүрөгү зор адамдын ой-санаасын, кубанычын, тилегин баяндаган зор обон».

Бирок бул ыкма Айтматовдук конструкцияда өзгөрүлүп, андан ары өнүктүрүлүп, жаңы мүнөзгө ээ болот. Мисалы: «Жерде тытылып жаткан сүрөттү карап, ичимди өрттөп, куйкалаган ызага чыдабай жаттым, мейли мен биздин үй-бүлө, биздин уруу үчүн «бузуку» болоюн, бирок адамдык чоң чындыкка мен кыянаттык кылган жокмун, турмуштун чоң чындыгына мен акыр аягына чейин адилеттүү болгом».

Мына ушундай мисалдардан көрүнгөндөй, жазуучунун сүйлөм конструкциясын берүүдө индивидуалдуу өзгөчөлүгүн, мүнөзүн көрүүгө болот. Өзү электен өткөн эки маданият жазуучуну оригиналдуулукка алып келди.

Жамийланын кетиши менен айылда болгон кеп-сөз, ушактардын чыгармада берилиши, ар бири илептүү сүйлөм менен жазылышы, ал айылды чоң бушайманга салган окуяны туюндурат.

Ар бир адамдын айтуусу анын ички эргүүсүн, күүсүн билдирип, өз алдынча семантикага да, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да контекстте атайын мааниге ээ болуп, ар бир диалогдук кептин экспрессивдүү болушуна шарт түзөт. Мисал келтирсек: «Акмак да! ... шинели менен өтүгүнөн башка эчтекеси жок эле го? Мейли... тим кой, өкүнүп бармагын тиштээр, али...

Тооба, Садыктан артык эрди ал кайдан тапмак эле? Өз шоруна өзү түкүргөн арам, мейли, көрөрбүз ...».

Бул жерде келтирилген сүйлөмгө мүчө болбой турган сөздөр, контекстте мурунку кыймыл-аракеттин, башкача айтканда, Данияр менен Жамийланын кетишинин натыйжасы катары, атүгүл кыймыл-аракеттин коюлган натыйжасын психолингвистикалык каражаттар аркылуу берип жатат.

Ошол эле учурда диалогдордогу «тентиген мусапыр, тамтыгы чыккан өтүгү менен жаман шинелинен башка этекеси жок, короо-короо кою бар беле, өз ырыскысын тебелеп, өз убалы өзүндө, бармагын тиштээр. Эрди, кайненени кайдан табат экен, өз шоруна өзү түкүргөн арам, мейли» сыяктуу фразалык бирдиктерге каршы ага карата айтуучунун өз пикири натыйжалоочу кызмат аткарат.

«Даниярдын эски шинели менен тамтыгы чыккан өтүгүн мындай коюп, ал өзү ким экенин, анын ички байлыгы канчалык зор экенин мен билбегенде ким билет. Жамийла Данияр менен ээрчип кетип, таалайсыз болот деген кептерге мен эч бир ишенмек турсун, кайта ал анык таалайын тапты деп ишенгем» [2, 248].

Бул жердеги эки сүйлөм контексттин чегинде алып караганда тексттин жалпы тутумуна коюлган акыркы натыйжа. Анткени мындан ары айтылуучу логикалык бөлүк да, бүтүндүк да Жамийла менен Даниярдын иш-аракеттерине коюлуучу боёк катары кызмат кылбастан, Сейиттин өзүнө, энесине, анын сүрөтчүлүккө багыт алуусуна, Садык жана анын мүнөзүнө сүрөттөлүүчү сыр катары колдонулат. «Ким экенин мен билбегенде, ким билет, анык таалайын тапты деп ишенгем» деген фразалык бирдиктер чыгармадагы август түнүндө шаңшыган, кап көтөрүп бара жаткан Даниярдын, ат чабышта жеңип чыккан, суугa салышмай ойногон, күн жыттанган алаканы менен сылап, ой дудуксуңбу, ырдабайсыңбы деп шаңкылдап күлгөнү ж.б.

Жамийланын жана бардык иштеринин, кыймыл-аракеттеринин, Сейиттин да акыркы натыйжалуу ой жыйынтыгынын акыркы чекити.

«Образдар системасы Ч. Айтматовдун ар бир чыгармасында терең философиялуу, анткени анын көз алдында бүтүндөй жуурулушкан образдар системасы манасчынын көзүнө көрүнгөндөй автордун да текстинен да көрүүгө болот» [3, 92].

Көркөм чыгарма жазып жаткан жазуучу канчалык сөздөрдү, макал-лакаптарды, фразеологизмдерди, салыштырууларды, эпитеттерди билсе, аларды ыктуу колдонууга жетишсе, чыгарма ошончолук жакшы болот.

Ар бир тилдин өзүнүн тарыхы, буга байланыштуу өнүгүү деңгээли болоору шексиз. Бирок ал өзүнөн-өзү эле сулуу же кунарсыз болуп калуу мүмкүнчүлүгү бар. Көркөм алкакка түшпөгөн бир да сөз болушу мүмкүн эмес. Көркөм алкактан ар бир сөз өзүнө жараша, жазуучунун индивидуалдык дараметине жараша өң-түс алат, өзүнчө доошко, ал түгүл «жытка» ээ болот.

Ошентип, сөзгө дагы бир касиет кошулат, башкача айтканда, бир нерсени атап гана көрсөтпөстөн, өзүнө образдуулук касиетти камтууга да, сиңирүүгө да жетишет.

Демек, кеп-образ ойду калыптандыруу, күчөтүү жана жалпылоочулук касиет берүүнүн башкы орунга чыгып, тилдин негизги функциясына айлангандыгында. Эгерде ой күчөтүлүп, тереңдетилбей, дал ошол чийки кейпинде бериле турган болсо, чыныгы көркөм образ жаралбастан, чыгарма турмуштук фактылардын кургак жыйындысына айланып калаар эле. Мына ушул өңүттөн алып караганда көркөм кеп – бул искусство, көркөм чыгарманын өзү. Демек, көркөм чыгарма – бул баарыдан мурда, кайсы бир тилдик каражаттардын эмес, көркөм образдардын, деталдардын кыймылы, жыйындысы, андыктан мында тилдик каражаттар жөнүндө эмес, дал ушул көркөм образдар менен деталдар тууралуу кеп болууга тийиш.

«Мен элестер (образдар) аркылуу гана жазам. Окуя өтүп жаткан жерди, ситуацияны, персонаждарды жакшы элестете албасам, такыр жаза албайм», – дейт М. Гапаров өзүнүн интервьюсунда.

Демек, көркөм чыгармадагы образдуулук – жардамчы, күчөткүч мүнөздө болот да, көркөм чыгарманын образдуу мазмунун ишке ашыруудагы негизги каражат болуп саналат.

Мында турмуштун дал өзүндөй берүү, көрсөтүү дегенди өтө бир жактуу, башкача айтканда, турмуштагы окуяларды, көрүнүштөрдү, кубулуштарды болгонун болгондой эле кагазга түшүрө салуу деп түшүнүү чындыкка таптакыр коошпойт. Эгер андай болгондо, көркөм образ жаралбайт. «Жок,

көркөм образ жараттык деп эле көшөрүп туруп алсак да, жараткан «образыбыз» эстетикалык касиет-сапаттан кол жууп, тарбиялык мааниге, кудурет-күчкө эч бир ээ боло алмак эмес» [4, 120].

Мына ошентип Ч. Айтматовдун кайсы гана чыгармасына көз чаптырбайлы, анын стили колдонулган сөздөрдүн элестүүлүгү жагынан да адабий тилибиздин стилдик сапаты менен да шайкеш келет. Ал көркөм стиль менен оозеки стилди кеңири колдонуп, образды ачууда, кейипкердин мүнөзүн, кебетесин, оор психикалык абалын, анын турмуштагы көз карашын сүрөттөөдө жеке эле көркөм чыгарманын стилине кайрылса, чыгарманын эмоционалдуулугу, экспрессивдүүлүгү начар болуп калган болор эле. Ч. Айтматовдун повесттериндеги психологизм, каармандын жан дүйнөсүнүн диалектикасын ачууга жасалган ишенимдүү тенденция бүтүндөй кыргыз прозасынын өнүгүшүндөгү новатордук тенденция экендигин белгилей кетүүбүз керек. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы нукура чындыктын өзү баш каарман катары кирет, ал эми ошол нукура чындыкты алып жүрүүчүлөр болсо, кудум тирүү кишилердей өз аягы менен басып кеткен адабий каармандар. Чыгармаларын окуп жатканыңда ошол каармандар менен кадыресе сырдашууга да болот, алардын тагдыры туурасында ар кандай ой-сезимдерге бөлөнөсүң. Кош көңүл болуп кала бербейсиң. Алардын таасири ушундай. Жазуучунун кереметтүү калеминен чыккан адабий каармандар сенин айланаңда кошо жүргөнсүйт, сенин жакын таанышың катары элестейт. Окуганыңда адамдын аты улук экендигине да бир жолу ынанасың да, турмуш драмасына аралашасың. Жадакалса, Айтматовдун терс каармандары да адамдык ыйык сапатка каршы иштерди иштебесин, алар канча кылса да «адам» деген аттан таптакыр жайдак эмес. Дал ошол себептер менен алар адамга таасир калтырышат. Адабий каармандардын жасаган аракеттеринин коомдук мазмунун анын турмуштук чындык менен адабий чындыкты бирибирине сиңире алгандыгынан көрүүгө болот.

Кыргызстан жазуучулар Союзунун IV Пленумунда доклад окуган белгилүү сынчы К. Асаналиев: «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары сюжет куруу боюнча, образдарды иликтөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен айрыкча айырмаланып турат» [5, 200] деп белгилеп, алардын ийгилиги сюжет куруусунун мыктылыгында, каармандын ички мүнөзүн чебер көрсөтө алгандыгында деп белгилеген.

Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде сөздөрдүн образ түзүү функциясына анализ жүргүзүү менен окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, аң-сезимдерин активдештирүү, сөз байлыктарын арттырууга өбөлгө түзүлөрү белгилүү.

**Корутунду.** Демек, эгерде ой күчөтүлүп, тереңдетилбей, дал ошол чийки кейпинде бериле турган болсо, чыныгы көркөм образ жаралбастан, чыгарма турмуштук фактылардын кургак жыйындысына айланып калар эле.

Ошондуктан, көркөм чыгарма – бул баарынан мурда, кайсы бир тилдик каражаттардын кыймылы, жыйындысы.

***Адабияттар:***

1. Сакиева С., Тажиева Ж. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жаш муундарга адамкерчиликти калыптандыруу проблемалары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – № 4 (32). – С. 73-76.
2. Ч. Айтматов Чыгармалар жыйнагы. 7-том. «Бийиктик». – Бишкек, 2008. – 29 б.
3. Өмүралиева С. Ч. Айтматовдун көркөм чыгармаларына лингвистикалык илик – Бишкек, 1999. – 92-б.
4. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек, 1994. – 120-б.
5. Асакеева Д. Ч. Айтматовдун чыгармаларында сюжет куруу проблемасы. БМУ жарчысы. – Бишкек, 2023. – № 2 (64). – 234-б.

***Рецензиялаган:***

***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

*УДК: 894.3473 / 649.1*

***Кенешбекова Ажар Аскаровна,***
***Кыргыз-Түрк «Манас» университети,***
***методист,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***E-mail: turkolog2008@hotmail.com***

# С. РЫСБАЕВДИН «УМАЙ БАЛА» ЖОМОК-ПОВЕСТИНДЕГИ РУХАНИЙ-ТАРБИЯЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН «УЛУТТУК ДЕМ – ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК» УҢГУЖОЛУ МЕНЕН АЙКАЛЫШЫ

***Кенешбекова Ажар Аскаровна,***
***методист,***
***Кыргызско-Турецкий университет «Манас»,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***E-mail: turkolog2008@hotmail.com***

# СОЧЕТАНИЕ ДУХОВНО-ВОСПИТАТЕЛЬНЫХ ИДЕЙ ПОВЕСТИ-СКАЗКИ С. РЫСБАЕВА «УМАЙ БАЛА» С ДОКТРИНОЙ «НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДУХ – МИРОВЫЕ ВЫСОТЫ»

***Keneshbekova Azhar Askarovna,***
***Methodologist,***
***Kyrgyz-Turkish University «Manas»,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: turkolog2008@hotmail.com***

# THE COMBINATION OF SPIRITUAL AND EDUCATIONAL IDEAS IN S. RYSBAYEV THE FAIRY-TALE NOVEL «UMAI BALA» WITH THE DOCTRINE OF «NATIONAL SPIRIT – GLOBAL HEİGHTS»

***Аннотация:*** *Бул макалада Сулайман Рысбаевдин «Умай бала» жомок-повестинин идеялык мазмуну менен Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун концептуалдык багыттарынын өз ара айкалышы иликтенет. Изилдөөдө «Умай бала» чыгармасынын көркөм дүйнөсү аркылуу балдарды жамандыктан сактоо, адеп-ыйманга, билимге жана эне тилге болгон сүйүүгө тарбиялоо сыяктуу идеялардын мамлекеттик идеологиялык документтеги улуттук аң-*

*сезимди, мекенчилдикти жана руханий баалуулуктарды чыңдоо максаттары менен мазмундук жактан дал келери аныкталат.*

*Изилдөөнүн жүрүшүндө эки булак тең кыргыз элинин тарыхый, маданий жана руханий мурастарын сактап, азыркы доордун талабына ылайык жаңылоо идеясын көтөрөрү белгиленет. «Умай балада» бул баалуулуктар көркөм образдар аркылуу балдардын аң-сезимине жеткирилсе, «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунда алар мамлекеттик деңгээлде коомду бириктирүүчү идеологиялык багыт катары чагылдырылган.*

*Макаланын негизги жыйынтыгы – «Умай бала» жомок-повести менен «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу бир максатка, башкача айтканда улуттук иденттүүлүктү сактоо, адептүүлүккө жана билимге умтулган, мекенчил муунду калыптандыруу идеалына кызмат кылган руханий системаны түзөрүн далилдейт.*

***Аннотация:** В данной статье рассматривается взаимосвязь идейного содержания сказки-повести Сулеймана Рысбаева «Умай бала» и концептуальных направлений стратегического документа «Национальный дух – мировая высота», утверждённого Президентом Кыргызской Республики. В исследовании показано, что через художественный мир произведения «Умай бала» передаются идеи защиты детей от зла, воспитания нравственности, любви к знанию и родному языку, что по своему содержанию совпадает с целями государственной идеологической программы по укреплению национального сознания, патриотизма и духовных ценностей.*

*В ходе исследования отмечается, что оба источника поднимают идею сохранения исторического, культурного и духовного наследия кыргызского народа и его обновления в соответствии с требованиями современности. В произведении «Умай бала» эти ценности раскрываются через художественные образы, направленные на детское восприятие, тогда как в документе «Национальный дух – мировая высота» они представлены как идеологические ориентиры, объединяющие общество на государственном уровне.*

*Основной вывод статьи заключается в том, что сказка-повесть «Умай бала» и стратегический документ «Национальный дух – мировая высота» служат единой цели — формированию духовной системы, направленной на сохранение национальной идентичности, воспитание нравственных, образованных и патриотичных поколений.*

***Annotation:** This article explores the interrelation between the ideological content of Sulaiman Rysbaev's fairy-tale novella "Umai Bala" and the conceptual directions of the national strategy "National Spirit – Global Heights" approved by the President of the Kyrgyz Republic. The study demonstrates that through the artistic world of "Umai Bala", ideas such as protecting children from evil, fostering morality, love for knowledge and the native language align with the state's ideological goals of strengthening national consciousness, patriotism, and spiritual values.*

*The analysis highlights that both sources promote the idea of preserving the historical, cultural, and spiritual heritage of the Kyrgyz people while renewing it in accordance with modern challenges. In "Umai Bala", these values are conveyed through artistic imagery aimed at children's perception, whereas in "National Spirit – Global Heights", they are presented as ideological guidelines that unite society at the state level.*

*The main conclusion of the article is that "Umai Bala" and "National Spirit – Global Heights" share a common goal — to build a spiritual system that preserves national identity and nurtures a moral, educated, and patriotic generation.*

***Түйүндүү сөздөр:** Умай бала, улуттук дем, руханий тарбия, адеп-ахлак, эне тил, мекенчилдик, нарк-насил, идеология, уңгужол.*

***Ключевые слова:** Умай бала, национальный дух, духовное воспитание, нравственность, родной язык, патриотизм, традиционные ценности, идеология, стратегические направление.*

***Key words:** Umai Bala, national spirit, spiritual education, morality, native language, patriotism, traditional values, ideology, strategic pathway.*

**Киришүү.** Бул изилдөөдө Сулайман Рысбаевдин «Умай-бала» жомок-повестиндеги руханий жана тарбиялык идеялардын мазмуну менен 2024-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»* уңгужолунун концептуалдык багыттарынын айкалышы талданат. Эки булак тең улуттук аң-сезимди чыңдоо, руханий баалуулуктарды сактоо жана жаңы муунду мекенчилдикке, адептүүлүккө тарбиялоо максатын көздөйт. «Умай бала» жомок-повестинин негизги идеясы – балдарды жамандыктан коргоп, аларды таза, адептүү, билимге умтулган, улуттук наркнасилди туу туткан инсан катары тарбиялоо. Чыгармада Умай бала – дүйнө жүзүндөгү балдарды коргогон рухий периште катары сүрөттөлөт. Бул каарман жомок-повесть аркылуу балдарга үмүт, коопсуздук, ишеним тартуулап, улуттун келечеги үчүн кам көрөт. Ал эми башкы каарман Акылтай аркылуу бүгүнкү кыргыз баласынын образы ачылып, билимге умтулуу, эне тилди сактоо, адептүүлүк жана мекенге болгон сүйүү темалары көтөрүлөт.

Ушул эле идеяларды Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 Жарлыгы менен бекитилген *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»* уңгужолу да камтыйт. Уңгужолдо кыргыз элинин миң жылдык тарыхы, салтсанаасы, тили жана маданияты эгемен мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү негизги таяныч экени белгиленет. Ошол эле учурда бул уңгужол – азыркы коомду ойготуу, улуттук аң-сезимди күчөтүү жана келечек муунду тарбиялоодо идеологиялык багыт катары сунушталат: *«Кыргыз Республикасынын жарандарынын эң башкы байлыгы жана сыймыгы – эгемен мамлекети. Өлкөгө атын берген кыргыз эли өзүнүн 3000 жылдык узак тарыхында кээде жылдызы жанып, улуу каганаттын ээси болсо, кээде мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, саясий ал-күчүнөн тайган учурлары да болду, тагдырдын эчендеген оор сыноолоруна кабылды. Ошентсе да, кыргыз элинин рухий деми артса артты, кемиген жок, ал сөз мунарасын курду. «Манас» үчилтиги сыяктуу жалпы адамзаттык маанидеги улуу мурас жаратты»* [1].

**Изилдөөнүн максаты.** Изилдөөнүн максаты – «Умай бала» чыгармасындагы руханий-тарбиялык баалуулуктар менен «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» аттуу идеологиялык уңгужолунун негизги идеяларынын ортосундагы мазмундук жана баалуулук байланыштарды аныктоо. Ал эми чыгарманын жана уңгужолдун түпкү максаты – кыргыз элинин тарыхый, маданий жана руханий мурастарын унутта калтырбай, аны азыркы заманга жараша жандандыруу. «Умай бала» аркылуу автор балдарга адеп, ыйман, билимге умтулуу, эне тилге болгон сүйүү, мекенчилдик сыяктуу сапаттарды үйрөтүүнү көздөсө, уңгужол мамлекет деңгээлинде ошол эле баалуулуктарды жалпы коомго сиңирүүнү максат кылат.

**Изилдөө методдору.** Изилдөөдө төмөнкү методдор колдонулду:

1. *Салыштырма-талдоо методу* – «Умай бала» чыгармасынын идеялык мазмунун *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»* уңгужолунун негизги бөлүмдөрү менен салыштырып, окшоштук жана айырмачылыктарды аныктоо.
2. *Мазмундук анализ (контент-анализ)* – тексттердеги негизги руханий жана тарбиялык багыттарды талдап чыгуу.
3. *Символдук жана образдык анализ* – «Умай бала» чыгармасындагы каармандар, жөрөлгөлөр жана салттык мотивдер аркылуу берилген руханий маани-магызды чечмелөө.
4. *Идеологиялык-педагогикалык ыкма* – чыгармалардын коомдук, тарбиялык жана улуттук аң-сезимди калыптандыруудагы ролун баалоо.
5. *Синтездөө жана жыйынтыктоо методу* – алынган маалыматтарды бир системага келтирүү жана жалпылоо.

**Негизги мазмуну.** Чыгарманын башкы каарманы Акылтай Жашыл-Нурабад шаарынын кичинекей тургуну. Чыгарманын өзөгү Акылтайды ата-энеси шаар сыртына муз тебүүгө алып барган күндөн башталат.

Күн кечкирип, күтүүсүздөн бороон башталып, Акылтай карга буюгуп, жоголот. Ата-энеси каш карайгыча Акылтайды издеп, түн киргенде үйгө кайтышат. Кар астында калган Акылтайды чыгарманын фантастикалуу каарманы аталган Умай бала учуучу килем менен келип, Акылтайды Умалай тоосуна алып кетет. Бала кайда бара жатканын, ким алып кеткенин түшүнүп-түшүнбөй кете берет.

Умай бала көзгө көрүнбөс, дүйнөлүк балдар адабиятына белгилүү «Алладин» каарманы сыяктуу килем үстүндө учкан, балдарды коргоочу сыйкырдуу күчкө ээ. Ал балдардын гана көзүнө көрүнөт жана Умай Эненин тапшырмаларын аткарат. Ошондуктан Акылтайды үйүнө жеткирип, эшигинин алдына таштап кеткенин эч ким көрбөй калат. Кийинчерээк окуялар чиеленишип, балдар менен байланыштуу ар кыл кырсыктар, бала уурдоо, төрөтканадан бала алмаштыруу сыяктуу окуялардын бардыгы Умай баланын жардамы аркылуу жакшылыкка чечилет. Акылтай аман-соо үйгө кайтып келгендеги баланын окуяны айтып бергени ата-энени кооптонтуп, айылдагы ата-энесине ырым-жырым жасатканы алып барышат. Ошондо Акылтайдын чоң атасы баланын Умай эненин колдоосундагы бала экенин айтып, баланын психикалык жактан жабыркабагандыгын билдирет.

С. Рысбаев ырым-жырымдарды чыгармада колдонуусу аркылуу кыргыздарда каада-салттын, нарк-насилдин өтө маанилүү экендигин белгилейт. «Умай бала» жомок-повестинде айтылган каада-салттар, ырым-жырымдар, энелик касиет, тилдин баркы, улуттук асыл нарктар тууралуу ойлор *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»* уңгужолунда да кеңири чагылдырылат. Маселен, чыгармада «Шейшемби – Умай энени күнү», «Умач аш» жөрөлгөсү, «Эне тилден айрылуу – чоң трагедия» деген сыяктуу ойлор аркылуу элдин рухий таянычы баяндалса, уңгужолдо да «элибиздин нарктуу салт-санаасы, тили, маданияты – кыргызды эл катары сактап калган негизги күч» деп белгиленет. О.э. «Умай балада» балдардын укугун коргоо, зомбулукка каршы күрөш, билим берүү системасын оңдоо сыяктуу заманбап темалар көтөрүлөт. Бул маселелер уңгужолдун максаттары менен да дал келет, анткени анда мамлекетти өнүктүрүү үчүн жарандардын билим деңгээлин жогорулатуу, руханий дөөлөттөргө таянып, коомдук институттарды калыбына келтирүү зарылчылыгы айтылат.

Умай бала – жомоктогу фантастикалык каарман болгону менен, анын идеялык салмагы терең жана коомдук-педагогикалык мааниге ээ. Анын образында кыргыз элинин байыркы түшүнүгү – Умай Эне менен болгон рухий байланыш, нарк-насилдин, эне сүтүнүн, энелик мээримдин улуу мааниси көркөм формада чагылдырылган. Умай бала – жөн гана жомок-повесттин каарманы эмес, бул каарман аркылуу автор балдардын ички дүйнөсүнө таасир берүүчү, коопсуздугун, тарбиялык өнүгүүсүн жана адамдык сапаттарын сактоочу универсалдуу руханий фигураны түзүүгө умтулат.

*«Биздин келечектеги кыргыз элинин жаш муундары азыркы учурда өзүнүн тарыхын, улуттук маданияттарын, каада-салттарын, улуттук маданий тамырларын, үрп-адаттарын кескин түрдө жоготуп ала тургандай олуттуу коркунучтарды туудуруп күч алууда. Учурда элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, ырым-жырымдардын көптөгөн элементтери өзгөрүлүп жана жөнөкөйлөштүрүлүп, айрымдары таптакыр эле жок болуп кеткен»* [3, 55]. Ушул сыяктуу себептерден улам Кыргыз Эл жазуучусу С. Рысбаев дээрлик бардык чыгармаларында улуттук баалуулуктарды, нарк-насил, каада-салт, ырым-жырымдарды балдарга жеткирүүнү максат кылаары даана көрүнөт.

**Талкуу.** *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун негизги идеялары.*

Уңгужол – бул мамлекеттик деңгээлдеги концептуалдык документ болуп, ал киришүүдөн сырткары 10 бөлүктөн турат: Алар төмөндөгүдөй:

I. Учурдагы абалга сереп;

II. Негизги таянымдар;

III. Уңгужолдун максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктар;

IV.Уңгужолдун негизги багыттары:

1. Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият;
2. Айлана-чөйрө;
3. Экономика;
4. Мамлекеттик тил;
5. Социалдык мамилелер;
6. Дене тарбия жана спорт;
7. Дин.

V. Кыргыз жери;

VI. Кыргыз эли;

VII. Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик;

VIII. Кыргыз жаранынын негизги баалуулуктары;

IX. Чакырык

X. Колдонулган түшүнүктөр, терминдер анда төмөнкүдөй негизги багыттар менен белгиленген:

- улуттук өзүнчөлүктү сактоо;
- кыргыз тилин жана маданиятын өнүктүрүү;
- улуттук аң-сезимди калыптандыруу;
- жарандык мекенчилдикти бекемдөө;
- руханий жана маданий жаралуулар аркылуу коомду бириктирүү ж.б.

Учурда жогоруда белгиленген критерийлер боюнча тиешелүү мамлекеттик мекемелер тарабынан кызуу иштер жүргүзүлүүдө. Маселен, *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун* негизинде билим берүү тармагында «Адеп», «Нарк-насил» сабактарынын, маданият тармагында даңазалоо иштеринин, тарых жаатында изилдөөлөрдүн күчөтүлүүсү боюнча токтом долбоорлору, укуктук актылар даярдалууда.

1. *«Умай бала» жомок-повестиндеги негизги идеялар* – баланы жамандыктан сактоо, адепке, ыйманга, билимге жана эне тилге сүйүү сезимине тарбиялоо, улуттук нарк-насилди баалоо.

2. *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолундагы негизги багыттар* – руханий тарбияны мамлекеттик деңгээлде жандандыруу, улуттук аң-сезимди жана тилди сактоо, маданий мурастарды жаңылоо, билимдүү жана мекенчил муунду калыптандыруу.

3. Эки булакта тең *руханий өзөктүүлүк жана тарбиялык максаттар* бир багытка карайт: улуттук өзүнчөлүктү сактоо, маданият менен тилди өнүктүрүү, моралдык баалуулуктарды чыңдоо.

4. «Умай балада» бул идеялар көркөм образдар аркылуу баланын аң-сезимине таасир этсе, «Уңгужолдо» алар мамлекеттик идеологиянын системалуу багыты катары көрсөтүлөт.

5. Изилдөөнүн жүрүшүндө чыгармадагы жана документтеги төмөнкү окшош идеялык багыттар аныкталды:

*«Умай бала» жомок-повести менен «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун мазмундук айкалышы*

*1-таблица.*

| **«Умай бала» жомок-повестинде** | **«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунда** |
|---|---|
| Балдарды коргоо, адепке үйрөтүү | Руханий тарбия, улуттук аң-сезимди калыптандыруу |
| Эне тилди баалоо, жоготпоо чакырыгы | Тилди сактоо жана өнүктүрүү мамлекеттик саясат катары |
| Салт-санааны жомок аркылуу жайылтуу | Каада-салтты коомдук институт катары баалоо |
| Рухий тазалык, билим, адепти артык көрүү | Идеологиялык биримдикти жаратуу |
| Зомбулукка каршы күрөш (балдарга карата) | Коомдук адилеттүүлүк, моралдык жоопкерчилик |

Сулайман Рысбаевдин «Умай бала» жомок-повести менен «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу – бири көркөм чыгарма, бири мамлекеттик идеологиялык документ болгонуна карабастан, идеялык жана руханий мазмуну жагынан бири-бирин толуктап тургандыгы аныкталды. Алардын башкы максаты – кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн сактоо, жаңы муунду адеп-ахлак, улуттук аң-сезим жана билим аркылуу тарбиялоо, коомду туура жолго багыттоо экендиги айкын болду.

**Натыйжалар.** Изилдөө көрсөткөндөй, Сулайман Рысбаевдин «Умай бала» жомок-повести – бул жөн гана балдарга арналган чыгарма эмес, улуттун тарбия системасындагы руханий-педагогикалык концептти түзгөн көркөм чыгарма. Ал кыргыз дүйнө таанымындагы *«Умай эне» архетибин* азыркы педагогикалык философия менен айкалыштырып, баланын руханий коопсуздугун сактоочу универсалдуу образды жараткан. Ошол эле учурда, «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу бул идеяларды *мамлекеттик деңгээлде ишке ашыруучу идеологиялык багыт* катары сунуштайт. Демек, «Умай бала» чыгармасы – руханий тарбиянын көркөм үлгүсү, ал эми уңгужол – ошол руханий баалуулуктарды коомдук турмушка киргизүүнүн практикалык платформасы болуп саналат.

Бул жагдай кыргыз элинин тарыхый рухий мурастарын жаңылоо жана балдар тарбиясында улуттук өзгөчөлүктү сактоо зарылдыгын тастыктайт.

**Корутунду**. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында, Сулайман Рысбаевдин ***«Умай бала»*** жомок-повести менен Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кабыл алынган ***«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»*** уңгужолунун негизги идеялары мазмундук жана баалуулук деңгээлде өз ара терең байланышта экени аныкталды. Эки булак тең улуттук аң-сезимди ойготуу, руханий кайра жаралуу жана жаңы муунду адеп-ахлак, ыйман, билим аркылуу тарбиялоо максаттарын көздөйт.

«Умай бала» чыгармасында бул идеялар көркөм формада, мифтик жана символдук образдар аркылуу көрсөтүлүп, баланын дүйнө таанымына жана руханий дүйнөсүнө түз таасир этүүчү педагогикалык күчкө айланган. Умай баланын образында улуттук рух, энелик мээрим, тил жана салт сыяктуу түпкү баалуулуктар жаш муундун аң-сезимине сиңирилет. Ал эми «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу ошол эле баалуулуктарды мамлекеттик деңгээлде ишке ашырууну, коомдун бардык катмарларына тарбиялык-идеологиялык система катары киргизүүнү көздөйт.

Ошентип, «Умай бала» – бул руханий тарбиянын көркөм модели, ал эми *«Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик»* – ошол руханий-тарбиялык идеалдарды, мамлекеттик концепцияга айландырган документ болуп саналат. Эки булактын айкалышы кыргыз элинин тарыхый нарк-насилин, тил менен маданиятын сактоо жана өнүктүрүү багытындагы жалпы улуттук максаттардын биримдигин көрсөтөт.

Изилдөөнүн натыйжасында, мындай жыйынтык чыгарууга болот: кыргыз коомунун келечеги руханий дөөлөттөргө, адеп-ыйманга, билимге жана улуттук аң-сезимге негизделген муунду тарбиялоого байланыштуу. «Умай бала» жана «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» ушул багытта бири-бирин толуктап, кыргыз элинин руханий жыргалын жана мамлекеттүүлүк идеологиясын бекемдөөгө кызмат кылат.

***Адабияттар:***

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө» Жарлыгы // Эркин-Тоо. – 2024-ж., 20-декабрь, № 98 (3653)
2. Асаналиев Б. Умай бала дүйнө балдарын зомбулуктан куткарат же балдар жазуучусу С. Рысбаевдин «Умай бала» повести тууралуу // [Электрондук ресурс] / Б. Асаналиев. – 2015. – https://kmborboru.su/2015/02/10/umaj-bala-d-jn-baldaryn-zombuluktan-kutkarat-zhe-baldar-zhazuuchusu-sulajman-rysbaevdin-umaj-bala-povesti-tuuraluu

3. Мэлсбек Н., Улуттук салттардын негизинде үй-бүлөдө өспүрүмдөрдүн жүрүм-турум моделин калыптандыруу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – №2 (60). – С. 50-56.
4. Рысбаев С. Сүйлөөчү китеп. – Б.: 2014. – 3-китеп. – 177-б.

***Рецензиялаган:***

***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ
ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ
EDUCATION AND TRAINING

***Иманкулов Мурат Калматович,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***лаборатория башчысы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨГӨ ТИЙИШТҮҮ НАРК-НАСИЛ ЖАНА АДЕП-АХЛАК НОРМАЛАРЫ: ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ КОНТЕКСТ ЖАНА АЗЫРКЫ ДООРГО ТРАНСФОРМАЦИЯ

***Иманкулов Мурат Калматович,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***заведующая лабораторией,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# СЕМЕЙНЫЕ ЦЕННОСТИ И НРАВСТВЕННЫЕ НОРМЫ В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ: ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНЫЙ КОНТЕКСТ И ТРАНСФОРМАЦИЯ В СОВРЕМЕННУЮ ЭПОХУ

***Imankulov Murat Kalmatovich,***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Docent,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Alimbaeva Bermet Bekeshovna,***
***Head of Laboratory,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# FAMILY-RELATED VALUES AND MORAL NORMS IN KYRGYZ SOCIETY: HISTORICAL-CULTURAL CONTEXT AND TRANSFORMATION IN THE MODERN ERA

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз коомундагы үй-бүлөгө байланыштуу нарк-насил, адеп-ахлак нормалары жана алардын тарыхый-маданий калыптанышы комплекстүү талдоого алынат. Изилдөөдө кыргыздардын салттуу социалдык түзүлүшү, ата-бабалардан калган коомдук жүрүм-турум эталондору, муундар ортосундагы мамилелер, гендердик ролдор жана үй-бүлөлүк тарбия институттарынын функциялары каралат. Мындан тышкары, үй-бүлөдөгү сый-урмат, улууну урматтоо, кичүүгө камкордук, намыс, кадыр-барк, ынсап, ыйман сыяктуу фундаменталдык түшүнүктөрдүн кыргыз маданиятындагы орду жана аларды жөнгө салган адат-салттык механизмдер талданат.*

*Макалада тарыхый-этнографиялык булактар, элдик оозеки чыгармачылык материалдары, салттык укуктук нормалар (адат укугу), этнологиялык жана социологиялык изилдөөлөргө таянып, кыргыз үй-бүлө маданиятынын эволюциясы көрсөтүлөт.*

***Аннотация:*** *В данной статье комплексно анализируются ценности, обычаи и моральные нормы, связанные с семьей в кыргызском обществе, их историко-культурное формирование. В исследовании рассматриваются традиционная социальная структура кыргызов, нормы социального поведения, унаследованные от предков, межпоколенные отношения, гендерные роли и функции институтов семейного воспитания. Кроме того, анализируется место таких основополагающих понятий, как уважение к семье, уважение к старшим, забота о младших, честь, достоинство, порядочность и вера в кыргызской культуре и механизмы их регулирования.*

*В статье рассматривается эволюция кыргызской семейной культуры на основе историко-этнографических источников, материалов народного устного творчества, традиционных правовых норм (обычного права), этнологических и социологических исследований.*

***Annotation:*** *This article comprehensively analyzes the values, customs, and moral norms associated with the family in Kyrgyz society, as well as their historical and cultural formation. The study examines the traditional social structure of the Kyrgyz people, the norms of social behavior inherited from their ancestors, intergenerational relationships, gender roles, and the functions of family institutions. Additionally, it analyzes the place of fundamental concepts such as respect for family, respect for elders, care for the younger generation, honor, dignity, integrity, and faith in Kyrgyz culture, as well as the mechanisms that regulate them.*

*The article examines the evolution of Kyrgyz family culture based on historical and ethnographic sources, materials from folk oral art, traditional legal norms (customary law), and ethnological and sociological research.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, адеп-ахлак нормалары, нарк-насил, тектүүлүк, эмгек тарбиясы, чет өлкө, каада-салттар, улуттук иденттүүлүк, улуттук тарбия.*

***Ключевые слова:*** *семья, нравственные нормы, ценности, благородство, трудовое воспитание, зарубежные страны, традиции, национальная идентичность, национальное воспитание.*

***Key words:*** *family, moral norms, values, nobility, labor education, foreign countries, traditions, national identity, national education.*

**Киришүү.** Кыргыз коомунда үй-бүлө – социалдык тартиптин, муундар аралык улануунун жана маданий коддун негизги өзөгү катары кылымдар бою функция аткарып келген универсалдуу социалдык институт. Глобалдашуунун күчөшү, урбанизация, миграциялык агымдардын кеңейиши жана санариптик коомго өтүү процесси Кыргызстанда үй-бүлөлүк баалуулуктардын мазмунуна жана алардын берилиш механиздерине олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүүдө. Мындай шартта кыргыздардын нарк-насилинде камтылган адеп-ахлактык нормалардын тарыхый табиятын изилдөө жана аларды бүгүнкү күндүн талаптарына шайкеш интерпретациялоо абдан маанилүү.

Азыркы мезгилде үй-бүлөдөгү тарбия системасынын алсырашына, ата-эне менен балдардын ортосундагы баарлашуунун өзгөрүшүнө жана коомдук моралдын дифференциацияланышына карата күчөгөн коомдук тынчсыздануу кыргыздын салттуу нарк-насилинин изилденишин жана практикалык колдонулушун өзгөчө актуалдуу кылууда. Ошол эле учурда салттуу маданий нормаларды түздөн-түз көчүрүп алуу эмес, алардын баалуулук маңызын түшүнүү жана заманбап социалдык институттар менен айкалыштыруу талабы жаралууда.

Ушул жагдайлар макаланын темасын илим үчүн да, билим берүү үчүн да, социалдык саясат үчүн да актуалдуу кылат. Изилдөөнүн жыйынтыктары мектептик билим берүүдө, үй-бүлөлүк саясатта, маданий программаларда, жаштар тарбиясында жана улуттук идеологиялык стратегияда колдонула ала турган илимий негизди сунуштайт.

Кыргыз коомунун тарыхый маданиятында үй-бүлө – кылымдар бою үй-бүлөдө мамилелердин аристократизмине жана айлана-чөйрөгө этият мамиле кылууга тарбиялап, «Калган журтуң, конгон журтуңдан таза болсун!» деген макалда айтылгандай, экологиялык балансты бузбай, жаратылыш менен таттуу мамиледе болуп, биргелешип жашоонун философиясын иштеп чыгышкан. Патриархалдык мамилелер жана көчмөнчүлүк жашоо образы кыргыздардын көп муундуу үй-бүлөлүк жана тиричиликтеги байланыштарын, каада-салттарын, адаттарын жана ырым-жырымдарын аныктады.

Кыргыз коомунун руханий дүйнөсүндө үй-бүлө – тарбиянын негизги институту, коомдук мамилелердин башаты жана моралдык-этикалык баалуулуктардын сактоочусу болуп саналат. Патриархалдык үй-бүлөдө эркек башчы катары эсептелип, аялдар көбүнчө үй-тиричилик жана бала кароо менен чектелет. Нарк-насил жана адеп-ахлак нормалары кыргыз этностук маданиятынын өзөгүн түзөт. Айрыкча үй-бүлө чөйрөсүндө бул баалуулуктар муундан-муунга өтүп, элдик тарбия системасынын негизинде калыптанып келген. Үй-бүлөдөгү тарбия, уруу-урук, тукумга мамиле, улуу-кичүү тартиби, аял жана эркектин орду сыяктуу маданий нормалар нарк-насил түшүнүгүнүн өзөгүн түзгөн.

Азыркы доордогу глобалдашуу, урбанизация жана маалыматтык технологиялардын өнүгүшү үй-бүлөлүк мамилелердин, нарктык системанын трансформациясы жүрүп, үй-бүлө институту жаңы социалдык жана маданий чакырыктарга туш болууда. Тышкы миграция – жубайлардын бири же экөө тең чет өлкөлөрдө эмгектенип, ата-энелик милдетин башка үй-бүлө мүчөлөрүнө же тууган-туушкандарына жүктөөгө алып келүүдө. Натыйжада балдар менен чоңдордун мамилелеринде өзгөрүүлөр болуп, салттуу нарк-насилден, адеп-ахлактык эрежелерден алыстоолор байкалууда. Ошол эле учурда, аялдардын коомдук жана экономикалык активдүүлүгү жогорулап, үй-бүлөдөгү мамилелердин жаңы формаларынын калыптанышына алып келди. Үй-бүлө коомдогу динамикалык өзгөрүүлөргө ылайыкташууда.

Бул илимий макаланын максаты – кыргыз коомундагы үй-бүлөгө тиешелүү нарк-насил жана адеп нормаларынын педагогикалык маңызын, мазмунун, тарыхый тамырларын жана азыркы шарттагы трансформациясын талдоо.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз үй-бүлөсүндөгү нарк-насил жана адеп-ахлак нормаларынын тарбиялык иштешин илимий жактан негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- Кыргыз маданиятындагы нарк жана насил түшүнүктөрүн аныктоо;
- Үй-бүлөлүк адеп-ахлак нормаларынын тарыхый-этнографиялык тамырларын талдоо;
- Үй-бүлө тарбиясынын педагогикалык функцияларын ачып берүү;
- Заманбап шарттагы үй-бүлө баалуулуктарынын трансформациясын иликтөө.

**Нарк жана насил түшүнүгүнүн маңызы.** Кыргыздардын дүйнө таанымында нарк – бул адамдын ички жана тышкы сапаты, коомдогу ордуна жараша адеп-ахлактык жоопкерчилиги. Ал эми насил – адамдын тукуму, теги, тарбиясы, муун улантуудагы маданий салмак жана муундар аралык

маданий мурас, ата-бабалардан калган нарк-насилдик код.

Нарк – руханий бийиктик, уят, ар-намыс, урмат, жоопкерчилик, сабыр, мээрим сыяктуу сапаттарды камтыйт. Насил – адамдын тарбиясы, теги, ата-энесинен алган көрөңгөсү, үй-бүлөлүк маданияты. Кыргыз эли: «Тектүүлүк – тарбиядан» деген принципти карманып, социалдык моралдык жоопкерчиликти үй-бүлөдөн баштаган.

**Үй-бүлөгө карата адеп-ахлак нормалары.** Кыргыздардын күндөлүк турмушунда үй-бүлөлүк каада-салттар өзгөчө орунду ээлеген. Кылымдар бою калыптанган каада-салттар, көптөгөн муундардын акыл-эсин чагылдырган. Жогорку адептүүлүк улууларды, өзгөчө ата-энелерди урматтоодон, кыйынчылык башка түшкөндө бири-бирине жардам кылууга умтулуудан көрүнгөн. К.Байбосунов жазгандай, тууганчылык эң терең этикет, урматтоо даражасына карай бөлүү: «Эне», «Эже», «Карындаш», «Ата», «Байке», «Куда», «Кудагый», «Тууган» – булардын бардыгын, бир коктудагы адамдардын кичинекей коомунун социалдык-психологиялык уюму катары кароого болот. Бул бир маданий мейкиндикке бириккен адамдардын ыйык корпорациясы.

Патриархалдык, чоң үй-бүлө үй-бүлөлүк мамилелердин салтка айланган формасы болгон. Ал да акыр аягында, коомдук мамилелердеги кайра түзүүлөрдүн натыйжасында өзгөрүүлөргө дуушар болду. XIX к. жекече мүлкү бар, бирок ичинде тууганчылык байланыштар дагы эле сакталып калган, үй-бүлөлүк-туугандык топторду бириктирген кичи үй-бүлө үй-бүлөнүн үстөмдүк кылуучу формасы болгон. Кыргыздардын үй-бүлөлүк-туугандык топтору «бир атанын балдары» деп аталган. Эркек жагынан тууганчылык байланыштардын бекемдиги, кыргыздардын үй-бүлөлүк турмушунун жалпы белгиси болуп саналат. Бул топко кирген үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда, дагы эле чарбалык өз ара мамилелер (биргелешип кийиз, аркан жасоо, чий токуу) сакталып калган. Бул топко кирген ар бир үй-бүлө, муктаж болгон ар бир үй-бүлөгө колунан келген материалдык жардамын берген. Ошентип, бул топтордо жеке менчиктин, керектөөчүлүк жалпылыктын, ички туугандык тилектештик жана башкалардын болушу менен катар эле, кандаш-тууганчылык байланыштар, өндүрүштүк кооперациянын элементтери сакталып калып, бул үй-бүлөлөрдүн мүлктүк теңсиздиктин өсүшүнүн шартында алардын бардыгы аралашып кеткен.

Кичи үй-бүлө үй-бүлө башчысынан, анын аялынан жана балдарынан, кээде ата-энелеринен да турган. Жарды үй-бүлөлөр, эреже катары моногамдык үй-бүлө болгон. XIX к. кичи үй-бүлө менен катар эле, кыргыздарда патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын тышкы көп белгилерине ээ болгон жана анын бузулуу процесси небак эле башталган, бир кыйла сандагы бөлүнбөгөн, чоң үй-бүлөлөр жашай берген. Алар үч же андан көп муундагы туугандардан туруп, жалпы бир чарбада жашаган жана андагы үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны бир нече ондоп саналган. Мал жалпы үй-бүлөнүн энчиси деп эсептелип, азык-түлүктүн запастары, тамактануу сыяктуу эле жалпы болгон.

С.М. Абрамзон «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» деген өзүнүн монографиясында, белгилүү чыгыш таануучу Н.Х. Калеминдин кол жазмаларындагы материалдарга таянып, XIX к. биринчи жарымында болгон чоң үйдүн толук сүрөттөмөсүн түзүп берген. Бул сүрөттөмө кыргыз чоң үйүнүн жана өткөндөгү патриархалдык коомдун экономикалык жана социалдык структурасынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар, анын ички уюштурулушунун жандуу жана айкын картинасын камтыйт. Үй-бүлө 15 мүчөдөн турган. Мал жана азык-түлүктүн запастары жалпы энчи болгон. Бардык чарбалык тиричиликке жана ички үй-бүлөлүк мамилелерге жетекчилик кылуу үй-бүлө башчысына тиешелүү болгон. Балдарынын ичинен, бардык жагынан кыйла өнүккөнү, жакшыраагы, сабаттуусу жардамчылыкка бөлүнгөн. Ал үй-бүлөлүк иштерди башкарууда атасынын түздөн-түз жардамчысы гана болбостон, ошондой эле, керектүү учурларда, бүткүл жамаатка тиешелүү,

кандайдыр бир маселелерди чечүүдө үйдүн атынан чыккан.

Кыргыз коомунда үй-бүлө социалдаштыруу институту катары төмөнкү функцияларды аткарган:

- Рухий-адамгерчилик тарбия;
- Эмгек тарбиясы;
- Маданий-этностук баалуулуктарды өткөрүү;
- Улуу-кичүү тартибин үйрөтүү;
- Жоопкерчиликтүү ата-эне болууга даярдоо.

Элдик педагогикада: «Бала – бала менен, адам – адам менен» деп, социалдык чөйрөнүн мааниси баса белгиленет.

***Кыргыз салтындагы үй-бүлөлүк нормалардын формалары.*** Үй-бүлө институту бул баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүүнүн негизги механизми болуп келген. Кыргыз элинде «Улууга урмат, кичүүгө ызат» түшүнүгү үй-бүлөдөгү социалдык иерархиянын, тарбиялык системанын, адептик жүрүм-турум нормаларынын негизин түзгөн.

«Балдар биздин келечегибиз – деген накыл сөздүн мааниси терең. Биз балдарыбызды эмгекчил, таза, чынчыл, дени сак, ыймандуу, билимдүү болгондой тарбиялашыбыз керек» [10, 69].

Келиндин улгайган адамдарга кызмат кылуусу, күйөө баланын кайын журтуна сылык мамилеси, энелердин балдарды эне тили жана нарк-насил жолу менен тарбиялоосу – улуттук үй-бүлө маданиятынын керегелерин түзгөн.

***Адеп-ахлак нормалары жана алардын тарбиядагы ролу.*** Кыргыз үй-бүлөлүк адеби төмөнкү принциптерге таянат:

- Улуу адамды сыйлоо;
- Энеге жана аял затына урмат;
- Атаны туу катары көрүү;
- Келиндин үй-бүлөгө ыйык кызматын аткаруусу;
- Агалардын калдыгын жебөө, улуунун сөзүн бөлбөө;
- Меймандостук тарбиясы;
- Уят, ар-намыс, нарк түшүнүктөрү.

Бул баалуулуктар баланын инсан катары калыптанышына түздөн-түз таасир этет.

**Үй-бүлө тарбиясынын педагогикалык функциялары.**

***1. Үй-бүлөнүн педагогикалык функцияларынын теориялык негизи.*** Үй-бүлөнүн педагогикалык функциялары – бул баланын социалдык-психологиялык өнүгүүсүн, руханий-маданий калыптанышын жана билим алуусун камсыз кылган үй-бүлөлүк иш-аракеттердин комплекси. Бул функциялар педагогикалык, социологиялык жана психологиялык методологиялардын кесилишинде түшүндүрүлөт.

Негизги концепциялар төмөнкүлөргө таянат:

- Социалдашуу теориялары (Э. Дюркгейм, Дж. Мид, Т. Парсонс) – үй-бүлөнү адамды коомго интеграциялоонун баштапкы институту катары карайт.
- Инсандык өнүгүү теориялары (Л. Выготский, Ж. Пиаже, Э. Эриксон) – баладагы когнитивдик жана социалдык-психологиялык өзгөрүүлөрдө үй-бүлөнүн ролун белгилейт.
- Маданий-тарыхый методология – үй-бүлөнүн педагогикалык функцияларын конкреттүү этномаданий чөйрөнүн контекстинде талдайт.

***2. Үй-бүлөнүн негизги педагогикалык функциялары.***

***2.1. Тарбиялык функция.*** Бул функция баланын моралдык, этикалык жана маданий нормаларды өздөштүрүүсүн камсыз кылат. Үй-бүлө баланын жүрүм-турум стандарттарын, коомдук баалуулуктарга болгон мамилесин жана социалдык ролдорун калыптандырат.

*Негизги багыттары:*

- моралдык жана этикалык нормаларды өздөштүрүү;
- милдет, жоопкерчилик, эмгек маданиятынын калыптанышы;
- улуттук нарк-насил жана салттуу баалуулуктарды өткөрүү.

***2.2. Билим берүү функциясы.*** Үй-бүлө баланын интеллектуалдык өнүгүүсүн, билимге болгон кызыгуусун формалаштырат. Ата-энелер билим алууга шарт түзүп, мектепке чейинки жана мектептик билим берүүнү колдойт.

Мазмуну:

- когнитивдик өнүгүүгө көмөк көрсөтүү;
- окууга болгон мотивацияны стимулдаштыруу;
- билим берүү ресурстарына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

***2.3. Коммуникативдик функция.*** Үй-бүлө баланы тилдик чөйрөгө, коммуникация маданиятына жана социалдык өз ара аракеттенүүгө үйрөтөт.

Компоненттери:
- сөз маданиятын өздөштүрүү;
- конфликттик кырдаалдарды конструктивдүү чечүүнү үйрөнүү;
- социалдык байланыштардын үлгүсүн калыптандыруу.

***2.4. Эмоционалдык-психологиялык функция.*** Үй-бүлө баланын психологиялык коопсуздугун, эмоционалдык туруктуулугун жана өзүнө болгон ишенимин камсыздайт.

Маңызы:
- сүйүү, колдоо, мээрим, камкордук көрсөтүү;
- стресс жана кризистик абалдарды жеңүүгө жардам берүү;
- позитивдүү өзүн өзү баалоону калыптандыруу.

***2.5. Социалдык-адаптациялык функция.*** Бул функция баланы коомдук чөйрөдө жашоого даярдайт, социалдык нормаларды өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт.

Мазмуну:
- социалдык ролдорду (бала, окуучу, жаран) өздөштүрүү;
- коомдук талаптарга адаптация механизмдери;
- социалдык жүрүм-турум калыптары.

***2.6. Маданий-тарыхый функция.*** Үй-бүлө этномаданий тажрыйбаны, улуттук салт-салтты, маданий символдорду жана тарыхый эс тутумду муундан муунга өткөрөт.

Компоненттери:
- улуттук каада-салттарды сактоо;
- маданий өздүк идентификацияны бекемдөө;
- тарыхый мурастын континуумун камсыз кылуу.

**XXI кылымдагы үй-бүлөнүн трансформациясы.** XXI кылымда үй-бүлө институту дүйнөнүн бардык аймактарында терең трансформациялык процесстерди баштан өткөрүүдө. Бул өзгөрүүлөр глобалдашуу, санариптешүү, миграция, социалдык нормалардын либералдашуусу, экономикалык динамика жана гендердик мамилелердин жаңылануусу сыяктуу факторлор менен шартталган. Натыйжада, үй-бүлөнүн структурасы, функциялары, баалуулук багыттары жана тарбиялык потенциалы мурдагы тарыхый этаптарга салыштырганда олуттуу өзгөрдү. XXI кылымдагы үй-бүлө – бул динамикалык, ар түрдүү формадагы, жеке тандоолордун жана технологиянын таасириндеги социалдык система.

Азыркы үй-бүлө салттуу үч муундуу үй-бүлө болбой эки муундуу (ата-эне жана балдар) структура болуп, жубайлардын тең укуктуулугу жана жеке тандоолору басымдуулук кылат. Азыркы учурда айыл жеринде үч муундуу үй-бүлө сакталып калса, шаар жеринде эки муундуу үй-бүлө басымдуулук кылат. «Бул көрүнүш билим деңгээлинин жогорулашы, аялдардын коомдук активдүүлүгүнүн өсүшү жана миграциянын таасири менен байланыштуу. Мындай шарттарда кыргыз үй-бүлөсү салттуу баалуулуктар менен заманбап турмуштун ортосунда жаңы формаларды түзүп жатат» деп белилейт Н.Курманбекова.

Кыргызстан менен Борбор Азияда салттык көп балалуу үй-бүлөнүн үлүшү азайып бара жатат. Экономикалык факторлор, билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулашы жана аялдардын эмгек рыногуна активдүү аралашуусунун натыйжасында 2–3 балалуу моделдер басымдуулукка ээ болууда.

XXI кылымда дүйнөдө 280 миллиондон ашуун мигрант бар. Кыргызстанда миграциянын үй-бүлөгө тийгизген таасири өзгөчө чоң: ата-эне мигрант болуп кетип, бала – чоң ата-чоң эненин колунда калууда. Натыйжада, ата-эне бар болуп туруп «социалдык жетимдер» феномени пайда болду. Мигрант ата-энелердин колдоосу менен балдарынын материалдык мүмкүнчүлүктөрү жакшырганына карабастан, үй-бүлөдө эмоционалдык боштук өсүүдө.

Чет өлкөдө жашаган үй-бүлөлөрдө ата-эне менен мекенинде калган балдарынын

ортосундагы социалдык байланыш алыстап, улуттук символдор (тил, каада-салт) көмүскөдө калып жатат. Бул болсо улуттук иденттүүлүктүн солгундашына жана үй-бүлөнүн ичиндеги социалдык байланышка терс таасирин тийгизүүдө. Чет өлкөгө үй-бүлөсү менен кеткен үй-бүлөлөрдүн балдары мектепте ошол жердин тилинде билим алып, кыргыз тилинде эркин сүйлөй албай калышууда. Бул улуттук иденттүүлүктүн алсырашына алып келет. Ошол эле учурда, интернет маданияты, глобалдашуу, экономикалык миграция жана шаардык жашоо шарттары салттуу үй-бүлөлүк байланышты алсыратууда.

XXI кылымдагы социалдык-экономикалык, маалыматтык-технологиялык жана маданий өзгөрүүлөр үй-бүлөнүн педагогикалык функцияларын жаңы шарттарга ылайыкташтырууну талап кылууда.

Негизги тенденциялар: Санариптешүү – үй-бүлө баланын маалыматтык маданиятын жана санариптик коопсуздугун калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

XXI кылымдагы үй-бүлөлөрдө:

- байланыш мессенжер, видеобайланыш, социалдык тармактар аркылуу жүрүүдө;
- ата-энелер менен балдарынын ортосундагы алыстык санариптик байланыш аркылуу компенсациялануууда;
- ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн «санариптик иденттүүлүгү» пайда болууда.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн социалдашуу процесси мурдагыдай көбүнчө үй-бүлөдө эмес, интернет аркылуу жүрүүдө.

Натыйжасы:

- ата-энелердин тарбиялык функциясы өзгөрүүдө;
- медиабилим жана санариптик коопсуздук маселелеринин актуалдашуусу;
- кээ бир учурларда реалдуу социалдык байланыштардын алсырашынан улам эмоционалдык дефицит.

Миграциялык процесстер – балдардын социалдык адаптациясы, маданий идентификациясы жана билими көбүнчө бөлүнгөн үй-бүлөлөрдүн шартында өтөт.

Билим берүүнүн глобалдашуусу – ата-энелердин билим берүү боюнча компетенциясын жогорулатуу зарылчылыгын жаратат.

Урбанизация жана экономикалык факторлор – үй-бүлөнүн тарбиялык ролун мектеп жана башка социалдык институттар менен бөлүшүүнү күчөтүүдө.

Жогорудагылар: Улуу менен кичүүнүн ортосундагы мамилесинин формалдашуусуна, ата-эненин тарбиядагы ролунун төмөндөшүнө жана санариптик социализациянын үстөмдүгүнө алып келүүдө.

Бирок, позитивдүү мүмкүнчүлүктөр да бар: Санарип билим берүү ресурстары, үй-бүлөлүк баалуулуктарды медиа аркылуу жайылтуу, психологиялык жана педагогикалык колдоо кызматтарынын өнүгүүдө.

***Практикалык сунуштар:***

1. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоо жана азыркы шарттарга ылайыкташтыруу максатында коомдук медиа жана билим берүү аркылуу колдоо;
2. Чет өлкөдө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн балдары үчүн кыргыз тилин, маданиятын жана салт-санаасын сактоого көмөктөшкөн онлайн билим берүү платформаларын жана мультимедиалык ресурстарды өнүктүрүү;
3. Ата-энелер үчүн педагогикалык семинарларды өткөрүү;
4. Элдик тарбиядан алынган интерактивдүү ресурстарды өнүктүрүү.

**Корутунду.** Кыргыз үй-бүлө маданиятындагы нарк-насил жана адеп-ахлак нормалары – улуттук иденттүүлүктүн, улуттук тарбиянын негизи, коомдук биримдиктин, руханий туруктуулуктун негизги фактору болуп саналат. Бүгүн бул баалуулуктар заманбап шартка ылайык жаңы формада сакталууга муктаж.

Салт менен азыркы замандын тең салмактуулугун сактоо, санарип коом шартында үй-бүлөлүк тарбияны күчөтүү, улуттук нарк-насилди билим берүү системасына интеграциялоо маанилүү. Маданий тамырды сактап, инновациялык педагогика менен айкалыштыруу – улуттук өнүгүүнүн маанилүү шарты.

Үй-бүлө – баланын инсандык, социалдык жана маданияттык өнүгүүсүнүн негизги фактору катары педагогикалык процессте уникалдуу жана алмашкыс ролду аткарат. Анын педагогикалык функциялары комплекстүү мүнөзгө ээ болуп, тарбиялык, билим берүүчү, эмоционалдык, маданий жана социалдык-коммуникативдик компоненттерди камтыйт. Заманбап коомдук өзгөрүүлөр бул функцияларды кайра интерпретациялоону жана жаңы социалдык-педагогикалык шарттарга интеграциялоону талап кылат.

XXI кылымдагы үй-бүлө – бул өтө динамикалык, көп факторлуу жана технология менен тыгыз байланышкан социалдык система. Ал структуралык, баалуулук жана функциялык жактан олуттуу трансформациядан өттү. Бирок кандай гана өзгөрүүлөр болбосун, үй-бүлө адамдын социалдык, эмоционалдык жана маданий өнүгүүсүнүн борбордук институту бойдон калууда.

Үй-бүлөнүн педагогикалык потенциалын жогорулатуу коомдун өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири болуп саналат.

***Адабияттар:***


1. Андреева Т.В. Семейная психология. – СПб: «Речь», 2004. – 244 с.
2. Антонов А.И. Жизнедеятельность семьи: тенденции и проблемы. – М.: Наука, 1990. – 128 с.
3. Али Үнал. Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө. – Бишкек, 2015.
4. Исаев К. Жаңы Кыргызстанда адам жана үй-бүлө маселелери // М.Р. Рыскулбеков атындагы кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. – 2012. – № 3 (22). – 58-62-бб.
5. Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С. Роль родителей в воспитании ребенка // Вестник МУК. – Бишкек, 2023. – № 2 (50). – С. 163-168.
6. Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С. Агрессивдүү балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү. БГУ жарчысы № 2 (64) 2023. – Бишкек, 2023. – 316-318-бб.
7. Адилбекова Н.О., Үнал А. Заманбап кыргыз үй-бүлөнүн көз караштарынын анализи // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, – № 2 (218). – С. 76.
8. Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С. Социалдык тарбиянын педагогикалык маселелери // Эл агартуу журналы – Бишкек, 2023. – 316-318 б.
9. Байгазиев С.О. Канткенде адам улуу адам болот? – Бишкек, «Алтын тамга», 2020. – 255 б.
10. Бейшенбаева Б.Т. Үй-бүлөдө бала тарбиялоодо атанын ролу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2025. – № 1 (65). – С. 68-72.


***Рецензиялаган:***

***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

***Касымов Адылбек Акматалиевич,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***КР Агартуу министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификацияларын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Кыргызбаева Бубуниса Хабибилаевна,***
***изденүүчү,***
***Ош мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары***

## АЗЫРКЫ ШАРТТАРДА БАЛАНЫН КЕСИПТИК ӨЗҮН-ӨЗҮ ТААНУУСУН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ФУНКЦИЯЛАРЫ

***Касымов Адылбек Акматалиевич,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Республиканский институт повышения квалификации педагогических работников и переподготвки педагоигческих кадров при Министерстве просвещения КР,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Кыргызбаева Бубуниса Хабибилаевна,***
***соискатель,***
***Ошский государственный университет,***
***Кыргызская Республика, город Ош***

## ФУНКЦИИ СЕМЬИ В ФОРМИРОВАНИИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО САМООПРЕДЕЛЕНИЯ РЕБЕНКА В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ

***Kasymov Adylbek Akmatalievich,***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Docent,***
***Republican Institute for Advanced Training of Pedagogical Staff and Retraining of Pedagogical Personnel under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Kyrgyzbaeva Bubunisa Habibilaevna,***
***Applicant,***
***Osh State University,***
***Kyrgyz Republic, Osh city***

## FAMILY FUNCTIONS IN THE DEVELOPMENT OF A CHILD'S PROFESSIONAL SELF-DETERMINATION IN MODERN CONDITIONS

***Аннотация:*** *Макалада учурдагы коомдун трансформациялануу шартында, баланын кесиптик өзүн-өзү таануусунун калыптанышында үй-бүлөнүн базалык социалдык институт катары камсыздоочу ролу изилденет. Ата Мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына, нормативдик документтерге жана социалдык-экономикалык тенденцияларга таянып, автор баланын кесиптик тандоосуна таасир этүүчү үй-бүлөнүн функцияларын белгилейт жана майда-баратына чейин иликтейт: билим берүүчү, баалуулук-багыттоо, мотивациялык-колдоо, маалыматтык-кесиптик багыттоо, социалдаштыруу жана кесиптик бирдейлештирүү. Аталган функциялардын баланын кесиптик өзүн-өзү таануу процессине таасир этүү механизми айкындалат. Ошондой эле, баланы кесип тандоого даярдоодо үй-бүлөнүн катышуу мүнөзүнө таасир этүүчү учурдагы чакырыктар бөлүп көрсөтүлөт. Кесипке багыт берүүдө ата-энелердин компетенцияларын өнүктүрүү жана үй-бүлө, мектеп, кесиптик багыт берүүчү институттардын өнөктөштүгүн түзүү негизделет.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается роль семьи как ключевого социального института, обеспечивающего условия для формирования профессионального самоопределения ребенка. На основе анализа научной литературы, нормативных документов и современных социально-экономических тенденций выявлены основные функции семьи, влияющие на процесс выбора профессии. Раскрыты содержательные характеристики образовательной, ценностно-ориентационной, мотивационно-поддерживающей, информационно-профориентационной и социализирующей функций семьи. Сделан вывод о необходимости повышения педагогической компетентности родителей и включения их в систему сопровождения профессионального выбора ребенка.*

***Annotation:*** *The article examines the role of the family as a key social institution that shapes the conditions for the development of a child's professional self-determination. Based on the analysis of scientific literature, regulatory documents and current socio-economic trends, the author identifies the main family functions that influence the process of choosing a profession. The study reveals the content characteristics of the educational, value-orientation, motivational-supportive, informational-career-guidance and socializing functions of the family. It is concluded that increasing parents' pedagogical competence and involving them in the system of supporting a child's professional choice are essential under modern conditions.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, кесиптик өзүн-өзү аныктоо, кесиптик багыт берүү, үй-бүлөнүн функциялары, кесиптик бирдейлешүү, өспүрүм, социалдашуу, кесиптик тандоо.*

***Ключевые слова:*** *семья, профессиональное самоопределение, профориентация, функции семьи, подросток, социализация, профессиональный выбор.*

***Key words:*** *family, professional self-determination, career guidance, family functions, adolescent, socialization, career choice, educational environment.*

**Киришүү.** Балдардын жана өспүрүмдөрдүн кесиптик өзүн-өзү таануу көйгөйү учурдагы эмгек рыногунун трансформациясынын, экономиканын санариптешүүсүнүн, кесиптердин аныксыздыгынын жана белгисиздигинин өсүү фонунда өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп, ийкемдүү жана транскесиптик компетенцияларды талап кылууда. Эл аралык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына караганда, азыркы учурдагы мектеп окуучуларынын 60%дан көбү, бүгүнкү күндө али пайда боло элек же эми-эми калыптанып келе жаткан кесиптерде иштешет [9]. Мындай кырдаалда, баланын кесиптер дүйнөсүндө багыт алуу жөндөмдүүлүгүнүн, өзүнүн жеке кызыгууларын жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоонун, билим алуу жана кесиптик траекторияны аң-сезимдүү тандоонун маанилүүлүгү жогорулап барат.

Кесиптик өзүн-өзү таануунун ийгиликтүүлүгүн аныктоочу факторлордун арасында жетектөөчү роль, алгачкы социалдаштыруучу институт болгон үй-бүлөгө таандык. Дал ушул үй-бүлөдө баланын баалуулуктары,

эмгекке болгон мамилеси, кесиптер дүйнөсү жөнүндө алгачкы элестөөлөрү калыптанып, максатка жетүү мотивациясы өнүгөт, анын жөндөмдүүлүктөрү билине баштайт жана колдоого алынат.

Азыркы учурда кесипке багыт берүү ишинде үй-бүлөнүн ролуна көптөгөн окумуштуулар кызыгып, изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Мурдагы СССРдин кезинде кыргыз үй-бүлөлөрү балдарынын кесип тандоо проблемасына азыркыдай кызыгышкан эмес. Анткени мурдагы СССРдин тушунда кесипке багыт берүү иши мамлекетти өнүктүрүү көз карашынан тыкыр көзөмөлдө болгон. Ошондуктан кыргыз үй-бүлөлөрү да балдарына кесиптик багыт берүү ишин толугу менен мектепке жана кесиптик окуу жайларга ыйгарып салышкан. Улуттук кайра жаралуу фонунда ар бир кыргыз үй-бүлөсү балдарынын кесипти туура тандоосуна көңүл буруп жаткан учур. Бул багытта Кыргыз окумуштуу-педагогдору Г.А. Жумабаева, Тенизбек кызы Н., Н.Ж. Осмоналиева, Р.Н. Умарова, С.О. Жунушова, М.М. Мадалиев ж.б. орчундуу салымдарын киргизишкен. Кесипке багыт берүү көйгөйлөрүн эмгекке тарбиялоо каражаттары аркылуу чечүүнүн айрым методикаларын иштеп чыгышкан. Этнопедагог-окумуштуулар Ормонов Т.О., Бешимов Ж., Апышев Б., Орозбаев Ж.М., Алимбеков А., Аттокуров А., Жоробеков Т.А. ж.б. улуттук баалуулуктардын негизинде, келечек муунга кужурмөн эмгекке тарбиялоо өнүтүндө үй-бүлөнүн ордуна жана ролуна, анын баланын кесипти туура тандоосундагы иш-аракеттерине учкай басым жасашкан.

Кесиптик өзүн-өзү таануу проблематикасы узак өнүгүү тарыхына ээ, ал психологиядагы жана педагогикадагы түрдүү теориялык-методологиялык мамилелерди чагылдырат. Түрдүү окумуштуулар бул процесстин спецификалык компоненттерине акцент жасашат: мотивациялык-баалуулук, ишмердүүлүк, инсандык, когнитивдик же социалдык-практикалык. Алсак, Е.А. Климов ишмердүүлүк-кесиптик багыттоого басым жасайт. Ал кесиптик өзүн-өзү таанууну жекече өзгөчөлүктөрдү жана кесиптин талаптарын түшүнүүгө негизделген болочок кесиптик ишмердүүлүктү тандоо жана өздөштүрүү процесси катары карайт [4]. Н.С. Пряжников бир аз кенен трактовканы сунуштайт. Кесиптик өзүн өзү таанууну жашоодогу өзүн-өзү таануунун бир бөлүгү катары эсептейт. Келечектеги ишмердүүлүктө өзүнүн жашоосунун маңызын издөө процесси катары кароону сунуштайт [5]. Л.С. Выготский «кесиптик өзүн-өзү таануу» терминине азыркы учурдун позициясынан аныктама берген эмес. Бирок анын идеялары бул процессти түшүнүүдө негиз болот. Ал тандоонун жана курчап турган чөйрөнүн социалдык-маданий табиятына акцент жасаган [4]. Д. Сьюпер, батыштагы карьераны изилдөөчүлөрдүн таасирдүү өкүлдөрүнүн бири, кесиптик өзүн өзү таанууну өмүр бою өнүгүүчү «Мен-концепцияны» калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу процесси катары аныктаган [9]. Ал эми Э. Гинзберг өзүн-өзү кесиптик таанууну фантазияны (балалык), убактылуу аткарып көрүү (өспүрүм), реалисттик этапты (жогорку класс) камтыган [8].

Мектеп окуучусунун кесиптик өзүн-өзү таануусу – бул окуучунун кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, инсандык өзгөчөлүктөрүн жана жашоодогу максаттарын түшүнүүдөгү динамикалуу, этаптуу жана баалуулук-мотивациялык процесс. Анын жүрүшүндө мүмкүн болгон кесиптик багыттар боюнча элестөөлөр калыптанып, болгон жеке ресурстарды кесип дүйнөсүнүн талаптарына салыштырылып, болочок кесиптик жана билим алуу жолдору жөнүндө алдын ала чечим кабыл алынат.

Бул процесс кесиптик рефлексияны өнүктүрүүнү, социалдык мааниге ээ нормаларды жана ролдорду өздөштүрүүнү, кесиптик ниеттерди калыптандырууну жана мындан ары окуу жана эмгек жолун тандоого даярдыкты камтыйт.

Көптөгөн окумуштуулар (Е.А. Климов [4], Н.С. Пряжников [5], Л.С. Выготский [3], А.Г. Асмолов [1]) үй-бүлө инсандын кесиптик өнүгүүсүнө узак мөөнөттүү жана ар тараптуу таасир этерин, бул таасир мектептин же социалдык кызматтардын таасирине караганда күчтүүрөөк деп эсептешет.

Кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн эмгек тарбиясы негизги фактор болуп эсептелет. Анткени, кесиптик ишмердүүлүктө үзгүлтүксүз изденүүгө негизделген эмгектенүү маанилүү. Ага кесиби менен адамдын кызыгуулары, мотивациялары, жөндөмдүүлүктөрү жана таланты дал келип турса, бул эң жогорку натыйжага алып келет. Анын мааниси: «Канчалык баланы эмгекке тарбияласак, ал бала ошончолук жөнөкөй болот. Себеби эмгек адамды жөнөкөйлүккө үйрөтөт» [2]. Демек, адам эмгек ишмердүүлүгүндө гана кесиптик көндүмдөргө ээ болот.

**Макаланын максаты** – баланын кесиптик өзүн-өзү таануусунун калыптануу процессинде үй-бүлөнүн негизги функцияларын аныктоо жана алардын азыркы учурдагы механизмдерин иликтөө.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери.** Изилдөөнүн методологиялык базасы системдүүлүк, инсандык-ишмердүүлүк жана компетенттүүлүк мамилелерине таянат. Мында баланын өнүгүүсү бирдиктүү билим берүү жана социалдык мейкиндикке бириктирилген, ички жана тышкы факторлордун өз ара аракеттенүүсүнүн жыйынтыгы катары каралат.

Үй-бүлө өз ара тыкыс байланышкан элементтерден (баалуулуктар, нормалар, тарбиялоо стили, коммуникация тиби, билим берүү ресурстары) турган система катары талдоого алынат. Булар баланын кесиптик өнүгүүсүнө үй-бүлөнүн таасиринин мүнөзүн аныктайт.

Учурдагы изилдөөлөр (Н.С. Пряжников [6], Е.А. Климов [5], A. Gati [8]) балдардын үй-бүлөдөгү баалуулуктарынан жана үлгүлөрүнөн багыт алаарын, ал эми ата-энелердин кесиптик установкалары өспүрүмдөр үчүн кесиптик күчтүү божомолдоо болорун белгилейт.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгү **методдор** колдонулду:

- илимий адабияттарды (психология, педагогика, эмгектин социологиясы) талдоо;
- кесиптик багыт берүү боюнча Ата Мекендик жана чет элдик концепцияларды салыштырып талдоо;
- нормативдик документтерди контент-талдоо;
- өспүрүмдөрдүн кесиптик тандоосуна үй-бүлөнүн таасирин эмпирикалык изилдөө.

***Үй-бүлө баланын кесиптик өзүн-өзү таануусундагы фактор катары.*** Үй-бүлө баланын кесиптик калыптанышына социалдык-психологиялык шарттардын жыйындысы аркылуу таасир берет: үй-бүлөдөгү ички мамилелердин мүнөзү, ата-энелердин билим деңгээли, үй-бүлөнүн социалдык макамы, маданий-билим берүү ресурстарынын жеткиликтүүлүгү, кесиптик жүрүм-турум моделинин болушу же болбошу.

Бир катар окумуштуулар, кесиптик өзүн-өзү таануу бир нече этаптарда жүзөгө ашышын жана этаптардын ар биринде үй-бүлө өзгөчө роль ойноорун белгилешет:

1. Кенже мектептик куракта – баланын алгачкы кызыгууларын жана таанып-билүү активдүүлүктөрүн калыптандырат;
2. Өспүрүм куракта – рефлексияны өнүктүрүүгө жана жеке ыкташууларды түшүнүүгө көмөктөшөт;
3. Жогорку мектептик куракта – кесип тандоо жөнүндө чечимдин кабыл алынышында ар тараптуу колдоону камсыздайт.

Ошентип, үй-бүлөнүн таасири үзгүлтүксүз жана системдүү болушу абзел.

**Баланын кесиптик өзүн-өзү таануусунун калыптанышында үй-бүлөнүн функциялары.**

***Үй-бүлөнүн билим берүүчү функциясы.*** Үй-бүлөнүн билим берүүчү функциясы баланын когнитивдик жана интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн негиз болот. Ал өз кезегинде, баланын кесиптик билим алуусуна даярдыгын аныктайт.

Төмөндөгүлөр бул функциянын негизги элементтери:

- окуу ишмердүүлүгүн колдоо;
- баланын билимге болгон кызыгууларын диалог, окуу, долбоорлор аркылуу өнүктүрүү;
- ийримдерге жана курстарга катышуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берүү;
- үй шартында бала үчүн «өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн» түзүү;

- мындан ары кесиптик өнүгүү үчүн зарыл болгон өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн калыптандыруу.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, активдүү үй-бүлөлөрдүн балдары окууга болгон жогорку деңгээлдеги мотивацияны жана келечектеги кесипке аң-сезимдүү мамилени демонстрациялашат.

***Үй-бүлөнүн баалуулук-багыттоо функциясы.*** Бул функция баланын дүйнө таанымын, анын эмгекке, ийгиликке, жоопкерчиликке жана өзүн-өзү реализациялоого болгон мамилесин калыптандыруу менен байланышкан.

Үй-бүлө:

- эмгекти сүйүү баалуулуктарын түшүнүүгө жана кесиптик өзүнө өзү канааттанууга мүмкүнчүлүк түзөт;
- ийгиликке жана өнүгүүгө карата установка берет;
- билимге келечек карьера үчүн негизги ресурс катары мамиле жасоону үйрөтөт;
- түрдүү кесиптерге мамилени (престиждүүлүк, социалдык маанилүүлүк) пайда кылат.

Ата-энелердин кесиптик баалуулуктары бала социалдашуу процессинде өздөштүрүүчү «үй-бүлөлүк кесиптик кодду» калыптандырат.

***Үй-бүлөнүн мотивация берип, көмөктөшүү функциясы.*** Үй-бүлөдө калыптанган эмоционалдык колдоо кесипти ийгиликтүү тандоонун негизги шарты болуп эсептелет. Ал баланын өзүнө ишеничинин өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүп, балага кыйынчылыктарды жеңүүгө мотивация берет, «мен муну кыла алам», «мен муну ишке ашыра алам» деген установкаларды калыптандырат.

Функциянын ишке ашышын туюндуруучу көрүнүштөр:

- баланын кызыгуулары менен кошо эмоционалдык кабыл алышы;
- ийгиликсиздик болгон учурда колдоо көрсөтүү;
- максат коюуга жардам берүү;
- ийгиликтерди айтып, куттуктоо, даңазалоо;
- өзүн-өзү татыктуу баалоону калыптандыруу.

Психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-эненин бийик денгээлдеги колдоосу өспүрүмдүн жогорку кесиптик жетилүү денгээли менен тыкыс байланышта болот.

***Маалыматтык-кесиптик багыттоо функциясы.*** Маалыматтын тез таралуу жана эмгек рыногунун динамикалык өзгөрүү шарттарында ата-энелер баласы үчүн кесиптер дүйнөсүндө багыт алууга көмөк көрсөткөн ортомчу болуп калышат.

Бул функция төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- кесиптер жөнүндө маалымат берүү;
- ата-энелердин эмгек ишмердүүлүгү менен таанышуу;
- иштеген жерине экскурсия уюштуруу;
- билим берүү программаларын тандоого жардам берүү;
- карьералык перспективага биргелешкен анализ жүргүзүү;
- санариптик кесиптик багыт берүү ресурстарын пайдалануу.

Ата-эне «навигациянын» ролун аткарып, балага кызыгууларын, жөндөмдөрүн, талантын кесиптик талаптар менен салыштырууга жардамдашат.

***Үй-бүлөнүн баланы социалдаштыруу функциясы.*** Социалдаштыруу – бул баланы кадыресе кесиптик жашоого даярдоонун ачкыч механизми. Үй-бүлө келечектеги ишмердүүлүк үчүн зарыл көндүмдөрдү калыптандыруучу мейкиндик: жоопкерчилик, тартип, тилбилгилик, кызматташа билгичтик, чыр-чатакты чече билгичтик, толеранттуулук, кечиримдүүлүк, чыгармачылык, креативдүүлүк, сынчыл ойлом, командада иштей билгичтик.

Социалдашуу функциясынын элементтери:

- үй-тиричилигиндеги милдеттерди бөлүштүрүү;
- баланын үй-бүлөлүк долбоорлордо катышышы;
- эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- социалдык ролдорду түшүнүүнү калыптандыруу;
- эмоционалдык интеллектини тарбиялоо.

Үй-бүлөдөгү өз ара аракеттенүү келечектеги кесиптик чөйрөдөгү жүрүм-турумдун прототиби катары калыптана баштайт.

***Кесиптик бирдейликти (иденттүүлүк) калыптандыруу функциясы.*** Азыркы учурдагы илим кесиптик бирдейликтин маанилүүлүгүн белгилейт – өздүк кесиптик контексттеги образдын туруктуулугу.

Анын төмөндөгүлөр аркылуу калыптанышына үй-бүлө көмөктөшөт:

- кесиптик жүрүм-турумдун үлгүлөрүн көрсөтүү;
- «идеалдуу кесип» жөнүндө элестөөнү калыптандыруу;
- баланын күчтүү жактарына биргелешип талдоо жүргүзүү;
- ишмердүүлүктүн түрлөрүн аткарып көрүүгө шарт түзүп берүү.

Кесиптик бирдейлик бара-бара калыптанат. Ал баланын жеке касиеттери менен кесиптик талаптардын өз ара байланышын чагылдырат.

**Кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн катышуусуна таасир этүүчү учурдагы чакырыктар.** Азыркы учурдагы үй-бүлө өз функцияларын мындай шарттарда аткарат:

- санариптешүү жана жаңы кесиптердин пайда болушу;
- жашоо темпинин ылдамдашы жана ата-энелердин жүгүнүн оорлошу;
- билим алуудагы теңсиздик;
- жалпы билимдин практикага багытталбагандыгы;
- кесип тандоонун эркиндиги;
- миграциялык процесстер;
- үй-бүлөнүн структурасындагы өзгөрүүлөр;
- өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдарына социалдык тармактардын жана медианын таасиринин өсүшү;
- техникалык (транспорт, үй-тиричилик) инновациялар;
- ата-энелердин балдардын билимдүү болушуна аракетинин күчөө тенденциясы.

Жогорудагы факторлор өспүрүмдөрдүн кесиптик өзүн-өзү таануу процессин татаалдатып, үй-бүлөдөн кесиптик багыт берүү жагынан жаңы компетенцияларды талап кылат.

Бирок көпчүлүк ата-энелерге азыркы учурдагы эмгек рыногундагы өзгөрүүлөр тууралуу маалымат жетишсиз, кесип тандоого көмөктөшүүгө зарыл болгон заманбап методдорду билишпегендигин, ЖРТнын маңызын түшүнбөгөндүгүн практикалык байкоолорго жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөтүүдө. Бул жетишпестик өспүрүмдөрдүн кесип тандоодо ката кетиришине же кимдир бирөөлөр, анын ичинде ата-энелер, туугандар, тааныштар тарабынан таңуулоого алып келет.

Чындыгында, кыргыз үй-бүлөлөрү уулкызынын келечекте кайсы кесиптин ээси болорун психологиялык диагноздоо деңгээлде аныктоого чамасы жетпегендигин байкоого болот. Бул ар тараптуу анализди талап кылган көйгөй. Мурдагы СССРде ата-энени баласынын тийиштүү кесип тандоосуна көмөктөшүүгө тарткан эмес. Кесипке багыт берүү маселеси мамлекеттик системанын бир тармагы аркылуу чечилген. Баланын кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна негизделген кесипке багыт берүү болгон эмес. Тескерисинче, мамлекеттин экономикасын өнүктүрүүгө багытталган бүтүндөй системалуу иш жүргүзүлгөн.

СССР таркагандан кийин, кыргыз үй-бүлөлөрү өлкөдөгү реформаларга байланыштуу чет өлкөлөргө, иш издеп миграция болушкан. Ал эми балдар чоң ата, чоң эненин же бир туугандардын колунда калган учурлар көп болду. Балдарды карап калгандар – чоң ата, чоң эне, тууган-туушкандар – өзүн-өзү таанууга негиздеп кесипке багыт берүү боюнча булардын да билимдери жеткен жок.

Учурдагы кесиптик өзүн-өзү аныктоого негизделген кесиптик багыт берүү иштери Кыргызстандагы эл аралык долбоорлордун алкагында колго алына баштады. Бирок бул демилге деңгээлинде калып жаткандыгын байкоого болот.

Баланын өзүн-өзү аныктоосуна негиздеп кесипке багыт берүү иштери, ага үй-бүлөнү катыштырууда кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү системдүү мамилени талап кылат.

**Баланын кесиптик өзүн-өзү таанууcунда үй-бүлөлүк коштоп жүрүүнү өркүндөтүү перспективалары.** Кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн катышуусунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн төмөндөгүлөр зарыл:

- ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн тренингдер, консультациялар, ата-энелер мектеби аркылуу өнүктүрүү;
- мектеп менен үй-бүлөнүн биргелешип аракеттенүү программаларын түзүү;
- кесип тандоого багыт берүү боюнча, ата-энелер балдары менен биргелешип пайдаланууга багытталган санариптик кызматтарды (сервистерди) киргизүү;
- үй-бүлөдө өзүн-өзү кесиптик таанууга кеңеш берүүлөрдү өнүктүрүү;
- бардык категориядагы үй-бүлөлөрдүн билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн колдоочу социалдык-педагогикалык шарттарды түзүү.

**Корутунду.** Үй-бүлө баланын кесиптик өзүн-өзү таануу процессинде негизги институттардын бири болуп эсептелет. Талдоо көрсөткөндөй, үй-бүлөнүн таасири көп грандуу, ал билим берүүнү, баалуулук-багыттоону, мотивациялык колдоону, маалыматтык-кесиптик багыттоону, социалдаштыруу жана кесиптик бирдейликти калыптандырууну камтыган функциялардын комплекси аркылуу жүзөгө ашырылат.

Азыркы учурдагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн катышуусунун сапатына талаптарды күчөтүүдө. Ошондуктан ата-энелердин компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү, ошондой эле үй-бүлө менен билим берүү уюмдарынын өз ара эффективдүү кызматташуу системасын түзүү зарылдыгы келип чыгат.

***Адабияттар:***

1. Асмолов А.Г. Психология личности. – М.: Смысл, 2010. – 448 с.
2. Бейшенбаева Г.Т. Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо атанын ролу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2025. – №1 (65). – С. 68-72.
3. Бим-Бад Б.М. Педагогическая антропология. – М.: Академия, 2015. – 223 с.
4. Выготский Л.С**.** Психология развития ребенка. / Л.С. Выготский. – М.: Педагогика, 1984. – 512 с.
5. Климов Е.А. Психология профессионального самоопределения. – М.: Изд-во МГУ, 2016. – 304 с.
6. Пряжников Н.С. Профессиональное и личностное самоопределение. – М.: ПЕР СЭ, 2018. – 256 с.
7. Супрунова Л.Л. Социальная педагогика. – М.: Юрайт, 2020. – 442 с.
8. Gati A., Saka N. High school students' career decision-making difficulties. *Journal of Vocational Behavior*. – 2018. – 159 p
9. OECD. Career Guidance for the Future Workforce. – 2021. – 123 p
10. Тенизбек кызы Н. Некоторые проблемы приемной семьи как формы семейного воспитания детей, оставшихся без попечения родителей, Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2025. – №1, – С. 168-173.
11. Жунушова С.О., Мадалиев М.М. Эмгек миграциясынын жаштарга тийгизген социалдык таасирлери // Известия вузов Кыргызстана. – 2024. - №1. – С. 271-274.

***Рецензиялаган:***

***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ
ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ
EDUCATION AND TRAINING

*Эсеналиева Гульзада Ашимовна,*
*доцент,*
*Американский университет в Центральной Азии,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

*Ибраимова Гулайым Урановна,*
*бакалавр,*
*Международный университет «Ала-Тоо»,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

## КИБЕРБЕЗОПАСНОСТЬ ШКОЛЬНИКОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ КАК СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА

*Эсеналиева Гульзада Ашимовна,*
*доцент,*
*Борбордук Азиядагы Америка университети,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

*Ибраимова Гүлайым Урановна,*
*бакалавр,*
*Эл аралык университет «Ала-Тоо»,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН КИБЕРКООПСУЗДУГУ СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАСЕЛЕ КАТАРЫ

*Esenalieva Gulzada Ashimovna,*
*Associate Professor,*
*American University of Central Asia,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city,*

*Ibraimova Gulaiym Uranovna,*
*Bachelor,*
*International University «Ala-Too»,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

## CYBERSECURITY OF SCHOOLCHILDREN IN KYRGYZSTAN AS A SOCIO-PEDAGOGICAL PROBLEM

***Аннотация:*** *В работе анализируются современные риски цифровой среды, влияющие на безопасность учащихся, и особенности их проявления в условиях активной цифровизации Кыргызстана. Рассматриваются основные направления педагогической работы, направленные на развитие ответственного и защищенного поведения детей в интернете. Показано, что недостаточная цифровая грамотность делает школьников уязвимыми перед различными онлайн-угрозами, требующими системной профилактики. Акцентируется внимание на необходимости комплексного взаимодействия педагогов, родителей и образовательных учреждений для формирования безопасной информационной среды.*

***Аннотация:*** *Бул иште мектеп окуучуларынын киберкоопсуздугу маанилүү социалдык-педагогикалык көйгөй катары каралат, ал коомдун активдүү санариптешүүсүнүн шартында күчөп бара жатканын көрсөтөт. Теманын изилденүү деңгээли жана окуучулардын санариптик коопсуздугун камсыз кылуунун учурдагы абалы талданат. Кыргызстанда технологиянын тез өнүгүшү киберкоркунучтардын көбөйүшүнө алып келгендиктен, мектеп окуучулары онлайнда коопсуз жүрүүнүн билим жана көндүмдөрүнүн жетишсиздигинен улам алсыз топтордун бири болуп саналат. Кибербуллинг, фишинг жана алдамчылык сыяктуу тобокелдиктерге жана системалуу педагогикалык колдоонун зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулган. Коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүдө мугалимдердин, ата-энелердин жана билим берүү уюмдарынын биргелешкен ишинин маанилүүлүгү баса белгиленет.*

***Annotation:*** *This study examines schoolchildren's cybersecurity as an important socio-pedagogical issue, which is becoming increasingly significant amid the rapid digitalization of society. The extent of research on the topic and the current state of ensuring students' digital safety are analyzed. Due to the rapid development of technology in Kyrgyzstan, schoolchildren remain among the most vulnerable groups because of insufficient knowledge and skills for safe online behavior. Special attention is given to risks such as cyberbullying, phishing, and fraud, as well as the need for systematic educational support. The importance of coordinated efforts among teachers, parents, and educational institutions in creating a safe learning environment is emphasized.*

***Ключевые слова:*** *цифровая безопасность, учащиеся, интернет-угрозы, цифровая грамотность, педагогическая поддержка, профилактика рисков, образовательная среда.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *киберкоопсуздук, мектеп окуучулары, социалдык-педагогикалык көйгөй, санариптешүү, санариптик сабаттуулук, киберкоркунучтар, педагогикалык колдоо.*

***Key words:*** *cybersecurity, schoolchildren, socio-pedagogical issue, digitalization, digital literacy, cyber threats, cyberbullying, phishing, fraud, safe educational environment, educational support.*

**Введение.** Современное образование в Кыргызской Республике активно интегрируется в глобальное цифровое пространство, что закреплено в стратегических документах страны, подчеркивающих необходимость надежного и устойчивого функционирования информационных систем [3; 4]. Однако стремительная цифровизация, особенно в школьной среде, порождает ряд новых и существенных угроз. Школьники, будучи активными пользователями интернета для обучения, общения и развлечений, часто не обладают достаточными навыками безопасного поведения в сети, что делает их уязвимыми к кибербуллингу, фишингу и мошенничеству [7; 8].

Проблема кибербезопасности в школьной системе Кыргызстана остаётся многоаспектно уязвимой – с нормативной, технической, организационной, кадровой и образовательной сторон. Усиление цифровизации без адекватных мер защиты создаёт риски, затрагивающие не только инфраструктуру школ, но и права обучающихся [5]. Глобальные инциденты утечки данных на крупнейших цифровых платформах свидетельствуют о том, что даже высокотехнологичные структуры не всегда обеспечивают

должный уровень защиты информации, в то время как образовательные учреждения, обладая ограниченными ресурсами и кадровым потенциалом, оказываются особенно уязвимыми [1; 2].

Таким образом, обеспечение кибербезопасности школьников является важнейшей социально-педагогической проблемой, требующей научного анализа и практического осмысления. Настоящее исследование направлено на формирование рекомендаций по улучшению уровня цифровой безопасности посредством анализа современных угроз, оценки рисков и разработки практических мер защиты информации в школьной среде Кыргызстана [6; 7].

**Целью исследования** является формирование рекомендаций по улучшению уровня цифровой безопасности на основе анализа современных угроз и методов их предотвращения, а также оценка рисков и уязвимостей для разработки практических мер защиты информации.

**Методы исследования.** В ходе исследования использовались методы теоретического анализа и обобщения научных источников, анализ нормативно-правовых документов Кыргызской Республики, классификация современных киберугроз, а также сравнительный анализ международного и отечественного опыта обеспечения информационной безопасности в образовательной сфере.

**Основное содержание.** Стремительная цифровизация школьного образования в Кыргызской Республике, закрепленная в Концепции цифровой трансформации на 2024–2028 годы и Стратегии защиты киберпространства, открывает новые образовательные возможности, но одновременно формирует многоуровневые риски для учащихся [3; 4]. Активное использование цифровых платформ и онлайн-сервисов делает школьников потенциальными объектами кибербуллинга, фишинговых атак и утечек персональных данных [8; 9].

Исследования показывают, что кибербуллинг является одной из наиболее распространенных угроз для подростков, отрицательно влияя на психоэмоциональное состояние и мотивацию к учёбе [11; 14]. Кроме того, недостаточная цифровая грамотность учащихся повышает уязвимость перед социальными и техническими угрозами в сети, включая фишинг, мошенничество и распространение вредоносного контента [9; 10].

Комплексный анализ выявил ключевые категории уязвимостей школьной цифровой среды: нормативные, технические, организационные, кадровые и образовательные. Нормативная уязвимость выражается в отсутствии унифицированных стандартов информационной безопасности для школ и региональных образовательных программ [3; 4]. Техническая уязвимость связана с использованием устаревшего оборудования, отсутствием систем шифрования и резервного копирования, что усиливает риск несанкционированного доступа и кибератак [6; 7]. Организационные пробелы проявляются в слабом контроле за использованием цифровых устройств и отсутствии планов реагирования на инциденты. Кадровая уязвимость выражается в недостаточной подготовке педагогов и низком уровне сертификации по кибербезопасности, особенно в удалённых районах [7].

Образовательная уязвимость проявляется в недостаточном внедрении программ цифровой грамотности. Образовательная уязвимость школьников во многом обусловлена недостаточным уровнем сформированности цифровых компетенций, что затрудняет их способность безопасно и осознанно использовать информационные технологии в учебной деятельности. Международный опыт показывает, что включение обязательных модулей по безопасному поведению в сети, регулярные семинары для педагогов и родительские обучающие курсы способствуют снижению риска киберугроз [9]. Например, модели цифровой грамотности включают практические занятия по распознаванию фишинга, защите личных данных и противодействию кибербуллингу.

Для повышения безопасности школьников рекомендуется комплексное взаимодействие всех заинтересованных сторон: образовательных учреждений, педагогов, родителей и государственных органов. Важным инструментом является внедрение стандартизированных чек-листов и аудит цифровой инфраструктуры школ на основе международных руководств, таких как *International CIIP Handbook.* Пилотные реализации в школах Бишкека и областных центрах позволяют апробировать эти меры перед масштабированием.

Кроме того, внедрение образовательных программ должно сочетаться с техническими мерами: прокси-серверами, двухфакторной аутентификацией, регулярными обновлениями программного обеспечения, резервным копированием данных, а также с использованием защищённых платформ для дистанционного обучения [9; 10].

Развитию практических навыков учащихся и формированию культуры безопасного поведения в цифровой среде. Программы должны быть адаптированы к возрасту и особенностям учеников, включая обучение распознаванию опасного контента, соблюдению конфиденциальности и этическому поведению в сети. «Особое внимание уделяется развитию навыков и компетенций, востребованных в XXI веке, таких как критическое мышление, умение анализировать информацию и применять знания в реальных жизненных ситуациях» [15, с. 13].

Практическое решение обозначенной проблемы кибербезопасности школьников предполагает поэтапное внедрение системной модели обеспечения цифровой безопасности в образовательной среде. В основе данной модели лежит сочетание педагогических, организационных и технических механизмов, направленных на формирование устойчивых навыков безопасного поведения в цифровом пространстве.

На педагогическом уровне ключевым элементом решения является интеграция модулей цифровой безопасности в содержание общеобразовательных дисциплин и классных часов. Эти модули должны носить прикладной характер и включать обучение распознаванию фишинговых сообщений, защите персональных данных, критическому восприятию информации и противодействию кибербуллингу. Эффективность данного подхода подтверждается исследованиями, демонстрирующими снижение числа инцидентов при регулярном обучении цифровой гигиене [9; 10].

Организационный компонент решения проблемы предполагает разработку и внедрение в школах регламентов реагирования на киберинциденты, а также распределение ответственности между администрацией, педагогами и школьными психологами. В этой связи целесообразно введение «паспорта цифровой безопасности школы», включающего аудит технической инфраструктуры, оценку рисков и план профилактических мероприятий. Такой инструмент позволяет перейти от фрагментарных мер к управляемой системе обеспечения безопасности.

Кадровое обеспечение рассматривается как одно из ключевых условий реализации предложенной модели. Повышение квалификации педагогов в области цифровой грамотности и основ кибербезопасности должно осуществляться на регулярной основе через курсы повышения квалификации, онлайн-тренинги и профессиональные сообщества. Формирование цифровых компетенций педагогов позволяет не только снизить уязвимость образовательной среды, но и повысить качество профилактической работы с учащимися [6; 7].

Технические меры включают использование защищённых образовательных платформ, настройку фильтрации контента, двухфакторную аутентификацию, резервное копирование данных и обновление программного обеспечения. Однако данные меры рассматриваются не как самостоятельное решение, а как поддерживающий элемент педагогической стратегии, ориентированной на осознанное и ответственное поведение школьников в сети [9].

Особое значение в решении проблемы имеет взаимодействие школы с родителями. Консультативные встречи, информационные

рассылки и обучающие материалы способствуют формированию единого подхода к цифровой безопасности ребёнка как в школе, так и в домашней среде. Согласованность действий всех участников образовательного процесса существенно повышает устойчивость учащихся к цифровым угрозам.

Таким образом, обеспечение кибербезопасности школьников требует системного подхода, включающего нормативные, технические, организационные, кадровые и образовательные меры, а также активное участие родителей и педагогов. Эффективная интеграция этих элементов позволит снизить риски цифровых угроз, повысить цифровую грамотность и создать безопасную образовательную среду, способствующую гармоничному развитию школьников [6; 7; 9].

**Выводы.** В ходе исследования установлено, что в условиях ускоренной цифровизации школьная система Кыргызской Республики характеризуется повышенной уязвимостью к современным киберугрозам. Анализ показал, что ключевыми факторами риска являются недостаточная цифровая грамотность участников образовательного процесса, ограниченность нормативного регулирования и слабая интеграция профилактических мер в школьную практику.

Полученные результаты подтверждают необходимость перехода от изолированных решений к целостной модели обеспечения кибербезопасности школьников, ориентированной на профилактику рисков и развитие цифровой культуры. Практическая значимость исследования заключается в возможности использования сформулированных рекомендаций при разработке образовательных программ и локальных стратегий цифровой безопасности. Перспективы дальнейших исследований связаны с эмпирической апробацией предложенных мер и оценкой их эффективности в различных типах образовательных организаций.

***Литература:***

1. Андерсон Р. Инженерия безопасности: создание надёжных распределённых систем / Р. Андерсон. – Хобокен: Wiley, 2020. – 1182 с.
2. Шнайер Б. Секреты и ложь: цифровая безопасность в сетевом мире / Б. Шнайер. – Нью-Йорк: Wiley, 2015. – 367 с.
3. Концепция цифровой трансформации Кыргызской Республики на 2024–2028 годы / Утв. Постановлением Правительства Кыргызской Республики. – Бишкек, 2023. – [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/30-164/edition/6414/ru
4. Стратегия кибербезопасности Кыргызской Республики. – Бишкек, 2022. – [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/15479/edition/962966/ru
5. Кузнецов А.В. Информационная безопасность: анализ и оценка угроз, кибер / криптозащита организаций, разработка безопасного ПО / А.В. Кузнецов. – СПб: Наука и техника, 2025. – 425 с.
6. Иванов А.В. Обзор информационных технологий и их значение в образовательной среде / А.В. Иванов // Вестник РУДН. Серия: Информатизация образования. – 2018. – Т. 15, № 1. – С. 1-7.
7. Ливингстон С., Смит П. Кибербуллинг: определение, масштабы и меры вмешательства / С. Ливингстон, П. Смит. – 2019. – 320 с.
8. Ковальски Р.М., Лимбер С.П., Агатстон П.У. Кибербуллинг: травля в цифровую эпоху / Р.М. Ковальски, С.П. Лимбер, П.У. Агатстон. – 2-е изд. – Оксфорд: Wiley-Blackwell, 2018. – 296 с.
9. Организация экономического сотрудничества и развития (ОЭСР). Образование детей XXI века: эмоциональное благополучие в цифровой эпохе. – Париж: OECD Publishing, 2021. – 251 с.
10. ЮНИСЕФ. Состояние детей в мире 2017: Дети в цифровом мире. – Нью-Йорк: Детский фонд ООН (UNICEF), 2017. – 35 с.
11. Эсеналиева Г.А. Кибербезопасность в системе образования / Г.А. Эсеналиева. – Бишкек, 2022. – 5 с.
12. Эсеналиева Г.А., Исаев Р.Р., Эрдолатов С.С., Абдиллаева Э., Дозжанов Н.

Формирование цифровой грамотности педагогов / Г.А. Эсеналиева, Р.Р. Исаев, С.С. Эрдолатов, Э. Абдиллаева, Н. Дозжанов. – 2023. – 12 с.
13. Эсеналиева Г.А. Кибербезопасность в системе образования // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2022. – № 1. – С. 171-180.
14. Эсеналиева Г.А., Исаев Р.Р., Эрдолатов С.С., Абдиллаева Э., Дозжанов Н. Формирование цифровой грамотности педагогов // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – Т. 1. – С. 180–192.
15. Камчиева А.М., Мамытов А.М. Роль НООДУ в оценке математической грамотности учеников 4, 8 классов образовательных организаций Кыргызской Республики // Известия Кыргызской академии образования. – №1 (65), 2025. – Бишкек. – С. 11-19.

***Рецензент:***

***Мамбетакунов У.Э.,***
***доктор педагогических наук, профессор***

***Бейшенбаева Бусара Тураровна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***ага илимий кызматкери,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАНЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО САЛТЫ

***Бейшенбаева Бусара Тураровна,***
***старший научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## ТРАДИЦИЯ ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ К ТРУДУ В СЕМЬЕ

***Beishenbaeva Busara Turarovna,***
***Senior Researcher,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

## THE TRADITION OF RAISING CHILDREN TO WORK IN THE FAMILY

***Аннотация:*** *Макалада үй-бүлөдө балдарды эмгекке тарбиялоодо эмгек ырларынын ата-бабабыздан бери жер иштетүү, мал багуу салттуу эмгек болуп эсептелинет. Бекеринен кыргыз эли эмгекке жараша эмгек ырларын чыгарышкан эмес. Кара күч менен эмгек кылган ата-бабабыз оор жумушту жеңилдетиш үчүн өздөрүн алаксытуу, көңүлдүү иштеш үчүн жакшы тилек, үмүт, берекелүү түшүм үчүн, убакыттын тез өтүшү үчүн ырдашкан. Мына ушул эмгек ырлары да бизге жетип отурат. Элибиздин эмгекчил экендигин, эмгекти сүйгөндүгүн, эмгекти жакшы маанай, жакшы ниет менен тосуп алышкандыгы жана чогуу иштешкендери эмгек ырларынын маанисинде терең ойду айтып турат.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются трудовые песни, которые использовались в семье для воспитания детей в уважении к труду, а также традиции возделывания земли и разведения скота еще со времен наших предков. Недаром кыргызский народ создал трудовые песни, основанные на его опыте труда. Наши предки, много трудившиеся, пели, чтобы облегчить тяжелую работу, отвлечься, сделать её более приятной, выразить добрые пожелания, надежды на богатый урожай и ускорить течение времени. Дошли до нас и эти трудовые песни. Глубокий смысл трудовых песен заключается в том, что наш народ трудолюбив, любит труд, встречает работу с хорошим настроением и добрыми намерениями, трудится сообща.*

***Annotation:*** *The article examines work songs that were used in families to educate children for work, as well as the traditions of cultivating the land and raising livestock since the time of our ancestors. Our ancestors, who worked hard, sang to make the hard work easier, to distract*

*themselves, to make the work more enjoyable, to express good wishes, hopes for a rich harvest, and to make time go by faster. These work songs have also reached us. The deep meaning of work songs lies in the fact that our people are hardworking, love work, meet work with a good mood and good intentions, and work together.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адам, эмгек, ата-баба, салттуу эмгек, салттуу эмгек ырлары, ак ниет, жакшы тилек, ой-максат, өмүр, жашоо.*

***Ключевые слова:*** *человек, труд, предки, традиционный труд, традиционные трудовые песни, добрые намерения, добрые пожелания, мысли, цели, жизнь, существование.*

***Key words:*** *man, labor, ancestors, traditional labor, traditional labor songs, good intentions, good wishes, thoughts, goals, life, existence.*

**Киришүү:** Кыргыздын өзүнүн улуттук коломтосунда алтынга алмаштыргыс ажайып кенч-дөөлөттөр, эмгек, эмгекчилдик, мээнеткечтик жөнүндө «сакадай бою сары алтын» асыл нарктар, эң сонун элдик тажырыйба, тарых-таржымал, сабак-нускалар уюп жатат [1, 77-б.].

Жеңижок акын бир ырында эмгек жөнүндөгү өзүнүн оюн чегине жеткире минтип таасын айткан: «Адал эмгек – динибиз, ата-баба – пирибиз, өмүрү бүтпөйт тирилик, жаралган адам эмгектен, жарыша иштеп, түрүнүп». Акындын ою боюнча адамды адам кылып жараткан эмгек экен. Мындай ой адам баласынын жаралышындагы эмгектин ролу жөнүндөгү дүйнөлүк акылман ойлор менен үндөшүп турат [1, 79-80-б.].

Мына ошондуктан кыргыз үй-бүлөсүндө ата-эне баланы эмгекке эрте тарбиялоого ар дайым кам көргөн. Мисалы, Манас эпосунда Жакып ата менен Чыйырды эне 8 жашар Манасты койчулукка Ошпурга беришет.

Манас Ошпурдун колунда төрт жыл жүрүп, 12 жашка жетет. Кыскасы, малчылыктын кыйын-кезең, түмөн түйшүктүү жумушу бала Манастын «балтыр эти толуп», тотугушуна, кагылып-согулушуна, жаштайынан турмушка күйдүм-быштым болушуна, «кайралып-бүлөнүшүнө» чоң сүрөө болуп, жемиштүү таасирин тийгизген [1, 80-б.].

Кыскасы, кыргыз үй-бүлөсүндө баланы эмгекке тарбиялоо боюнча өзүнчө бир ыкмалар, салт-жөрөлгөлөр иштелип чыккан. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү ошол салт-эрежелерди, калыптанган тажрыйбаларды талдап, изилдеп алып чыгуу бүгүнкү күндө актуалдуу маселелердин бири. Баланы этноказынадагы тарыхтын чыңоосунан өткөн эмгек салттарынын негизинде тарбиялоо зарыл педагогикалык милдет болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоо салтынын мазмунун ачып берүү.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоо салттарын аныктоо, ата-бабабыздын үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоонун ыкмаларын үйрөнүү жана талдоо, чечмелөө.

**Изилдөөнүн методдору.** Анализ жана синтез.

**Негизги мазмуну.** Ааламдашуу доорунда илим-техника өнүккөн мезгилде да жер иштетүү, мал багуу биринчи планда турат. Уул-кыздарын ак эмгек кылууга, жалкоо болбой, эмгекчил болууга, эмгекти сүйүүгө тарбиялап келишкен. «Эмгекчинин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу», «Көз коркок, кол баатыр» деген накыл сөздөр бекеринен айтылып калган эмес.

Кыргыз балдарын өтө кичинекей кезинде ата-энелери «Салбилек», «Тай өбөк», «Каз-каз», «Тай кулун» деген кыймыл коштогон ырлар менен аларды дене-бой, акыл-эс жагынан өнүктүрүшкөн, бир аз чоңойгондон кийин «Ак терек, көк терек», «Ак бай, ток бай» деген оюндар ойнолгон ж.б. ырлар коштолгон оюндар кыргыз балдарынын күнүмдүк жашоосунун бир бөлүгүнө айланып, алар аркылуу ата-энелер өз перзенттерин эмгекчил болууга көнүктүрүшкөн.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелер балдарын коллективдүү жумуштарга (боз үй тигүү, көчтү даярдоо, кийиз жасоо, ууз аш ичирүү, шерине тамак берүү, кереге-уук чабуу, эгин бастыруу, мал айдоо ж.б.)

үйрөтүшкөн, ашар жолу балдарды эмгекке активдүү аралаштырышкан. Мындай иш-аракеттер, биринчиден, кыймыл менен, экинчиден, ыр жана музыка менен коштолгон элдик салттар болгон [4, 8-б.].

Төрт мезгилге жараша эмгек болот. Түшүм жыйнаганда «Оп, майда» деген эмгек ырын ырдашкан. Мал багууда, кой кайтарууда «Бекбекей», жылкы кайтарууда жылкычылардын ыры «Шырылдаң» деген эмгек ырлары бизге жетип отурат. Ырларда жакшы ой тилек, ниет, жакшы түшүм алуу, малды аман-эсен багуу үчүн оор ишти жеңилдетүү, өздөрүн алаксытуу, убакыттын тез өтүшүн, чогуу иштегендери жөнүндө айтылат. Ушундай оор иштерди ата-бабабыз күлүп-жайнап, кабагым-кашым дебей, ырдап, шаңдуу өмүр көчүн улап келгендиги биздин жаш муундарыбызга сабак болот деген үмүттөбүз.

«Жаз жарыш, күз күрөш» дегендей, жаздын алды менен соко менен жер айдап, кол менен эгин себип, жыйын-терим убагында орок менен орушуп, ортодо мамыга атты же өгүздү байлап, орулган, бооланган буудайды, арпа, сулу, тарууну тебелетип, атты же өгүздү айдап данын, топонун өзүнчө жыйнап алышкан. Бардык жумуштар кара күч менен жасалган. Ошондуктан ар бир эмгекке карата арналып ырлар чыгарылган. Ар бир эмгек мезгилге жараша салт болуп калган. Жер айдоо, жыйын-терим, мал багуу, кой багуу, жылкы кайтаруу, кийиз жасоо, тон тигүү, убагында ата-бабабыздан калган эмгек ырлары бизге жетүүдө. Жумуш оор болгондуктан көңүлдөрүн көтөрүү, алаксытуу иштин тез бүтүшү үчүн ырдашкан. «Көз коркок, кол баатыр» дегендей көпчүлүк менен иштеген иш шаңдуу болот эмеспи.

«Иш илгери болсун» деп элибизде бекеринен накыл сөз айтылып калбаса керек. Кандай жумуш баштап жатса да, келген адам ушул сөздү айткан. Бул сөздүн мааниси терең. Жакшы ой, жакшы тилек бар. «Аракет кылсаң, берекет», «Курулган иш кур калбайт» деген макалдар даанышмандык менен айтылган. Бекер отурбай эмгек кылган адам көп ийгиликтерге жете алат. Эмгектенген адамдын жүзү жарык, эл ичинде кадыр-баркы жогору.

«Кыргыздар кылымдар тереңинен бери жаш муундун зээнине «короо толо койлуу, өрүшү толо малдуу, кампаң толо дандуу болуп» бакубат жашоо жеке адам менен коомдун туруктуу өнүгүшүнүн зарыл шарты экендигин уялатып, уютууга аракет кылып келген» [3, 429-б.].

Ата-бабабыз бакубат жашоого жетиш үчүн уул-кыздарын эмгекти сүйүүгө, ак эмгек кылууга чакырып, тарбиялап келген. «Эркек балдарды жаштайынан атка мингизип, жети-сегиз жашынан баштап мал кайтартышкан. Өспүрүм кезинде чоңдор аларга чөп чаап, аңчылык кылганга машыктырышкан. Кыздар энелеринен, эжелеринен аял эмгегинин татаал өңүттөрүн – тери ашатканды, токуучулукту, түрдүү тамактарды жасоону жана башкаларды үйрөнүүгө тарбиялашкан» [6, 52]. «Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт», «Куш канатсыз, адам эмгексиз жашай албайт», деген макалдар элибизде бекеринен айтылбаса керек.

«Ата-бабаларыбыз эмгекти баалашкан, эмгекке баа берген. Ошондуктан эл оозунда айтылган чыгармалардын баарында эмгек негизги орунда турган. Баатырлардын баары эмгекчил болушкан. Эмгектин аркасы менен эли жерин сактап келишкен. Эмгек менен билеги күчтүү болуп чоңоюшуп, эч нерседен тартынышпаган, коркпошкон. Элибизде эмгек жөнүндө, эмгекчилдикти даңазалаган элдик оозеки чыгармалары да, салттуу эмгек ырлары да көп» [5, 64-б.].

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында эмгек темасы өзгөчө орунду ээлейт. Элдик ырлар улуттук тарбиянын таасирдүү булагы болуп саналат. Алар аркылуу эмгекке болгон мамилелерди, адеп-ахлактык баалуулуктарды жаш муундарга көркөм формада жеткирүүдө өзгөчө баалуу. Кыргыз элинде эмгек кылуу да жылдын төрт мезгилине жараша салт болуп калган. Ошого жараша салттуу эмгек ырлары да пайда болгон. Эмгек ырлары эмгектин түрүнө жараша айтылган. Үрөн себүү ыры – бул эмгек тарбиясынын булагы болуп саналат. Үрөн себүү ырынын тарбиялык-педагогикалык өңүттөгү эмгек тарбиясы

кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында өзгөчө орунда турат. Үрөн себүү ыры – элдин дыйканчылык маданиятын, эмгекке болгон урмат-сыйды жана ошондой эле табият менен болгон тыгыз байланышты даңазалаган чыгармалардын бири. Бул ыр аркылуу балдарды жана жаштарды эмгекке тарбиялоонун педагогикалык мазмуну берилет, эмгекке болгон мамиле калыптанат, анткени үрөн себүү – бул алдыдагы максаттарга карай үмүт, ишеним жана эмгектин натыйжасын сабырдуулук менен күтүү.

Педагогикалык көз-караштa алганда, «Үрөн себүү» ырынын дагы бир маанилүү тарбиялык жагы – сабырдуулукка үйрөтүшү. Үрөн себилгенден кийин түшүм дароо алынбайт, аны өстүрүп, кам көрүп, күтүү керек. Ошону менен катар эле жамааттык эмгекти даңазалайт, чогулуп иштеп бири-бирине жардамдашуу аркылуу биримдикке, ынтымакка ыкташат. Табиятка аяр мамиле жасоого үйрөнүүнүн негиздерине таянып, табият мыйзамына баш ийүүгө, жерге аяр мамиле кылууга үндөйт. «Үрөн себүү» ыры – токчулуктун булагы деген элдик түшүнүктү чагылдырган, бекемдеген эмгек тарбиясынын бай казынасы. Эмгек менен ырыскынын байланышын даңазалап, табият менен энчиңди бөлүшүүнү билүүгө, адал эмгек кылууга үйрөтөт.

Жазында үрөн сепкен убакта жакшы ой тилек, үмүт менен жаратылыш менен сүйлөшкөндөй ниет кылышкан. Мисалы, үрөн себүү жөрөлгөсүн балдарга үйрөтүшкөн.

Үрөн себүү ырын балдар аталарын ээрчип жүрүп, жаттап алышып, кийин чоңойгондо колдонушкан.

Мына септим ууч тап,
Жылуу жерден конуш тап,
Бу жетим-жесирге,
Мунусу – карып мискиге,
Бу – ач арыкка,
Мунусу – алсыз карыпка,
Булар курт-кумурскага,
Мунусу – сурамчыга,
А бул – тилемчиге,
Булары – саламчыга, калгандары – сизге, бизге, мага.
Абадан жаадыр, жерден өндүр
Бала-чаканын ырыскысын өзүң жеткир.
Өн үрөнүм, өн!
Береке берк байласын,
Бердик баба Дыйканга
Бириң миңден чайласын.
Оомийин! [2, 189-190-б.].

«Илгерки ата-бабабыз жаратылыштын сыйкырдуу күчүнө ишенишип, үрөн себип жатканда «Умай эненин» колу менен себип жаткан таризде, ак бата «Умай эненин» оозунан чыгып жаткан ыңгайда айтылып, «Умай эне» табияттын башка мүчөлөрүнүн пирлерине табыштап, аларды үрөндүн мол түшүмдүү болушуна кол кабыш этүүсүн табыштап айтылат» [2, 189-б.]. Мына ушунун баары адамдар жакшы ой-тилек менен, үмүт менен эмгегимдин акыбети кайтса деп ниеттенишкен. Ушуну балдар көрүп, таалим алышкан.

Оруу мезгилинде да орокко арнап ыр чыгарышкан. «Орок ыры» чыгармасы элдин дыйканчылык турмушун чагылдырып, эмгекке болгон мамилени, мээнеткечтикти жана жамааттык ишти даңазалайт.

Элдик педагогикада орок эмгегинин орду – эмгек процессинин жогорку баскычы болуп саналат. «Орок ыры» – эмгектин жыйынтыгын алуу, жасаган эмгегиңдин акыбетин алуу болуп саналат. Ал эмгекке позитивдүү мамиле кылууга үндөө менен эмгекти чарчоонун булагы эмес, берекенин, ырыскынын негизи катары көрсөтөт. Жамааттык эмгек жана социалдык тарбияны камтуу менен өз ара кызматташууну, бири бирине жардам берүү, ынтымактуулук идеялары да бекем баяндалганын байкоого болот. «Орок ыры» эмгек менен турмуштук тажрыйбанын байланышын заманбап педагогикалык теорияларда билим менен турмуштук тажрыйбанын байланышы маанилүү деген принципке жооп берет.

***«Орок ыры»***

Ор орогум, оргунуң,
Ормочудан болгунуң.
Оңой түгөйт ормобуз,
Ортодон туура ойгонуң.
Чал орогум, чалгының,
Солду таза алгының,
Арпа, буудай таштабай,

Бого таза салгының,
Чал орогум чалгының.
Чалдан артта калбайын,
Чабал болуп орокко,
Жалкоо атка калбайын [2, 192-б.].

Муну менен эмгекти жеңилдетүү, өзүн алаксытуу менен кызуу эмгек жүрүп жаткандыгы көз алдыга тартылат.

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында эмгек темасындагы ырлар эмгекти жеңилдетүүгө, жамааттык ишти уюштуруу, эмгек кылууга жана эмгектенүүгө болгон оң мамилени калыптандыруу максатында жаралган. Ошол эмгек ырларынын бири – «Оп майда» ыры. «Оп майда» ыры этнопедагогикалык көз караштa алганда эмгек процессин коштогон ыр катары мүнөздөлөт. Адамдардын эмгегин бир ыргакка салуу, чарчоону азайтуу жана ишти үзгүлтүксүз аткаруу менен эмгекти натыйжалуу уюштуруу ыкмасы катары бааланат. Илимий-педагогикалык көз караштa алганда мындай ырлар эмгекке кызыгууну арттырат.

Элдик педагогикада эмгек нравалык баалуулук катары кабыл алынат. «Оп майда» ыры – эмгекчилдикти, жоопкерчиликти жана эмгекке болгон жайдары мамилени калыптандырат. Эмгектенүүдө физикалык чарчоодон алаксып, көңүлдүү маанай менен ишти көпчүлүк менен жеңил жана ынтымактуулукта аткаргандыгына багыт берүүсү менен маанилүү, ошол эле учурда бүгүнкү күндө да актуалдуу. «Оп, майда» деген эмгек ыры бизге толук жетүүдө. Кызыл данды жыйнап алууда ортодо мамыга өгүздү же атты байлап орулган арпа, буудай, дан эгиндерин таштап өгүздү «оп» деп айдап бастырышкан. Ата-энелер балдарды кырманга ээрчитип барышкан.

Майда, майда, оп майда,
Майдаласын атты айда.
Саманы аттарга пайда,
Кызылы бизге пайда.
Кызыл толгон кырманды,
Сузалы эми капкайда!
Бекер жатсаң жан багып,
Таба албайсың эч пайда
Майда, майда оп майда,
Орой, орой басканың.
Ороо толсун оп-майда.
Кырча-кырча басканың.
Кырман толсун оп-майда [2, 193-б.].

Ушул улуу иште түшүм алуу, жыйноодо ырдап бата берүү менен мол түшүм алууга ниет кылынган ак тилек айтылат. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» деп элибизде айтылган накыл сөз бар эмеспи. Эми түшүмдү жакшы жыйнап алуу, жаан-чачын, карга калбай жыйнап алуу тилеги айтылат. Деги эле, ата-бабаларыбыз ар бир ишке терең маани берип келген жана аларды балдарга таалим дешкен.

«Мал чарбасына да ата-бабаларыбыз олуттуу мамиле жасашкан. Балдарын дагы кичине кезинен мал багууну үйрөтүшүп, эмгекке бышырып, көндүрүп келишкен. «Малчылык кыргыздардын ата кесиби, малды кыргыздар өздөрүнө киндиктеш катары», «мал киндиктүү» элбиз дейт. «Бекбекей» – кыргыз элинин байыртан келе жаткан эмгек ыры жана элдик педагогиканын баалуу үлгүсү болуп саналат.

Бул ыр көбүнчө мал багуу, төл алуу, түнкү күзөттө жана короо кайтаруу маалында айтылган. Бекбекей ырынын педагогикалык маңызы тереңде – бул эмгекке болгон мамилени калыптандырат. Ырдын мазмунуна сарасеп салсак, эмгек – жашоонун негизи катары көрсөтүлөт, жоопкерчиликке тарбиялайт. Малды багуу, аны сактоо ыйык милдет, анткени мал – элдин байлыгы. Ошондуктан ишти өз убагында так аткарууга, сабырдуу, чыдамкай болууга үйрөтөт. Түндөсү мал кайтаруу, түнкү суукка чыдоого, чарчоого туруштук берүү менен бекем мүнөзгө ээ болуу – эмгектин арты менен гана болооруна үйрөтөт. Улуттук баалуулуктарды урматтоого, адал иштөөгө, эмгекти сүйүүгө тарбиялайт, жамааттагы эмгек түшүнүгүн берет, бирге иштөө идеясы айтылат. Ырдын мазмуну аркылуу эмгек менен искусствонун айкалышына каныгып, эстетикалык тарбия алабыз. Ыр жалгыз эмес, жамаат менен ырдалат, улуулардын ишин көрүп туурап үйрөнүү менен жаштайынан эмгекке үйрөнүү мааниси турат.

***«Бекбекей»*** ыры кой кайтарганда айтылган. Күндүзү жигиттер кайтарса, түнкүсүн кыз-келиндер кайтарышкан. Кичинекей балдар-кыздар чоңдордун жанында отуруп Бек-бе-кейди угушкан.

Бек-бе-кей ууй! Бекбекей!
Кумга чыккан чечекей.
Куюлушкан Бекбекей,
Ташка чыккан чечекей
Талыкпаган Бекбекей
Ийнемдин учун майтардым, э-эй!
Бүгүн бир короо кайтардым, э-эй!
Ийнемдин учун түзөттүм, э-эй!
Ишенбей короо күзөттүм, э-эй!
Уугумдун учу долоно,
Ууру да бөрү жолобо.
Уугумдун учун учтаймын,
Ууру бир келсе уңжуңдап,
Башын бир айра муштаймын!
Бек-бе-кей, уу! Бекбекей!
Короомдун чети таман жол,
Кайтарган коюм аман бол,
Кыз-келин короо кайтарган,
Кадимден калган салт ошол [2, 175-б.].

***«Бекбекей»*** ыры эки себептен келип жаралган. Биринчиси түнкүсүн уктабай, аба ырайынын татаалдыгынан, убакыттын тез өтүшүн, экинчиден үн чыгарышып, кыйкырышып, уурудан, бөрүдөн аман алып калуу үчүн тилек кылган жана милдет болуп калган. Ата-бабаларыбыз жаратылышта жан-жаныбарлардын, суунун да колдоочусу бар, пири бар деп эсептешкен. Бул «Бекбекей» айтымында, короо пирине жалынышып, койду аман-эсен алып калууну тилешкен. Балдар түндө боз үйдө жатып, сырттагылардын ырын угуп, мал багуунун оор түйшүгүн сезишкен жана кээде ата-энеси менен короо кайтарып, эмгекке жатыгышкан.

«Шырылдаң» – жамааттык эмгекте аткарылган элдик ыр. Бул ыр аркылуу элдик тарбиянын баалуу үлгүлөрүн берип келишкен. Анткени «Шырылдаң» ыры эмгекти биримдик аркылуу тарбиялоого, ынтымак менен тарбиянын биримдигине, эстетикалык сезимдерге тарбиялоого багыт берген элдик педагогиканын баалуу мурасы болуп эсептелет.

«Шырылдаң» ыры – кыргыз элинин кылымдык тарбия-тажрыйбасын камтыган педагогикалык мурас жана элдик педагогиканын классикалык үлгүсү болуп саналат.

***«Шырылдаң»*** те илгертен ата-бабаларыбыздан келе жаткан жылкычылардын ыры деп айтылып келген. Жылкычылар жылкыны түнкүсүн да кайтарышкан. Бизге «Шырылдаң» ырынын көп варианттары жеткен.

***«Шырылдаң»*** ырынын курулмасы үч түрдүү мазмундан түзүлөт. Биринчи курулмасы, шырылдаңдын салты экени, ал жылкычынын ыры экени айтылып, шырылдаң тааныштырылат. Экинчи курулмасы мактоо болуп, айттап барган үйдүн жөн-жайын атап мактайт. Үчүнчү курулмасы бата болуп, айттап барган үйгө ыраазычылыгын билдирип ак бата берет же нааразы экенин билдирип жамандап ырдайт, каргайт» [2, 179-б.].

«Шырылдаң» ырынан мисал келтирели.
Шыпшырылдан, шыр экен, эй,
Жылкычынын ыры экен, эй,
Ташка таруу бүткөндө, эй,
Тамаша чыккан шырылдаң, эй.
Кумга конок бүткөндө, эй,
Кошо чыккан шырылдаң, эй,
Адыр, адыр тоолордон, эй,
Айгыр минип биз келдик, эй,
Айгыр оозун тарта алабай, эй,
Ага үйүнө туш келдик, эй,
Ага эмне союптур, эй,
Ага баккан коюн союптур, эй,
Бизге эмне коюптур, эй?
Карчыга төшүн коюптур, эй,
Агаң өзү үйдө бекен, эй,
Үйдө болсо үн берсин, эй [2, 180-б.].

Мына ушундай мааниде айттап ырдашкан. Айттап барган үйү жакшы кабыл албаса, нааразы болуп, салт билбеген адамдар деп кордоп, жамандап ырдашкан. «Шырылдаң», «Бекбекей» жана «Оп, майда» ырлары обондуу ырлар. Ата-бабаларыбыздан бери бизге эмгек ырлары обону менен жеткен. Биздин жаштарыбыз ар кандай салтты чагылткан оюн-зооктордо эмгек ырларын ырдашып, кыргыз эли эмгекчил экенин адабий мурасыбызды кастарлап, сыймыктануу менен аткарып жүрүшөт.

Ошону менен мал телүү, козу байлоо, эң салуу, желе тартуу жана кол өнөрчүлүк боюнча: тон чык, териден жасалган ар кандай буюмдар, кийиз жасоо да чоң машакатты талап кылган. Мына ушул эмгектин баарына ар бирине өзүнчө арнап айтылган ырлары бар.

Биз муну менен эмнени айтмакчыбыз? Көчмөндүү калкыбыз эмгекти сүйгөн, тажаган эмес, «алаканын жоорутуп, маңдай терин агызып» ак эмгек, сабырдуулук, кажыбас кайрат менен өмүр көчүн улап келишкен. Ата-бабабыз кара күч менен эмгектенишип, шаңдуу эмгек ырларын ырдашып, өздөрүн алаксытып, иштеген иштери натыйжалуу болсун деген ниет кылгандыгы биздин жаштарыбызга сабак болот деген ойдобуз.

**Корутунду.** Эмгек – бул жашоонун өзөгү. Эмгексиз адам баласынын жашоосу эч качан уланбайт. Ата-бабабыз жер иштеткен, мал баккан. Көчмөндүү калк болуп, малга жайыт издеп, улам жер которуп, жайлоолордо жашашкан. Оор эмгекти кара күч менен иштешкен. Баарынан кызыгы, эмгекке жараша эмгек ырларын обону менен чыгарышкан. Өздөрүн алаксытып, иштери бат бүтүшүн, убакыт тез өтүшүн, жасаган иштери натыйжалуу болушун, жакшы тилек, ниет менен ой тилегин айтышып ырдашкан.

Эмгектин түрлөрүнө жараша эмгек ырлары бизге жетип жатат. Биз мындан кыргыз элинин эмгекчилдигин, эмгекти сүйгөндүгүн, ак эмгек кылып, эмгегинен баар таап өмүр сүргөндүктөрүн көрүп турабыз. Ата-бабабыз кабагым-кашым дебей эмгек кылууну жакшы маанай, жакшы ниет менен тосуп алышкан.

Жыйынтыктап айтканда, элдик казынабыздагы нарктардын ичинен эмгек эң жогорку асыл баалуу дөөлөт. «Адамды адам кылып баккан эмгек, алтынды сансыз кылып тапкан эмгек» (Жоомарт). Эмгек идеологиясын бөтөн жактардан эмес, өз коломтоңдон изде. «Басканча бөтөн жердин көк шиберин, басайын өз жеримдин тикенегин» дегендей, ырыскыны «жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы» деген Ала-Тооңдон тап. «Териң төгүп жерге жат» (Арстанбек).

Эмгектин эки жолку баатыры, кыргыздын каарман кызылчачы кызы Зууракан Кайназарова элибиздин эмгекчилдигинин өзүнчө бир символу дегибиз келет. Улуттук очогубуздагы эмгек күжүрмөндүүлүгүнүн улуу өрнөктөрүн туу кылып, «каруунu казык, башты токмок» кылып мээнеттенип, өзүбүздү да, өлкөбүздү да гүлдөтүү биздин колубузда. Бул үчүн үй-бүлөдө баланы эмгекке кичинекейинен тарбиялоо керек. Үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоонун жогорудагыдай салт-жөрөлгөлөрүн пайдалануу зарыл [1, 80-б.].

***Адабияттар:***


1. Байгазиев С.О. Улуу «Манас» эпосунун уңгулуу баалуулуктары. – Б.: «Алтын тамга», 2025. – 200 б.
2. Кыргыздар. – Бишкек-23, 14-том. Мурас. Түзгөндөр: К. Жусупов, К. Иманалиев, Ж. Бакашева, М. Өмүрбай. – Б.: «Учкун» ААК. – 632 бет.
3. Акматали Алимбеков. Кыргыздар. Бишкек, 2023, 22-том. Түзгөндөр: К. Жусупов, К. Иманалиев, С. Рысбаев. – Б.: «Учкун» ААК. – 696 бет.
4. Ташбаева Г.А. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өнүктүрүү // Автореферат. – Бишкек, 2024. – 24 б.
5. Бейшенбаева Б.Т. Үй-бүлөдө баланы эмгекке тарбиялоо // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – № 2 (60). – С. 62-68.
6. Мурзалиева З.К. Түрк тилдүү Алтай элдеринин келечек муунду тарбиялоодогу этнопедагогикалык баалуулуктары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – № 1 (59) – С. 48-54.


***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

## ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ

## ПЕДАГОГИКА И ПСИХОЛОГИЯ

## PEDAGOGY AND PSYCHOLOGY

***Карасартова Жыргал Белековна,***
***педагогика илиминин кандидаты, доцент,***
***К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы***

# ЭМОЦИОНАЛДЫК ИНТЕЛЛЕКТ: ТЕОРИЯСЫ, ПРАКТИКАСЫ ЖАНА ИНСАНДЫК ӨНҮГҮҮДӨГҮ РОЛУ

***Карасартова Жыргал Белековна,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова,***
***Кыргызская Республика, Иссык-Кульская область***

# ЭМОЦИОНАЛЬНЫЙ ИНТЕЛЛЕКТ: ТЕОРИЯ, ПРАКТИКА И РОЛЬ В ЛИЧНОСТНОМ РАЗВИТИИ

***Karasartova Zhyrgal Belekovna,***
***PhD in Pedagogical Sciences, Associate Professor,***
***Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov,***
***Kyrgyz Republic, Issyk-Kul Region***

# EMOTIONAL INTELLIGENCE: THEORY, PRACTICE AND ROLE IN PERSONAL DEVELOPMENT

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада эмоционалдык интеллекттин теориялык негиздери, аны иш жүзүндө колдонуу багыттары жана инсандык өнүгүүдөгү маанилүү ролу талданат. Эмоционалдык интеллект түшүнүгү бүгүнкү күндө психологияда, педагогикада жана социалдык илимдерде өзгөчө актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Макалада анын түзүмдүк компоненттери – өз эмоцияларын таануу жана башкаруу, башкалардын эмоцияларын түшүнүү, социалдык өз ара аракеттенүү жөндөмдөрү кеңири баяндалат. Ошондой эле эмоционалдык интеллекттин инсандык өсүшкө, өз алдынча чечим кабыл алууга, стрессти жеңүүгө жана ийгиликтүү коммуникация курууга тийгизген таасири илимий мисалдар менен негизделген. Практикалык бөлүгүндө билим берүү чөйрөсүндө, жумуш жамааттарында жана үй-бүлөлүк мамилелерде эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү ыкмалары көрсөтүлгөн. Макаланын жыйынтыгында эмоционалдык интеллектти калыптандыруу инсанды ар тараптан гармониялуу тарбиялоонун жана коомдо ийгиликтүү социалдаштыруунун негизги факторлорунун бири экени белгиленет.*

***Аннотация:*** *В данной научной статье рассматриваются теоретические основы эмоционального интеллекта, направления его практического применения и важная роль в личностном развитии. Понятие эмоционального интеллекта сегодня является одной из наиболее актуальных тем в психологии, педагогике и социальных науках. В статье подробно описаны его структурные компоненты: распознавание и управление собственными эмоциями, понимание эмоций других людей, навыки социального взаимодействия. Также обосновано влияние эмоционального интеллекта на личностный рост, самостоятельное принятие решений, преодоление стресса и построение успешной коммуникации. В практической части показаны методы развития эмоционального интеллекта в сфере образования, в трудовых коллективах и в семейных отношениях. В заключении подчеркивается, что формирование эмоционального интеллекта является одним из ключевых факторов гармоничного воспитания личности и успешной социализации в обществе.*

***Annotation:*** *This scientific article explores the theoretical foundations of emotional intelligence, its practical applications, and its significant role in personal development. The concept of emotional intelligence is one of the most relevant topics in modern psychology, pedagogy, and social sciences. The article describes its structural components in detail, including recognizing and managing one's own emotions, understanding the emotions of others, and developing social interaction skills. Furthermore, the impact of emotional intelligence on personal growth, independent decision-making, stress management, and effective communication is scientifically justified with relevant examples. The practical section presents methods for developing emotional intelligence in the field of education, in professional teams, and within family relationships. The conclusion emphasizes that the formation of emotional intelligence is a key factor in fostering the harmonious development of personality and achieving successful socialization in society.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *эмоционалдык интеллект, теория, практика, тарбиялоо, адаптация, илимий чөйрө, позитивдүү мамиле, өзүн-өзү сыйлоо, өнүгүү, эмпатия.*

***Ключевые слова:*** *эмоциональный интеллект, теория, практика, воспитание, адаптация, научная среда, позитивное отношение, самоуважение, развитие, эмпатия.*

***Key words:*** *emotional intelligence, theory, practice, upbringing, adaptation, scientific environment, positive attitude, self-respect, development, empathy.*

**Киришүү.** XXI кылымдын шартында билим берүү, социалдык адаптация жана инсандык өнүгүү процесстеринде эмоционалдык интеллект түшүнүгү өзгөчө актуалдуу багыттардын бири болуп калды. Адамдын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрү менен бирге эмоционалдык жөндөмдөрү да жашоодо ийгиликке жетүүнүн маанилүү фактору экени акыркы он жылдыкта илимий чөйрөдө жана коомдук практикада кеңири таанылды. Эмоционалдык интеллект – бул өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын таануу, түшүнүү, башкаруу жана туура пайдалана билүү жөндөмү катары түшүндүрүлөт.

Илимий адабияттарда эмоционалдык интеллект түшүнүгүнүн калыптануусу бир нече этаптан өткөн. Алгач Э. Торндайк тарабынан «социалдык интеллект» түшүнүгү сунуш кылынса, кийин П. Сэловей менен Дж. Майер «эмоционалдык интеллект» терминин илимий түшүнүккө киргизишкен. Д. Гоулман бул түшүнүктү жаңы маанисине карата анын компоненттерин практикалык психологияда кеңири жайылтууга өбөлгө түзгөн [5]. Учурда эмоционалдык интеллект когнитивдик өнүгүүнүн, чыгармачылыктын, мотивациянын жана инсандык гармониянын маанилүү факторлорунун бири катары изилденип келет.

Эмоционалдык интеллекттин теориялык негиздери жана практикалык колдонулушу билим берүү системасында өзгөчө мааниге ээ. Балдарда жана жаштарда эмоционалдык интеллектти калыптандыруу алардын социалдык адаптациясына, конфликттерди конструктивдүү чечүү жөндөмдөрүнө, чыгармачылык потенциалын ачууга жана инсандык толук кандуу өнүгүүсүнө өбөлгө

түзөт. Ошондой эле, мугалимдер менен студенттердин ортосундагы эффективдүү өз ара аракеттенүүдө да эмоционалдык интеллект чечүүчү ролду ойнойт.

Бул **макаланын негизги максаты** – эмоционалдык интеллекттин теориялык негиздерин талдоо, анын практикадагы колдонулушун изилдөө жана инсандык өнүгүүдөгү ролун ачып берүү.

Эмоционалдык интеллектин **методологиялык негиздери** системалык жана интегративдик мамиле, психологиялык-педагогикалык илимдин теориялары, ошондой эле когнитивдик жана гуманисттик психологиянын багыттары болуп саналат [1].

**Негизги мазмуну.** Эмоционалдык интеллект түшүнүгү психология илимине салыштырмалуу кеч киргизилген түшүнүк болуп эсептелет. Алгач XX кылымдын башында америкалык психолог Э. Торндайк «социалдык интеллект» терминин сунуш кылып, адамдын башкалар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүн, социалдык кырдаалдарда туура жүрүм-турумду тандап алуу мүмкүнчүлүгүн белгилеген [4]. Бул идея кийин эмоционалдык интеллект концепциясынын негизги башкы көйгөйүнүн бири болуп калды.

1990-жылдары америкалык окумуштуулар Питер Сэловей жана Джон Майер «эмоционалдык интеллект» түшүнүгүн илимий колдонууга киргизишип, аны «өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын байкай билүү, түшүнүү жана башкаруу жөндөмү» катары аныкташкан [5]. Алардын модели эмоционалдык интеллекттин когнитивдик аспектилерине өзгөчө басым жасаган.

Ал эми Дэниел Гоулман 1995-жылы жарык көргөн эмгегинде эмоционалдык интеллектти популярдаштырып, анын компоненттерин деталдуу түшүндүрүп берген [4]. Гоулмандын модели коомдук жана билим берүү практикасында кеңири колдонулуп, эмоционалдык интеллекттин инсандын ийгилигине жана жашоодогу гармонияга тийгизген таасирин терең изилдөөгө өбөлгө түзгөн.

Учурда эмоционалдык интеллектти изилдөөдө бир нече теориялык багыттар калыптанган. Алардын ичинен негизгилери төмөнкүлөр: когнитивдик модель (Сэловей жана Майер): эмоцияларды таануу; эмоцияларды ой жүгүртүүдө колдонуу; эмоцияларды түшүнүү; эмоцияларды башкаруу. Аралаш моделде: өзүн-өзү аңдоо; өзүн-өзү башкаруу; ички мотивация; эмпатия; социалдык көндүмдөр. Шюттенин модели: оптимизм; өзүн-өзү сыйлоо; позитивдүү мамиле; эмоционалдык өз ара аракеттенүү жөндөмүн атасак болот [3].

Бул моделдер эмоционалдык интеллектти түшүндүрүүдө ар кандай аспектилерди ачып берет. Когнитивдик багыт акыл-эс процесстерине басым жасаса, аралаш модель инсандык сапаттар жана социалдык факторлор менен байланыштырат.

Көпчүлүк изилдөөлөрдө эмоционалдык интеллект бир нече өз ара байланышкан компоненттерден турат деп белгиленет:

- өзүн-өзү аңдоо: адам өзүнүн эмоционалдык абалын туура түшүнүп, сезимдерин анализдей алат.
- өзүн-өзү башкаруу: сезимдерди көзөмөлдөп, кырдаалга ылайык реакция жасоо жөндөмү.
- Ички мотивация: ички каалоо, максатка умтулуу жана позитивдүү ой жүгүртүү.
- эмпатия: башкалардын эмоцияларын сезүү жана түшүнүү жөндөмү.
- социалдык көндүмдөр: адамдар менен эффективдүү мамиле түзүү, лидерлик, командада иштөө [1].

Эмоционалдык интеллект көбүнчө салттуу социалдык нормаларды жана маданий эрежелерди карманган индивиддер менен салыштырылып изилденет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдын социалдык жана кесиптик ийгилигинде гана роль ойноп, калган чоң үлүшү эмоционалдык интеллектке жана инсандык сапаттарга таандык. Бул жагдай эмоционалдык интеллекттин инсандык өнүгүүдө, айрыкча социалдык адаптация жана чыгармачылыкта маанилүү экенин далилдейт.

Эмоционалдык интеллект феноменин изилдөөдө системалуу жана комплекстүү мамиле талап кылынат. Биринчиден, эмо-

циональдык интеллект көп кырдуу психологиялык конструкция болуп, анда когнитивдик, мотивациялык жана социалдык компоненттер тыгыз байланышта иштейт. Ошондуктан изилдөөдө бир эле ыкма менен чектелбей, ар кандай методдорду айкалыштыруу зарыл болгондуктан, методологиялык негиздери төмөнкүлөрдү камтыйт: системалуу мамиледе эмоционалдык интеллект инсандык өнүгүүнүн бүтүндөй системасынын бир бөлүгү катары каралат; интегративдик мамиледе: когнитивдик психология, социалдык психология, педагогика жана нейропсихологиянын идеяларын бириктирүү; өз ара аракеттенүүчү факторлорду эске алууда маданий чөйрө, социалдык шарттар, үй-бүлөлүк тарбия кирет [2]. Ал эми эмоционалдык интеллектти өлчөө жана аныктоо методдоруна, эмоционалдык интеллектти изилдөөдө бир катар психодиагностикалык инструменттер колдонулат. Аларга, эмоцияларды таануу, түшүнүү жана жөнгө салуу жөндөмдөрүн баалоого арналып, когнитивдик модел кирет. Эмоционалдык интеллект коэффициенти, өзүн-өзү аңдоо, өзүн-өзү башкаруу, эмпатия жана социалдык көндүмдөрдү өлчөйт. Шютте шкаласы: эмоционалдык компетенцияларды баалоо үчүн колдонулган жөнөкөй анкеталык тестти түзөт. Байкоо жана интервью ыкмалары: билим берүү жана эмгек жамааттарында эмоционалдык интеллекттин чыныгы көрүнүштөрүн аныктоодо пайдалуу каражат болуп саналат [1].

Бул методдордун ар бири өзүнүн артыкчылыктарына жана чектөөлөрүнө ээ. Мисалы, тесттик инструменттер стандарттуу маалымат берсе, байкоо жана интервью көбүрөөк реалдуу кырдаалдарга багытталган.

Эмоционалдык интеллекттин билим берүү процессинде окуучулардын гармониялуу өнүгүүсү үчүн маанилүү шарт болуп саналат. Практикада колдонулган негизги категориялары: эмоцияларды таануу көндүмдөрүн калыптандырууда сүрөттөрдү, кырдаалдарды талдоо аркылуу; эмпатияны өнүктүрүүдө рөлдук оюндар, топтук талкуулар, диалогдук машыгуулар; стресс-менеджмент жана өзүн-өзү жөнгө салууда медитация, релаксация жана психотехникалар; социалдык көндүмдөрдү өркүндөтүүдө топтук долбоорлор, командалык иш, лидерлик тренингдерди атасак болот. Кыргызстан жана Борбор Азия контекстинде, акыркы жылдары мектептерде жана жогорку окуу жайларда психологиялык тренингдер аркылуу эмоционалдык компетенцияларды өнүктүрүү боюнча аракеттер жасалууда [3].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүгө багытталган программалардын натыйжасында:

- окуучулардын академиялык жетишкендиктери жогорулайт;
- конфликттерди чечүүдө конструктивдүү мамиле пайда болот;
- лидерлик жана коммуникативдик көндүмдөр өнүгөт;
- стресс жана негативдүү эмоцияларды башкаруу жөндөмү күчөйт [4].

Эмоционалдык интеллект когнитивдик процесстер менен тыгыз байланышта калыптанат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, адамдын эмоцияларын туура түшүнүү жана башкаруу жөндөмү ой жүгүртүүнүн, эс тутумдун, чыгармачылык потенциалдын эффективдүүлүгүнө түздөн-түз таасир этет. Позитивдүү эмоционалдык абал окуучунун жаңы маалыматты кабыл алуусун жеңилдетет, ал эми терс эмоциялар (коркуу, стресс, тынчсыздануу) когнитивдик процесстерди басаңдатат [5]. Ошондуктан эмоционалдык интеллект когнитивдик өнүгүүнүн стимулу катары каралат.

Ал эми мотивациялык теорияларда эмоциялар ички түрткү берүүчү күч катары бааланат. Эмоционалдык интеллект жогорку деңгээлде калыптанган адам максат коюп, аны ишке ашырууда ички ресурстарын натыйжалуу колдоно алат. Мисалы, оптимизм, туруктуулук жана позитивдүү мамиле ийгиликке жетүүнүн негизги факторлору. Эмоционалдык интеллекти төмөн болгон адамдар кыйынчылыктарга туш болгондо тез үмүтүн үзүшү мүмкүн, ал эми жогорку эмоционалдык интеллектке ээ болгондор кыйынчылыкты жеңүүнү мотивациялык стимул катары кабыл алышат. «Адамдын жана болочок мугалимдердин

кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда коомдогу жашоосу социалдык байланыштарга негизделген» [6, 42]. Эмоционалдык интеллект социалдык адаптацияда, башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүдө чоң мааниге ээ. Эмпатия жана социалдык көндүмдөр инсандын достук мамиле түзүүсүнө, конфликттерди конструктивдүү чечүүсүнө жана лидерлик сапаттарын өркүндөтүшүнө өбөлгө түзөт [2]. Мугалим менен окуучунун, жетекчи менен кызматкердин, ата-эне менен баланын мамилелеринде эмоционалдык интеллект чечүүчү ролду ойнойт.

Эмоционалдык интеллект чыгармачылыкта (креативдүүлүк) бул инсандын өзгөчө ойлонуу жөндөмү, инновацияга умтулуусу болот. Чыгармачылык процессте эмоцияларды жөнгө салуу аркылуу негизги ролду ойнойт. Жаңы идеяларды жаратууда позитивдүү эмоционалдык фон маанилүү, ал эми терс эмоциялар чыгармачылыктын тоскоолдугу болушу мүмкүн. Жогорку эмоционалдык интеллектке ээ адамдар эмоцияларын конструктивдүү багыттап, чыгармачыл идеяларды ишке ашырууга жөндөмдүү болушат.

Адамдын инсандык өнүгүүсүндө психологиялык туруктуулук, стресске туруштук берүү, кырдаалды көзөмөлдөө жана ички гармонияны сактоо жөндөмү өзгөчө мааниге ээ. Эмоционалдык интеллекти жогору адамдар стресс факторлорду рационалдуу кабыл алып, терс сезимдерге алдырбайт [4]. Алар өздөрүнүн эмоцияларын көзөмөлдөп, башка адамдарды түшүнүү аркылуу татаал кырдаалдан чыгуунун жолдорун табышат.

Эмоционалдык интеллект инсандын ички гармониясына, өзүн-өзү түшүнүүсүнө жана толук кандуу жашоосуна түздөн-түз таасир этет. Өзүнүн эмоционалдык абалын аңдап билген жана аны башкара алган адам позитивдүү социалдык байланыштарды кура алат, кесиптик жана жеке жашоодо ийгиликке жетет. Эмоционалдык интеллект инсандын руханий жана практикалык өнүгүүсүнүн маанилүү шарты болуп саналат.

Эмоционалдык интеллект бүгүнкү күндө психология илиминде гана эмес, педагогика, менеджмент, медицина, социалдык психология жана турмуштук практикада да негизги түшүнүккө айланды. Ал инсандын өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын аңдап-билүү, башкаруу жана пайдалана билүү жөндөмүн мүнөздөйт. Эгерде мурда интеллектти негизинен когнитивдик кубаттуулук менен гана байланыштырышса, азыркы илимий көз караштар эмоционалдык факторлор адамдын өнүгүүсүндө тең салмактуу мааниге ээ экенин көрсөтүп турат [1].

Жүргүзүлгөн илимий анализдер көрсөткөндөй, эмоционалдык интеллект: инсандык өнүгүүнүн гармониялуу жүрүшүнө шарт түзөт; социалдык мамилелердин сапатын жогорулатат; окууда жана кесиптик ишмердикте ийгиликке жетүүнүн маанилүү фактору болуп эсептелет; стресске туруктуулукту жана психологиялык коопсуздукту камсыздайт.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүнүн теориялык моделдери (С. Майер, П. Саловей, Д. Гоулман ж.б.) жана алардын практикадагы колдонулушу инсандык өсүш үчүн илимий-методикалык база түзүп берди [4]. Педагогикалык чөйрөдө эмоционалдык интеллект окуучулардын чыгармачылык потенциалын ачууда, окуу мотивациясын күчөтүүдө, мугалим менен окуучунун өз ара түшүнүшүүсүндө негизги фактор катары белгиленип, «улуттук аң-сезимин, намысын ойготуп, өз алдынча ой жүгүртө билбеген, жандуу турмуштун ичине сиңип кете албаган, «буйрук менен кошо буйрук болуп катып калган» (С.Б.), колу-буту тоталитаризмдин деологиясына жипсиз байланган инсандардын образдарын тереңден чечмелеп» калыптанат [7, 83].

Ошондой эле, инсандык өнүгүүнүн психологиялык структурасында эмоционалдык интеллект башка компоненттер менен (когнитивдик, мотивациялык, социалдык, руханий) өз ара байланышта өнүгөрү далилденди. Бул болсо анын универсалдуу жана комплекстүү категория экенин ырастайт.

**Корутунду.** Эмоционалдык интеллект адамдын өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын таанып-билүү, башкаруу, туура

багыттоо жана социалдык өз ара аракеттенүүдө пайдалана билүү жөндөмү. Ал теориялык жактан психология, нейропсихология жана социалдык өз ара аракеттенүү концепцияларынын негизинде калыптанган интегралдык түшүнүк болуп саналат.

Практикалык колдонулушу эмоционалдык интеллекттин колдонуу чөйрөлөрү абдан кең: билим берүүдө мугалимдердин классты башкаруусуна, окуучулар менен натыйжалуу баарлашуусуна жана конфликттерди алдын алууга жардам берет. Ишчараларда жана лидерликте командалык өз ара аракеттенүүнү жакшыртат, мотивацияны көтөрөт, жумуш продуктивдүүлүгүн арттырат. Жеке турмушта стрессти башкарууга, эмоционалдык туруктуулукту сактоого жана гармониялуу мамиле курууга өбөлгө түзөт. Психологиялык практикаларда өзүн-өзү түшүнүү, ички ресурстарды мобилизациялоо жана адекваттуу жүрүм-турум стратегияларын иштеп чыгууга колдонулат. Инсандык өнүгүүдө ролу эмоционалдык интеллект адамдын комплекстүү өнүгүүсүндө фундаменталдуу орунга ээ. Ал төмөнкү процесстерди камсыздайт: өзүн-өзү таануу, жөнгө салуу инсандык жетилүү үчүн негизги фактор. Социалдык компетенттүүлүк коомдо ийгиликтүү адаптация болууга жана натыйжалуу коммуникацияга шарт түзөт. Эмпатия жана баарлашуу маданияты интерперсоналдык мамилелердин сапатын жогорулатат. Акыл-эс жана эмоциянын балансы чечим кабыл алууда салмактуулукка жана жоопкерчиликке алып келет. Инсандык потенциалдын ачылышы креативдүүлүк, мотивация, лидерлик сапаттардын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Жыйынтыктап айтканда, эмоционалдык интеллект – теориялык жактан да, практикалык колдонулушу боюнча да инсандык жана социалдык өнүгүүнүн маанилүү факторлорунун бири. Аны өнүктүрүү адамдын психологиялык туруктуулугун, социалдык ийгилигин жана жашоо сапатын жогорулатууга түздөн-түз таасир этет.

***Адабияттар:***

1. Абдразакова А. Психологиялык өнүгүүдө эмоционалдык факторлордун ролу. – Бишкек: КР Улуттук университети. – 2019. - № 10. – 204-208. Б.
2. Выготский Л.С. Психология развития человека. – Москва: ЭКСМО – 2018. – С. 154-156.
3. Леонтьев А.Н. Деятельность. Сознание. Личность. – Москва: Смысл – 2005. – С. 118-122.
4. Исаева Г. Инсандын эмоционалдык интеллектин изилдөөнүн методикалык негиздери // Педагогика жана психология журналы. – 2021. – №4. – 35-42. Б.
5. Карасартова Ж.Б. Эмоция жана интеллекттин өз ара байланышы: теориялык талдоо. – Каракол: ЫМУ басмасы, 2022. – 86-88. Б.
6. Карасартова Ж.Б. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу өзгөчөлүктөрү // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2010. – № 2 (14). – С. 41-45.
7. Казиева К.К. Советбек Байгазиевдин публицистикасындагы улуттук аң-сезим эркиндиги // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2020. – № 3 (52). – С. 82-87.

***Рецензиялаган:***

***Коңурбаев Т.А.,***
***психология илимдеринин кандидаты***

***Карасартова Жыргал Белековна,***
***педагогика илиминин кандидаты, доцент,***
***К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы***

# ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖОЛДОРУ

***Карасартова Жыргал Белековна,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова,***
***Кыргызская Республика, Иссык-Кульская область***

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ СПОСОБЫ ПОВЫШЕНИЯ МОТИВАЦИИ К УЧЕБЕ

***Karasartova Zhyrgal Belekovna,***
***PhD in Pedagogical Sciences, Associate Professor,***
***Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov,***
***Kyrgyz Republic, Issyk-Kul Region***

# PSYCHOLOGICAL METHODS OF INCREASING LEARNING MOTIVATION

***Аннотация:*** *Бул макалада окуучулардын окуу мотивациясын жогорулатуудагы психологиялык жолдор изилденет. Мотивация – бул окуу процессинде жетишкендиктерге жетүү үчүн ички жана тышкы стимулдарды активдештирүүчү маанилүү фактор. Макалада мотивацияны ар тараптуу баалоо жүргүзүлүп, анын когнитивдик, эмоционалдык жана социалдык компоненттери каралат. Окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн ар кандай психологиялык ыкмалар, анын ичинде максат коюу, позитивдүү бекемдөө, интерактивдүү окутуу жана өзүн-өзү баалоо колдонулушу талданат. Ошондой эле, мотивациянын төмөндөгөн учурларында педагог менен ата-эненин колдоосу, психологиялык тренингдер жана эмоцияларды башкаруу методдору маанилүү экендиги көрсөтүлөт. Макаланын жыйынтыгы катары, окуу мотивациясын туруктуу жогорулатуу үчүн системалуу жана индивидуалдуу психологиялык ыкмаларды колдонуу зарылдыгы белгиленет. Макалада окуу мотивациясын жогорулатуунун психологиялык жолдору чагылдырылган.*

***Аннотация:*** *В статье исследуются психологические способы повышения учебной мотивации учащихся. Мотивация является важным фактором, активизирующим внутренние и внешние стимулы для достижения успехов в учебном процессе. В статье проводится комплексная оценка мотивации, рассматриваются её когнитивные, эмоциональные и социальные компоненты. Анализируются различные психологические методы повышения интереса и активности учеников, включая постановку целей, позитивное*

*подкрепление, интерактивное обучение и самооценку. Также подчеркивается значимость поддержки со стороны педагога и родителей, психологических тренингов и методов управления эмоциями при снижении мотивации. В заключении статьи отмечается необходимость системного и индивидуального применения психологических методов для устойчивого повышения учебной мотивации. Статья отражает психологические способы повышения мотивации к учебе.*

***Annotation:*** *The article explores psychological methods for enhancing students' learning motivation. Motivation is a crucial factor that activates internal and external stimuli to achieve success in the educational process. The study provides a comprehensive assessment of motivation, examining its cognitive, emotional, and social components. Various psychological strategies to increase students' interest and engagement are analyzed, including goal setting, positive reinforcement, interactive teaching, and self-assessment. The importance of teacher and parental support, psychological training, and emotion management techniques is also highlighted when motivation decreases. The article concludes that the systematic and individualized application of psychological methods is essential for sustainably improving learning motivation. Article reflecting psychological methods of increasing learning motivation.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окуу мотивациясы, интерактивдүү окутуу, позитивдүү, окуу ишмердиги, эмоция, эмпатия, фактор, стимул, оюн, мамиле.*

***Ключевые слова:*** *учебная мотивация, интерактивное обучение, позитивный, учебная деятельность, эмоция, эмпатия, фактор, стимул, игра, отношение.*

***Key words:*** *learning motivation, interactive learning/teaching, positive, learning activity, emotion, empathy, factor, stimulus, game, attitude.*

**Киришүү.** XXI кылымдын билим берүү системасында окуучулардын таанып-билүү процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө коомдун социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрү, технологиянын тездик менен өнүгүшү, глобалдашуу жана маалымат агымынын өсүшү жаштардан жаңы көндүмдөрдү, жогорку деңгээлдеги компетенттүүлүктү талап кылууда. Бул шартта билим берүү мекемелеринин алдына коюлган негизги милдет окуучуларды жөн гана билим менен куралдандыруу эмес, алардын окууга болгон ички кызыгуусун, туруктуу мотивациясын калыптандыруу болуп эсептелет. Окуу мотивациясы – бул окуучунун билим алууга, жаңы маалыматтарды өздөштүрүүгө, интеллектуалдык жана чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга түрткү берген ички жана тышкы факторлордун системасы. Психология илиминде мотивация түшүнүгү көп кырдуу көрүнүш катары каралат [2]. Ал бир жагынан инсандык ички керектөөлөрдүн чагылуусу болсо, экинчи жагынан коомдук-социалдык шарттардын натыйжасы катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан, окуу мотивациясын изилдөөдө жеке адамдын психологиялык өзгөчөлүктөрү менен катар чөйрөдөгү факторлордун да таасири эске алынууга тийиш. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, окуучунун жетишкендиги анын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн тышкары, көбүнчө окууга болгон мамилесине, шыктануусуна жана максаттуулугуна көз каранды. Эгерде окуучу окуу процессинде ички кызыгууну сезсе, билим алуу ага жүктөлгөн милдет катары эмес, өз алдынча өнүгүү мүмкүнчүлүгү катары кабыл алынат [4]. Тескерисинче, мотивациянын жоктугу билим берүү процессинде пассивдүүлүктү, көңүл кош мамилени, акырында төмөн жетишкендикти жаратат. Кыргызстандын билим берүү системасында да бул маселе өзгөчө актуалдуу. Акыркы жылдары окутуунун мазмуну жаңыртылып, компетенттик ыкма кеңири жайылууда. Бирок бул процесстин ийгиликтүү ишке ашышы окуучунун активдүүлүгүн камсыздандыруусуз мүмкүн эмес. Мына ошондуктан окуу мотивациясын жогорулатуу жолдорунун психологиялык

аспектилерин изилдөө бүгүнкү күндүн илимий-практикалык мааниси жогору багыттарынын бири болуп саналат.

Бул **изилдөөнүн максаты** окуу мотивациясынын психологиялык негиздерин терең талдоо жана аны жогорулатууга өбөлгө түзүүчү практикалык жолдорду аныктоо.

**Изилдөөнүн методу.** Окуу мотивациясын жогорулатуунун психологиялык жолдорун аныктоо максатында теориялык метод, илимий-теориялык талдоо мотивациянын психологиялык табиятын түшүндүргөн илимий булактарды, педагогикалык жана психологиялык теорияларды талдоо, салыштырмалуу талдоо ар түрдүү авторлордун жана мектептердин мотивация теорияларын салыштыруу (мисалы, Маслоу, Декки жана Райан, Врум, А.Н. Леонтьев ж.б.)

«Мектеп окуучуларынын адабий окууга болгон муктаждыгын, алардын окууга болгон мотивациясын, кызыгуусун жана окуу сабаттуулугунун деңгээлин аныктоо болгон негизги изилдөө ыкмалары» да колдонулат [8, 122].

**Негизги мазмуну.** Мотивация түшүнүгү психология илиминде көп жылдан бери изилденип келе жаткан негизги категориялардын бири болуп эсептелет. Ал адамдын жүрүм-турумун, ишмердигин жана окууга болгон мамилесин түшүндүрүүчү универсалдуу түшүнүк. Латын тилиндеги movere («кыймылга келтирүү», «түртүү») сөзүнөн алынган бул термин адамды ар кандай аракетке түрткү берген ички жана тышкы факторлорду билдирет [5].

Ар түрдүү психологдор мотивацияга ар кандай аныктама беришкен. Мисалы: З. Фрейд мотивацияны адамдын аң-сезимсиз инстинкттери жана кумарлары менен байланыштырган [1]. Ал эми К. Левин мотивацияны инсан менен чөйрөнүн өз ара аракетинен келип чыккан динамикалык күч катары түшүндүргөн [5]. А. Маслоу болсо мотивацияны адамдын керектөөлөрүнүн иерархиясына таянып талдаган. Э. Деси жана Р. Райан мотивацияны ички жана тышкы факторлордун айкалышы аркылуу инсандык өнүгүүнү шарттоочу механизм катары карашкан [6]. Демек, мотивация бул жөн гана аракетке түрткү берүүчү күч эмес, ал адамдын максат коюусун, аракетти пландашын жана жыйынтыкка жетүүдө туруктуулугун камсыз кылуучу комплекстүү психологиялык процесс болуп саналат.

Мотивация төмөнкү функцияларды аткарат:

- түрткү берүүчү функциясы адамды белгилүү бир иш-аракетке баштоо жана аны улантууга шыктандырат.

- багыт берүүчү функциясы аракеттердин максатын жана маанисин аныктайт.

- регуляциялоочу функциясы жүрүм-турумду уюштурат жана ар кандай шарттарда ылайыкташтырат.

- стимулдаштыруучу функциясы аракеттин интенсивдүүлүгүн жана туруктуулугун жогорулатат [1].

Окуу процессинде бул функциялар окуучунун билим алууга болгон кызыгуусун туудуруп, кыйынчылыктарды жеңүүгө жана максатка жетүүгө көмөктөшөт.

Мотивацияны терең түшүнүү үчүн анын психологиялык негиздерин кароо зарыл. Алардын ичинен эң маанилүүсү:

- Керектөөлөр. Адамдын биологиялык жана социалдык муктаждыктары мотивациянын баштапкы булагы болуп эсептелет. Мисалы, өзүн-өзү актуалдаштыруу керектөөсү окууга болгон ички кызыгууну күчөтөт.
- Максаттар. Окуучунун алдына коюлган реалдуу жана жеткиликтүү максаттары анын аракетин багыттап турат.
- Күтүү жана ишеним. Окуучу белгилүү бир аракеттин натыйжасы оң болооруна ишенсе, ал аракетти жасоого көбүрөөк даяр болот.
- Эмоциялар. Позитивдүү эмоциялар окууга болгон кызыгууну күчөтсө, негативдүү сезимдер аны төмөндөтөт.
- Өзүн-өзү баалоо жана өзүнө ишенүү. Окуучунун ички ишеним системасы мотивациянын туруктуулугун камсыз кылат.

Психологиялык адабиятта мотивациянын негизги түрлөрү төмөнкүдөй бөлүнөт:

- Ички мотивация билим алуунун өзүн каалоо, кызыгуу, чыгармачылык канааттануу аркылуу ишке ашат. Мисалы, окуучу теманы

жөн гана баа үчүн эмес, аны түшүнүп өздөштүрүүнү каалагандыктан окуйт [5].

- Тышкы мотивация сыйлык алуу, коомдук баа же ата-эненин көзөмөлү сыяктуу тышкы факторлорго негизделет.

Эки түрдүн тең билим берүүдө мааниси бар, бирок узак мөөнөттүү туруктуу жетишкендикке ички мотивация гана жеткире алат.

Окуу ишмердигиндеги мотивация башка иш-аракеттерден айырмаланып, бир катар спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Ал билимди өздөштүрүү жана интеллектуалдык өнүгүү максаты менен байланышкан. Жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүп турат.

Окуу мотивациясын терең түшүнүү үчүн психология илиминде сунушталган ар түрдүү теориялык моделдерди карап чыгуу маанилүү. Ар бир модель мотивациянын белгилүү бир жагын ачып берет жана билим берүү процессинде окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга жол көрсөтөт.

А. Маслоунун (1943) белгилүү теориясына ылайык, адамдын жүрүм-туруму анын керектөөлөрүнүн деңгээли менен шартталат. Мотивация төмөнкү беш баскычтуу иерархияга негизделет:

1. Физиологиялык муктаждыктар (тамак-аш, суу, уйку ж.б.);
2. Коопсуздукка болгон муктаждык;
3. Социалдык байланыш жана сүйүү муктаждыгы;
4. Сый-урматка жана таанууга болгон муктаждык;
5. Өзүн-өзү актуалдаштыруу муктаждыгы [4].

Окуу процесси үчүн өзгөчө акыркы эки баскыч маанилүү. Окуучу өзүнүн билимин өркүндөтүү аркылуу коомду таанууга, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга умтулат.

К. Левин мотивацияны «жеке адам чөйрө» системасындагы динамикалык күч катары караган. Анын пикиринде, ар бир инсан белгилүү бир максатка жетүү үчүн «күч талаасында» аракет кылат. Мындай күч окуучунун окуу ишмердигинде да байкалат. Мисалы, жаңы теманы өздөштүрүү үчүн кызыгуунун күчү аны аракетке түртөт [1].

К. Халл болсо мотивацияны биологиялык керектөөлөрдүн канааттануусуна негиздеп, «күч-аракет» түшүнүгүн сунуш кылган. Бирок билим берүүдө бул теориянын чектөөлөрү бар, анткени окуу мотивациясы көбүнчө социалдык жана интеллектуалдык факторлор менен шартталат [4].

Э. Деси жана Р. Райан тарабынан иштелип чыккан өзүн-өзү аныктоо теориясы окуу мотивациясынын эң кеңири колдонулган моделдеринин бири болуп саналат [6]. Теорияга ылайык, окуучу үч негизги психологиялык муктаждыгы канааттанганда ички мотивация жогорулайт:

- автономия, окуучуга тандоо мүмкүнчүлүгү берилгенде;
- компетенттүүлүк, ал өзүнүн жетишкендигин сезгенде;
- социалдык байланыш, мугалим жана окуучулар менен позитивдүү мамиле түзгөндө.

Бул теория билим берүү практикасына түз таасир берет, анткени мугалимдер окуучунун автономиясын колдоо, компетенттүүлүгүн бекемдөө жана достук атмосфера түзүү аркылуу мотивацияны күчөтө алышат.

Ж. Аткинсон жана К. Экклс тарабынан сунушталган бул теорияда окуучунун мотивациясы эки негизги факторго көз каранды:

- күтүү – окуучу белгилүү бир тапшырманы ийгиликтүү аткара алаарына ишениши;
- баалуулук – окуучу үчүн бул тапшырманын маанилүүлүгү жана пайдалуулугу [2].

Эгерде окуучу математика сабагынан тапшырманы аткара алаарына ишенсе жана ал анын келечектеги кесибине маанилүү деп эсептесе, анда анын мотивациясы кыйла жогору болот.

Э. Локк жана Г. Лэтэм тарабынан иштелип чыккан бул теорияда мотивациянын негизги булагы так жана жеткиликтүү максат коюу. Максаттар төмөнкүдөй сапаттарга ээ болгондо мотивация күчөйт:

- так жана өлчөнө турган болушу;
- жеткиликтүү, бирок ошол эле учурда кыйынчылыгы бар болушу;

- «убакыттык чектөөлөр менен байланышкан болушу» [3, 43].

Окуу процессинде окуучуга «жыл аягына чейин англис тилинен 50 жаңы сөз үйрөнүү» сыяктуу конкреттүү максат коюлганда анын аракетке болгон шыгы жогорулайт.

Пирс Стил жана Константинос Кулоуглу тарабынан сунушталган бул модель мотивацияны убакыт фактору менен байланыштырган. Окуучулар көп учурда тапшырманы акыркы мөөнөт жакындаганда гана аткарышат. Башкача айтканда, тапшырманын мааниси жана окуучунун ишеними канчалык жогору болсо, ал мотивацияны күчөтөт, бирок убакыттын кечигиши аны төмөндөтөт.

Окуу мотивациясы көп кырдуу психологиялык көрүнүш катары бир катар ички жана тышкы факторлордун таасири астында калыптанат. Психология илиминде бул факторлорду жеке өзгөчөлүктөр, үй-бүлөлүк шарттар, социалдык чөйрө жана педагогикалык таасирлер деп шарттуу түрдө топтоого болот. Жеке-психологиялык факторлорго окуучунун инсандык сапаттары жана ички абалы мотивациянын негизги булагы болуп саналат. Кызыгуу жана когнитивдик стилдер ар бир окуучунун кабыл алуу, эстеп калуу, логикалык ой жүгүртүү жөндөмү айырмалуу болгондуктан, мотивациянын деңгээли да ар кандай болот. Өзүнө ишенүү – өз күчүнө болгон ишеним окуучунун окууга активдүү мамиле кылышына өбөлгө түзөт. Эмоционалдык абал – кубаныч, позитивдүү маанай мотивацияны күчөтсө, стресс жана коркуу аны төмөндөтөт. Жеке максаттар –келечекке карата так максат коюу мотивациянын туруктуулугун камсыз кылат [1].

Үй-бүлөлүк факторлорго, үй-бүлө окуучунун мотивациясын калыптандырууда маанилүү чөйрө болуп саналат. Ата-эненин колдоосу – жылуу мамиле, көңүл буруу – окуучуну шыктандырат. Ата-эненин талаптары – ашыкча басым көрсөтүү тескерисинче мотивацияны төмөндөтүшү мүмкүн. Үй-бүлөнүн маданий деңгээли китеп окуу, билимге баа берүү окуучунун окууга болгон кызыгуусун арттырат. Үй шартындагы окуу мүмкүнчүлүктөрү өзүнчө окуу бурчу, керектүү каражаттардын болушу мотивацияны күчөтөт [5].

Социалдык факторлорго теңтуштар жана коомдук баалуулуктар да окуучунун окууга болгон мамилесине чоң таасир этет. Достук чөйрөдө окуу ийгиликке умтулган достор мотивацияны күчөтөт. Социалдык баа, мактоо, коомдо кадыр-баркка жетишүү умтулуусу окууга стимул берет. Коомдук күтүүлөр, коомдо билимге болгон баа жогору болсо, окуучунун мотивациясы да ошончолук күчтүү болот. Педагогикалык факторлордо мектептеги билим берүү процессинде мугалимдин таасири чечүүчү мааниге ээ. Окутуунун мазмуну жана ыкмалары практикалык кызыктуу жана жашка ылайык методдор мотивацияны жогорулатат. Мугалимдин инсандык сапаттары: акыйкаттуулук, боорукердик, адилеттик – окуучунун мотивациясына түз таасир этет. Баалоо системасы адилеттүү жана түшүнүктүү баалоо окуучуну шыктандырат. Кызыктуу окуу чөйрөсү: интерактивдүү, диалогдук жана чыгармачыл сабактар мотивацияны көтөрөт [6].

Бул факторлор бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Мисалы, үй-бүлөнүн колдоосу окуучунун өзүнө болгон ишенимин арттырат, ал эми мугалимдин позитивдүү таасири социалдык баа менен айкалышып, ички мотивацияны күчөтөт. Демек, мотивацияны жогорулатуу үчүн бардык чөйрөлөр бирдикте иш алып барышы зарыл.

Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жана активдүүлүгүн арттыруу үчүн мотивациялык механизмдерди психологиялык жактан туура колдонуунун мааниси зор. Психология илиминде мотивацияны жогорулатуу боюнча ар түрдүү жолдор сунушталып, алар окуучунун ички мүмкүнчүлүктөрүн ачууга, позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүүгө жана туруктуу стимулдарды камсыз кылууга багытталган [7].

Ички мотивация узак мөөнөттүү жана туруктуу окуу жетишкендиктеринин негизги булагы болгондуктан, аны жогорулатуу өзгөчө мааниге ээ. Кызыгууну ойготуу үчүн окуу материалын турмуштук мисалдар менен

байланыштырганда окуучунун кызыгуусу күчөйт. Чыгармачылыкка шарт түзүү окуучунун өз алдынча долбоорлорду иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү анын билимге болгон ички умтулуусун күчөтөт. Өз алдынчалыкты колдоо үчүн мугалим окуучуга тандоо мүмкүнчүлүгүн бергенде, ал өзүнүн окуусуна жоопкерчиликтүү мамиле кыла баштайт. Ийгиликке жеткирүү үчүн жеңилден оорго карай тапшырмаларды уюштуруу окуучунун өз күчүнө ишенимин арттырат.

Тышкы стимулдар ички мотивацияны колдоочу каражат катары пайдаланылышы керек. Адилеттүү баалоо окуучунун аракетин баалоо аны окууга шыктандырат. Мактоо жана позитивдүү пикир окуучунун күч-аракетин баалоо анын өзүнө болгон ишенимин жогорулатат. Сыйлык жана стимул белгилүү жетишкендиктер үчүн сыйлык берүү мотивацияны бекемдейт. Социалдык колдоо ата-эненин жана теңтуштардын колдоосу тышкы мотивацияны күчөтөт [2]. Психологияда мотивацияны жогорулатууда максат коюунун ролу чоң.

Так жана жеткиликтүү максаттар окуучу өз мүмкүнчүлүгүнө ылайык максат койгондо, ага жетүү үчүн аракет кылат. Кыска жана узак мөөнөттүү максаттарды айкалыштыруу күнүмдүк тапшырмалар менен бирге келечектеги чоң максаттарды белгилөө мотивацияны туруктуу кылат. Кесиптик багыт берүү, окуунун келечектеги кесип менен байланышын көрсөтүү окуучуну шыктандырат. Позитивдүү эмоционалдык чөйрө түзүүдө эмоциялар мотивацияны түздөн-түз аныктайт. Жылуу жана достук атмосфера, класстагы ынтымак окуучунун окууга болгон кызыгуусун күчөтөт [1].

Стрессти азайтуу – катуу талаптар жана коркутуулар мотивацияны төмөндөтөт, ал эми түшүндүрүү жана колдоо тескерисинче шыктандырат.

